С(Кырг)
О 47

Бакы ОРОКОВ

# ЖҮРӨКТӨГҮ ОЙЛОР



Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 25975

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
О 77

**Ороков Б.**
О 77 **Жүрөктөгү ойлор.** – Б.: «Улуу тоолор», 2015. – 196 б.

ISBN 978-9967- 34-083-6

О 4702000200-15

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-34-083-6
© Ороков Б., 2015

Биринчи бөлүм

# ЖЫЙЫРМА ЖЫЛ АРТКА КАЙРЫЛЫП

# ТОГУЗ-ТОРОНУН ОРОШОН ИНСАНЫ

«Ороков Бакы деген ким?» – деп, аны көргөн-билгендерге ушундай кескин, кыска суроо коюп, алардын жооптору боюнча, Бакынын бейнесинин бараанын көрсөтөйүн деген ойго келип, бул суроомду тогузторолуктарга узатканда, **алардын бири:** «Бакы Орокович, ат жалын тартып мингени дайым көч башында келаткан мыкты, чыгаан Инсан!» – деди

**Экинчиси:** «Бакы аке, эч качан «шайланбаган башкарманын» ролунда жүргөн эмес! Ал баарын мыйзам талабынын чегинде иштеген жана жашаган азамат адам! Мен ал кишиге мыкты жетекчи катары, ага дайым сыймыктанып келем» – деп мүнөздөдү.

**Үчүнчүсү:** «Албетте. Бакы Ороков – зоболосу зор адам. Менин баамымда, Бакы аксакал турмушту өзүнчө бир «улуу университет» деп кабылдап, аны терен иликтеп, майдалап-жиликтеп үйрөнгөн таапый киши!! Ал «Алтын чөйчөктөн» чыккан алгачкы инженер!! Болгондо да жер астынан кен издеген геолог!! Өтө сабаттуу адис!! – деп баш бармагын өйдө көтөрүп койду.

**Төртүнчүсүнөн сурасам:** «Ороков Бакыны ар дайым жеңүүчүлөрдүн алдыңкы сабынан гана көрүп келем. Ишкер десең ишкер! Табышкер десең табышкер! Окумуштуу десең, турпаты илимпоздордой! Күүлөрдү таңшытып черткен залкар комузчу!! Саясаттын тишин

чагат! Ошон үчүн дайым алдыңкы катарда тургандай сезилет мага» – деп оюн жыйынтыктады.

Анан барып бешинчисине кайрылсам: «Бакыны ким тааныбайт! Ал белгилүү адам. Айрыкча, кыргыз эли үчүн тагдыр чечүүчү альтернативдүү жолду куруу долбоорундагы талашта, анын оюна каршы тургандарды жеңип, өкүмөт менен жол куруучуларды өз сунушунун тууралыгына ынандырып чыкты. Азамат адам!» – деп сөзүн бүтүрдү.

Менин оюмча жогорудагы жооптор Бакынын бейнесинин бараанын гана эмес, анын бардык адамдык турпатын да таасын мүнөздөп койду окшойт.

Ал эми Ороков Бакынын мемуардык жанрдагы бул эмгегине журналист катары, сөзсүз түрдө, бир-эки ооз сөз айтуу зарурат көрүнөт.

Мемуардык адабият кийинки мезгилде кыргыздын китеп дүйнөсүнүн басымдуу бөлүгүн түзүп баратат. Ошондон улам бир журнал бул көрүнүштү «документалдуу бум!!» – деп атаптыр. Албетте, мемуар адабияты да жеке, өздүк документалдык материалдарга негизделип жаралган басылмаларга кирет. Демек, анын адаттан тыш өзгөчөлүктөрү бар. Айталык, өзү жөнүндө өтө көтөрүңкү маанайда баяндоо «илдети» менен эч бир мемуарист оорубай койбойт!? Бул табыйгы көрүнүш. Мындан эч ким качып кутула албайт. Ал көбүнчө авторго, анын өмүр жолунун өзгөчөлүгүнө, акыры, адамдык жеке сапатына байланыштуу нерсе. Кептин баары мында жупунулукту максималдуу көрсөтүүдө турат.

Мен жогоруда эл тарабынан Ороковго берилген мүнөздөмөлөрдү кокусунан чогулткан жокмун. Анткени «Алтын Чөйчөк» аймагынын атактуу кулуну Бакы Ороковдун басып өткөн даңазалуу өмүр жолу мемуардык жанрга толук татыктуу. Анткени Бакы То-

гуз-Тородон чыккан биринчи профессионал инженер! Профессионал куруучу, бараандуу чарбакер, ийкемдүү менеджер, таланттуу экономист, шылуун бизнесмен ж.б.д.у.с.

Дагы бир өзгөчө белгилей кетчү жагдай. Айталык. Бакынын бул мемуарын адеп окуй баштаган дароо эле: «Оо эргул, өзүн-өзү өкүртө мактаган тура!?» деп туура эмес түшүнүү болбосун үчүн, автор эмнеге эле өзү жөнүндө мемуар жазууга киришти? – деген олуттуу суроого жооп издесек, анда мемуардын чыныгы максаты жана мааниси ачылат.

Тогуз-Торо өрөөнү Кыргызстандын картасында борбордук бөлүктө турат. Ал эми бул аймак өзүнүн тарыхый өнүгүүсү боюнча да, илим-билим, маданият жагынан да, эң аябагандай артта калган район болуп келген. Андай болуштун себеби, аймактын элинин жөндөмсүздүгүнөн же ашкере жалкоолугунан эмес, эң ириде, тышкы дүйнө, маданий борбор менен капиталдуу жол байланыштын дээрлик жоктуган болуп келгени баарыга маалым!

Азыркы 21-кылымда, электрондук технологиянын керемет доорунда Тогуз-Торонун магистрадуу жол артериясынан четте калуу зор трагедияга тете көрүнүш эле. Кыргыз Республикасынын бул тагдыр чечүүчү курулушу – альтернативдүү автожолдун Тогуз-Торону басып өтүшү, анын келечек тагдыры менен тикелей байланыштуу. Ал эми бул магистралдын курулушунун Тогуз-Торого жакындабай, аны алыстан айланып өтүүчү варианты бар эле.

Мына ушундай район тагдыры үчүн кооптуу мезгилде Тогуз-Торонун келечегин ойлогон, эл тагдыры үчүн жан талашып күрөшкөн, тартынбай эле айтайын, «Журт атасы» керек эле!!! Ороков Бакы ошол орошон

ролду өзүнө алып, аны эң мыкты аткарды!!! Инженер геолог жана куруучу Бакы Ороковдун түндүк-түштүк автожолунун курулушу боюнча Кыргыз Өкмөтүнө берген эң  экономикалык жагынын үнөмдүү жана ыңгайлуу сунуштары адистин компетенттүү катары кабыл алынды.

Эми бул тагдыр чечүүчү альтернативдүү жол – Ош – Жалал-Абад Казарман – Чаек – Балыкчы жолу бир-эки жылдан кийин толук кандуу иштей баштайт. Мунун өзү Тогуз-Торо элине зор өзгөрүүлөрдү алып келет. Бышыкчылыктуу райондун экономикасы республикага иштей баштайт. Мындан кыргыз эли утат! Б.Ороков өз мемуарында ушул күрөштөр тууралуу кеңири сөз болот. Аларды жазып жаткан автор өзүн өзгөчө катуу мактангандай элес калтыргандай сезилиши мүмкүн!? Бирок?чынында ал андай эмес!! Кептин ырасын айтканда Бакынын жол курушу боюнча жасаган аракеттери кандай мактасаң жарашат. Тогуз-Торо эли Бакы Ороковдун бул баа жеткис ишин зор салым катары баалашат!!!

**Тайлак АБДЫЛДАБЕКОВ,**
*КР журналисттер Союзунун мүчөсү,*
*тарыхчы, энциклопедист.*

# МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ

2005-жылы жарык көргөн «Алтын чөйчөк – ыйык бешигим» эскермемди барактап, окуп олтуруп, балалык кезимдеги турмуштун айрым оор запкысын тарткан кыйналыштуу учурларды көз алдыман өткөрсөм, улгайган учурумда деле, убакытты бекер өткөрбөй, иш менен алектене бергенди күнүмдүк жашоодо адат кылып, эмнегедир, мезгил агымына жараша түйшөлө берем. Жаш мезгилимде өндүрүштүк иштер менен алектенип жүрүп, күндүн кандай өтүп кеткенин деле билбей калаар элем. Азыркы мезгилдеги жашоодо өзүң менен өзүң болуп, коомдун өнүгүү процессиндеги ар кандай тармактарда эмнелер болуп жатканын дайыма радио-телекөрсөтүүдөн маалымат алып жаткандан улам, ошолорго жекече көз караштa болуп, өз оюнду сунуштаганга ылайыктуу орун таба албай, кыжалат боло берүүчү болдум.

Жалпы кыргыз элинин келечеги үчүн жасалып жаткан айрым стратегиялык экономикалык саясатка тикеден-тике аралашпасам дагы, айрым бир биздин райондун-аймактык кызыкчылыгын көздөгөн, келечекте глобалдык чоң стратегиялык тарыхта кала турган иш чаралардан сыртта калбай, ага жакындан кийлигишип, ал боюнча басма сөз аркылуу сунуш менен кайрылып, Республиканын Президентине, КР Өкмөтүнө, Жогорку Кеңештин депутаттарына чейин жолугуп, билдиргенге аракет жасай бериш менин адатым болуп калган.

Элдин кызыкчылыгын алдын-ала көзөмөлдөп, аны аткаруу үчүн жогорку жакка кайрылып, кийлигише турган элдин арасында тынчы кетип, күйүп-бышкан

адамдар менин байкашымча, анчалык деле байкалбайт. Райондун элинин кызыкчылыгы үчүн тикелей жаны күйгөн, жүрөгүндөгү кайнаган маселелер жөнүндө жогорку органдарга билдирип, анын оң жагына чечилишин көздөй албаган, далалат жасабаган адамдардын болбогонуна айрым учурда өзүмчө капа да боло берем. Кой, андан көрө райондун учурдагы жетекчисине кайрылайын, түздөн-түз Мамлекеттин башчысына – Президентке, Өкмөттүн башчысына баралы, кат менен сураналы, гезит аркылуу кайрылып, колдоо издейли деп, кээ бир чоңдордун тынчын алып, аракеттенүүнү өзүмө милдет катары тутуп, иш кылып алуучумун. Мындай аракетти алдын-ала өз учурунда жасай албай калсаң, кеч болуп, ойлогон ой-максатың иш жүзүнө ашпай калаары шексиз. Ал үчүн коюла турган маселенин тууралыгына далил болгон ар кандай фактыларды, аргументтерди келтирип, өтүнүчтөрдү, даттанууларды сунуштаган каттарды жазып, республикадагы гезиттердин редакторлоруна, айрым жазуучуларга жана жооптуу мамлекеттик кызматтардагы тиешеси бар жетекчилерге кайрылып, коюлган маселенин чечилишине тынбай аракет жасай берүүчү болдум. Райондун эли үчүн керек болгон учурда жанаша жашаган областтын жетекчилерине, губернаторлоруна жолугуп сүйлөшүп, элибиздин көйгөйлүү маселелеринин чечилишине, алардын колдоосу көмөкчү болушун түшүндүрүп, сураныч менен кайрылып, алардын Мамлекеттик Жогорку бийликтеги кеңештерине катышкан учурунда жактап сүйлөп коюларын сурануучумун. Алар менин пикир-сунуштарымдын тууралыгына ынанышып, аны колдой турганына убадаларын беришчү эле. Ошентип, 2005-2013-жылдар аралагында, эс алуу мезгилимдеги эл үчүн жасаган иш-аракеттеримдин орчундууларын эске алып, келечектеги жаштарга жана окурмандарга айтып коюну парзым катары ушул эскермени жазууга туура келди.

*Автордон*

# «КУМТӨР ОПЕРЕЙТИНГ» КОМПАНИЯСЫНЫН ТОГУЗ-ТОРОГО ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Ысык-Көлдөгү алтын өндүргөн «Кумтөр оперейтинг» компаниясынын цианид уулу заты жүктөлгөн автомашинасы 2009-жылы, Жети-Өгүз районундагы көпүрөдөн авария болгону белгилүү. Агын суулардын ууланышынан жабыр тарткан эл Кумтөр кенине жүк ташыган автомашиналарга бөгөт коюп, бир нече күн бою токтотушуп, жолдуу бууп таштаган. Компаниянын экологияга келтирген зыяндарды калыбына келтирүү жана ошону менен катар дайыма райондун социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүп, жакшыртуу үчүн кайсы бир өлчөмдөгү процентте акчалай төлөм берип туруну талап кылган пикет, митинг ж.б. элдик жыйындар өтүп жатты.

Ошондой наарызычылык иш чаралардын натыйжасында компания ай сайын бир пайыз өлчөмдөгү өндүрүлгөн алтынды сатуудан түшкөн кирешесинен Жети-Өгүз районунун жалпы элине берип турууга чечим кабыл алынганынан такай кабардар болуп турган элек. Ошол себептен, «эмне үчүн биздин райондун эли андай мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланбашы керек»? деген суроо туулду. Себеби, деги эле биздеги Макмал алтын комбинатынын районубуздун социалдык-экономикалык абалына көзгө көрүнөөрлүк жардамы болбой жаткан эле.

Ал учурда, Жогорку Кеңештен чыккан мыйзамга ылайык алтын өндүрүүдөн түшкөн пайдадан 35%тин жергиликтүү бюджетке калтырып, калган 65%ти Республикалык бюджетке чегерилип туруучу. Жергиликтүү бюджеттен (35%) районго-8-10% бөлүгүн калган бөлүгүн 90%тин область өзүнүн кызыкчылыктарына жумшоого пайдаланып келген. Ошол мезгилде комбинат рентабелдүү иштеп, жылына бир тоннага чейин алтын өндүрүп, ири суммадагы киреше алып турган. Жогорудагыдай районго үлүш эң аз өлчөмдө болуп финансалык толук колдоо болбогонунан, райондун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга мүмкүнчүлүк болбой, жалпы эл жакырлана баштаган.

Ал эми, «Кыргызалтындын» жетекчилери, айрыкча, Дастан Сарыгулов дайыма сүйлөгөн сөзүндө: «Биз Республиканын бюджетине чоң суммадагы (кирешенин 65%) акча каражатын жана салыктардын түрү боюнча дагы которуп берип жатабыз. Силер, райондун эли республиканын жогорку башкаруу уюмдарына өзүңөр маселе коюп, биз берип жаткан акча каражаттан керек болгон сумманы бөлдүрүп алууга аракет жасагыла. Биз тикелей финансалык жардам бере албайбыз. Силердин аймактан комбинатта 50-60% ке жакын жергиликтүү жумушчу кадрлар иштеп, айлык алып, үй-бүлөсүн багып жатпайбы» деген шылтоолорду бетине кармап, деги эле районго жардам берейин деген ниети жок болуучу. Кай бир жылдары өндүрүштө узак иштеп, убакыты жетип, керектен чыга турган эски трактор, жүкташуучу автомашина, жеңил автомашиналарын ж.б. жараксыз техникаларын беримиш болуп, элди алдап келген.

Кыргызстандагы алтын өнөр жайы өнүккөн райондун борбору Казарман айылынын көчөлөрүндөгү жолдун абалы, элдин таза суу менен камсыз болушу,

ошондой эле, калкты тейлөө мекемелеринин имараттарынын жалпы абалы начарлагандан начарлап, кыйын акыбалга жеткен.

Райондогу жооптуу кызматта иштеп жаткан атуулдары чогулуп, кеңешип, учурдагы көйгөйлүү маселелерди чечиш үчүн борборго барышыбыз керек болду. Ал үчүн райондук администрациясынын башчысы К.Тилекеев менен кеңешип, макулдашып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө райондун жалпы социалдык акыбалын түшүндүрүп, аны жакшыртуунун чукул чараларын көрүү үчүн атайын делегация барышыбыз керек деген маселе менен: Масиров Шакирет – рай- кеңештин төрагасы, Ороков Бакы – өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер, Көчөрбаев Сапарбек – райондук «Жеңиш Туусу» газетасынын редактору, Кодоев Аруун-райондук салык испекциясынын башчысы болуп, Бишкекке 1997-жылдын 3-декабрында жөнөп кеттик. 4-декабрь күнү Премьер-Министрдин орунбасары Мира Жангарачеванын кабыл алуусунда айрым Өкмөт мүчөлөрүнүн жана министрликтердин, Республикалык уюмдардын жетекчилеринин орун басарларынын катышуусунда биздин койгон маселелелер талкууланды. М. Жагарачева: «маселелер абдан орчундуу экен. Ошондуктан, мен бул көйгөйлүү талап сунуштарыңарды КР Өкмөтүнүн Премьер Министри Апас Жумагуловко толугу менен жеткиремин жана анын өзүн силерди кабыл алып чечишин өтүнөмүн» деп сөзүн жыйынтыктады.

Ушул жерден М. Жангарачеванын кабыл алуусунда биздин койгон маселелерди талкуулап жаткан учурда, катышкан министрликтин жана ведомстволордун жетекчилери өзүлөрү катышпай, алардын орун басарлары келип катышкан болучу. Сүйлөшүүлөрдүн артында алар, Министрлер өзүлөрү талкууга катышып, чечиш-

песе, биз мындай орчундуу көйгөйлүү сунуш-талаптарды канааттандырып чечкенге кудуретибиз жетпейт. Ошондуктан, биринчи жетекчилер-министрлер өзүлөрү катышып, жыйынтык чыгарышканы туура болот деген ойлорун айтышкан!

Тогуз-Тородон чогулган өкүлдөр райондун жалпы социалдык абалынын начарлап бара жатканынан улам Кыргыз Өкмөтүнө барганы жатыптыр деген кабарды «Кыргызалтындын»Президенти Дастан Сарыгулов Комбинаттын жетекчилери аркылуу билген болуш керек, ал чукул Казарманга-Комбинатка жөнөп кетет. Анткени, биз тараптан коюла турган талаптардын эң орчундуусу «Кыргызалтынга» тиешелүү болучу. Ошол себептен, ал байкап, божомолдосо керек, Өкмөттөн катуу сындааларын сезип, дароо комбинатка кетип калыптыр. Кабыл алууга «Кыргызалтындын» вице-Президенти Алмаз Жакыпов катышкан. Мен өзүмдүн сөзүмдө «Казарман айылында жашаган элдин таза суу менен камсыз болушунда 15-20 жылдан бери ремонт иши болбогондуктан 70%ке жакын колонкалары жараксыз болуп суу чыкпай калды. Ошондой эле суу түтүктөрүнүн чиригенине байланыштуу алардын дагы бир канча бөлүгүн алмаштыруу зарылчылыгын» айтып, «Кыргызалтындын» жетекчилерине доомат койгон элем. Ошондо Жакыпов жооп иретинде «Сарыгулов Тогуз-Торого комбинатка иш сапары менен кеткенин айтып келип, бүгүнкү күнү Кыргызалтынга элдин таза суу менен камсыз болуу суроо талабын чечүүдөн мурда Казармандагы Нуржайык шаарчасындагы жашаган элдин электр энергиясына болгон карызы 500 миң сомдон ашып кетти, анда негизинен биздин комбинатта иштеген жумушчу-кызматчылар жашаган болсо дагы, башка жергиликтүү Тогуз-Торолук тургундар дагы жа-

шайт. Бул карызды тез арада райондун жетекчилери кийлигишип жоюшса, ошондон кийин биз таза суу маселеси боюнча кандай жардамдарды берүүнү карайбыз» деп, доолашып калды. Ушундан улам, кабыл алуудан тарап жатканда, мен Жакыповко -«Алмаз эртең Апас Жумагуловдун кабыл алуусунда, бүгүнкүдөй энергия боюнча карыз доолап сүйлөбөгүн, жөн гана биз тараптан коюлган таза суу жөнүндөгү маселени Сарыгулов келгенден кийин, кеңешип чечүүгө аракет кылабыз»,- дегендей гана жоопту айтканың туура болот, антпесең, Өкмөт башчысынын жемелеген тилин угуп каласың» деп эскерткен элем.

Эртеси, 5-декабрда саат 10до Премьер-Министр А. Жумагуловдун кабыл алуусунда, Өкмөттүн чоң заседания залында болдук. Кеңешмеге катышкандар: М. Жангарачева – вице-премьер министр, Н. Касиев – Саламаттыкты сактоо министри, А. Абдурахманова – социалдык коргоо министри, Ж. Сатыбалдиев – Автомобиль-Транспорт министри, А. Жакыпов – «Кыргызалтын» концеринин вице-президенти, Т. Муратов- «Кыргыз аба жолдору» компаниясынын президенти, С. Молдокулов – финансы министринин орун басары.

Ошондой эле, Кыргыз Өкмөтүнүн ар тармактары боюнча бөлүмдүн башчылары ж.б. жооптуу кызматкерлери болуп, болжолу 30 га жакын адамдар катышты.

Премьер-Министр Жумагуловдун кабыл алуусунда бизди Райкеңештин төрагасы Ш. Масиров премьер-министр Жумагуловко: мени Ороков Бакы-пенсионер, Кодоев Аруун-райондук салык инспекциясынын башчысы, Көчөрбаев Сапарбек-райондук «Жеңиш Туусу» газетасынын редактору деп тааныштырды.

Андан кийин, Кыргыз Өкмөтүнө коюла турган суроо-талаптар боюнча эң оболу мага сөз берилди. Ант-

кени, биз барган делегация ар бирибиз сүйлөй бербей, бирөөбүз гана жалпы райондогу көйгөйлүү маселелер боюнча билдирүү жасап сүйлөйлү деп кеңешип макулдашып алганбыз.

**Коюлган маселелер төмөнкүлөр болучу:**

– Райондун жалпы элине бийик тоодо, алыстыкта жашагандыгы, климаттык оор шарты боюнча пенсияга жана эмгек акыга 1,45 пайыздык төлөмдүн берилиши (эки айыл өкмөтүндөгүлөргө төлөнүүчү эмес).

«Макмалалтын» комбинатынын өндүргөн алтынынан жергиликтүү бюджетке түшүп жаткан 35% кирешеден, 20% өлчөмүн райондун бюджетине чегерип берүүнү (Жалал-Абад областы кирешенин 7-8% гана районго калтырып, калган бөлүгүн областтык бюджетке алып кетүүчү). Ал кезде комбинат жакшы иштеп, ай сайын 5-6 миллион сомдон таза киреше алып турган.

– Бишкек-Казарман аба каттамын калыбына келтирип, жеңилдетилген тарифтик баада ачуу жана Үгүт-Казарман автожолунун ремонттон өткөрүүнүн финансылык булагын чечүүнү.

– Казарман айылындагы жашаган элдин таза суу менен камсыз болушундагы, суу түтүктөрүнүн эскирип, чириген жана суу алуучу колонкалардын көпчүлүгү жараксыз абалга жеткенине байланыштуу жаңылап алмаштыруу жана ремонттон өткөрүү.

– «Макмалалтын» комбинатындагы фабрикадан (ЗИФтен) иштелип чыккан уулуу заттарга байланыштуу Тагай колотундагы дамбадагы ачык көлмөдөн буланып чыккан абанын булганышын жана ошол эле колоттогу булактардан агып сыртка чыгып жаткан суулардын тазалыгын анализдеп, текшерүүдөн өткөрүү.

– Районубуздагы жалпы элдин санитардык жана медициналык абалын текшертип, жакшыртууну ка-

роо, анткени, ууланып чыккан заттарга байланыштуу ооруган адамдардын саны жылдан-жылга көбөйүп жаткандагы себеп болуп жатат.

Жогорудагы көрсөтүлгөн билдирүүнү айтып бүткөндөн кийин, Премьер Жумагулов биринчилерден болуп, А. Жакыповдун жооп беришин сурап-талап кыла баштады. Ал жообун сөзүнүн башында эле, мурунку күндөгү Жангарачеванын кабыл алуусундагы сүйлөгөн сөзүн кайталап «Макмал» комбинатынын Казармандагы Нуржайык шаарчасындагы жашоочулары 500 миң сомго электр энергиясын пайдалангандыгы үчүн карыз. Ошол карызды жоюш керек деген сөзүн баштаганда эле Жумагулов: «жолдош Жакыпов токтот сөзүңдү, бул жерге карыз доолап, өндүрө турган жерге келген эмессиң. Качан болсо, Сарыгулов баш болуп, кандай элге жардам берүүнү айтпайсыңар. Тогуз-Торонун алтынын алсаңар, пайдалансаңар жакшы, ал эми элге жардам берүү жагына келгенде эле тырышып, ар дайым тескери жоопту айтып турасыңар» деп, тилдеп ордуна тургузуп коюп, «булардын жардамынын кереги жок, өзүбүз Өкмөт тарабынан таза сууга болгон жардамды беребиз. Райондун сураганы 20 колонка жана азыраак ремонтко суу түтүктөрү керек экен, буларды өзүбүз түз камсыз кылып, жеткирип беребиз» – деп, Жакыповдун катуу каарып, жемелеп, тилдеп отургузуп койду. Бул менин кечөөкү эскерткенимди түшүнбөгөн Жакыповко сабак болду окшойт. Ошентип, Өкмөттүн кеңешмесине катышкан республиканын министрликтеринин жетекчилери Н.Касиев, А.Абдурахманова, Ж.Сатыбалдиев, Т.Муратов, С.Молдокуловдор ар кимисине коюлган тиешелүү маселелер боюнча кандай жардамдарды бериш керек экендиги боюнча оң жоопторун беришип, чукул арада аткара тургандыктарына

ишендиришти. Кеңештин жыйынтыгы боюнча атайын Өкмөттүн токтому кабыл алынды. (5-декабрь, 1997-жыл, №4/20 протоколдук жыйынтык тиркелет). (Тирк.-1.)

Ошентип, биздин суранган өтүнүчкө Премьер-Министр А.Жумагулов Өкмөттүн буйругунун негизинде «Макмалалтын» комбинатынын кирешеден түшкөн 35%тин, 50% акча каражатты райондун бюджетине калтырууну Жалал-Абад областык администрациясына тапшырган.

Буга кошумча, ошол учурдагы областын губернатору Бекболот Талгарбеков Протоколдук Өкмөттүн тапшырмасын алаары менен, мен Тогуз-Торонун жалпы социалдык абалын жакшы түшүнөмүн деп, кирешеден жергиликтүү бюджетке түшө турган 35% каражатты толугу менен 100% райондун социалдык, экономикалык абалын жакшыртууга жумшалсын деген областтык кеңештин жана администрациясынын кошмо токтомун чыгарып берген. Райондун жалпы элинин оор акыбалын түшүнүп, финансылык жактан чоң жардам бергенине Б.Талгарбековко биз райондун эли аябай ыраазы болгонбуз. Ошентип район алтындан түшкөн кирешенин 35%тик бөлүгүн толугу менен алып, экономикасын жакшыртууга сарптап жатты.

Автомобиль жана байланыш министрлиги тарабынан жалпы суммасы 2,11 миллион сом ремонт үчүн жол байланышка 1998-жылга каралып, Бишкек-Казарман аба каттамын ачып, анын тарифтик баасын Бишкек-Жалал-Абад каттамынын тарифтик баасынан ашык болбосун деген тапшырмалар ишке ашып. Бир аздан соң, самолёт Бишкектен-Казарманга каттай баштаган.

1998-жылдын январь айында Тогуз-Торо районунун элин медициналык, маданият, билим берүү, автомобиль, байланыш жана коммуналдык чарба иштерин

райондук борбордук китепкана
Инв № 25975

тейлеген ар кыл тармак боюнча адистер катышкан, чоң өкмөттүк коммиссия районго келишип, практикалык иштиктүү жардамын берип кетишкен.

Ошентип, биз барган делегация коюлган бардык маселе боюнча районго финансалык жана социялдык абалын жакшыртууга чоң жардамдарды алып, ийгиликтүү кайтканбыз. Алибетте, бизге көмөкчү болуп, туура кеңешин берип, премьер-министрдин кабыл алуусуна алып чыгып, республикалык деңгээлде талкуу болгонго чейин жеткирген Мира Жангарачевага жана маселелердин иштиктүү, оң чечилип, жардам бергендиги үчүн Апас Жумагуловго терең ыраазы болгонубузду билдиргенбиз.

Биз кийин, ушул КР Өкмөтүнө барган райондун адамдары өз ара жолугушуп калган учурда республикалык деңгээлге чейин маселе көтөрүп, аны чечкенге жетишкенибизге, өзүбүзчө ыраазы болуп эстеп, кеп кылып калаар элек. Мындай, эл үчүн жасаган ишибизди кийинки муундар окуп, билип, түшүнүп жүрүшү керек. Ушул жерде эске түшөт, бир чакан отурушта сөз кылып мактанып койгон жерибиз бар эле. Ал мындайча: Биз делегация тараптан коюлган райондун социалдык маселелерин Кыргыз Өкмөтүнө барып, толук чечип келдик. Ал эми, чарбачылыкка байланышкан жагын аким өзү барып чечип алсын деп кеп кылып мактанып койбойбузбу, райондун ошол кездеги акими Тилекеев Каныбекке бирөөлөр жеткиришиптир. Ал кипи «Силер эмне, кыйын болуп калыпсыңарбы? Мен силерди уюштуруп Өкмөткө жибербесем, силер эмнени чечип кыйратмак элеңер»? – деп мага таарыныч кылып айтканы бар эле. Кээде мактанып сүйлөп коюштун дагы орду болуш керек деп ойлоп каласың.

## ТОГУЗ-ТОРОГО АЛТЫНДАН 2% КАРАЖАТ АЛУУ

«Кумтөр оперейтинг» компаниясы Жети-Өгүздүк элдин койгон талаптарын канааттандырып алтынды сатуудан түшкөн кирешенин эсебинен 1% өлчөмдөгү акча каражатын ай сайын төлөп берүү чечимин кабыл алышып, убагында төлөп аткарып турушкан.

Ушундан улам, мени ойлонткон маселе: Жети-Өгүз элинин койгон талабын биз эмнеге койбойбуз? Биз Жети-Өгүздөгүдөй жол тосуп, пикетке чыкпай эле, эң оболу жогорку бийликке алдын-ала кайрылалы деп элге эмгеги сиңип, эл кадырлаган бир топ пенсиядагы адамдарга кеңеш салып акылдашсам алар дагы менин оюмду колдошту. Ошентип, КР Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Келдибековко, Жогорку Кеңештин депутаты, фракциянын лидери К.Ташиевке Жогорку Кеңештин экономика жана бюджеттик комитетинин төрагасы А. Жапаровго кат жолдоп жибердик. (Тиркеме №2)

Расмий маалыматтарга таянсак, 1994-2011-жылдар аралыгында Кумтөр Ысык-Көлдү өнүктүрүү фондусуна 23 млн доллардан ашык каражат которгон. Мындан сырткары, райондун элине микрокредиттик насыялоо боюнча эң төмөнкү пайыз менен 1 миллион доллар каражат караган. Ал эми, 2012-жылы Жети-Өгүз районунун жергиликтүү тургундарын колдоо үчүн 26688360 сом акча компания тарабынан бөлүнгөн.

Ушул Жогорку Кеңешке жөнөтүлгөн каттардан кийин, удаа, «Кыргыз Туусу» газетасына кайрылуу ирээтинде «Тогуз-Торону томсортпогула!» – деген темадагы макала чыгардык. («Кыргыз Туусу» 15апрель, 2011жыл, №28). (Тиркеме №3)

Жогорудагы «Кыргыз Туусуна» жарыяланган кайрылууга «Кыргызалтын» ААК башкармасынын төрагасы Артыкбаев Осмонбек «Тогуз-Торонун бюджетине 2% каражат каралууда» деген жообун газета аркылуу жиберет. Бул берген жообунда «Кыргызалтын» тарабынан республикалык бюджетке салык кодексинин беренелерине ылайык төлөмдөрүн комбинаттын өндүрүшүнө каржылануучу каражаттарын, Казармандагы (ЖКХ) турак жай чарбага жумшала турган финансалык чыгымдарын тизмелеп көрсөтөт. Ал эми, тикелей райондун социалдык обьектилерине жардам ирээтинде каржылык акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө ачык айтылбайт. **Ошондой эле, келечекте аткарыла турган пландуу, өндүрүшкө тиешелүү жумуштарды көрсөтүп койгон. Мындай жооп бизди канааттандырган жок.** (Тиркеме №3)

Биздин максат «Макмалалтын» комбинатынан өндүрүлгөн алтынды сатуудан түшкөн суммадан 1–3% ке чейинки пайыздагы акча каражат Тогуз-Торо районунун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталып, аны «Кыргызалтын» акционердик коому тарабынан ай сайын которуп берип туруу талабы болучу.

Аңгыча, май айынын орто ченинде Жогорку Кеңештин «Ата Журт» фракциясынын лидери Камчыбек Ташиев жана депутат Талант Мамытов Казарманга шайлоочулор менен жолугушканы келишти: Биздин мүдөөнү чечүү үчүн мурунку Жогорку Кеңешке жиберилген катта деле Ташиевдин ысымы көрсөтүлгөн. Бирок бул жолугушууда атайын кайрылууну Ташиевдин өз колуна тапшырдык. К.Ташиев менен ооз эки сүйлөшүүдөн кийин «ал бул маселени фракциядагы Тоо-кендерин иштетүү жана пайдалануу боюнча Жо-

горку Кеңештин комитетинде иш алып барып жаткан депутат А. Арапбаев менен бирдикте маселенин оң чечилишине аракет жасайбыз» деген убадасын берген. Биздин максат «Макмалалтын» комбинатынан өндүрүлгөн алтынды сатуудан түшкөн суммадан 3%ке чейинки пайыздагы акча каражатты Тогуз-Торо районунун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталып, аны «Кыргызалтын» акционердик коому тарабынан ай сайын которуп берип туру талабы болучу.

Көп убакыт өтпөй, Жогорку Кеңештен биздин жиберген кат боюнча иш жүрүп жатканы жөнүндө билдирүү каты келди (каттын көчүрмөсү тиркелет, тиркеме-4, 30 июнь 2011 жыл №340-02/02).

Ага удаа «Кыргыз Туусуна» жарыяланган кайрылууга Кыргыз Өкмөтүнүн аппарат жетекчисинин орун басары М. Муканбетовдун колу коюлган катты алдык. Анда деле «Кыргызалтындын» берген жообуна окшогон, жалпыланган маалыматтарды камтыган, үстүртөн жардам берүүгө ниеттенген жоопту алдык. (кат 23-май 2011 жыл, № кл 1753, тиркеме 5).

2% боюнча кайрылууга «Кыргызалтын» концернинин, жетекчиси Д. Жапаров КР Премьер-министри Ө.Т.Бабановго кат жолдойт. Анда, депутат Пирматовдун демилгеси менен Жогорку Кеңештин комитетиндеги каралган пайдалуу кендерди иштетип, алтын өндүргөн ишканалардан сатуудан түшкөн продукциядан 2% өлчөмдөгү каражат жергиликтүү бюджетке которуп берилип турулсун деген токтом кабыл алынып, бирок Президент каршы болуп, токтоп калат. Ошондуктан, «Кыргызалтын» ААК андай төлөмдү бере албайт деген жоопту билдирген. Бирок «Кыргызалтын» өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгып, Тогуз-Торо районунун социалдык жактан өнүктүрүүгө 2012-жыл-

дын апрель айынан тартып, комбинаттан алган таза кирешесинин 2% өлчөмдөгү акча каражатын берип турууга милдеттенип, ошондой эле, 2012-жылдын жаз айында Казарманда жашаган элдин үйлөрүн каптаган селге байланыштуу үй-жайсыз калган үй-бүлөлөргө жалпы 2,0 миллион сом акча каражатын кайтарымсыз жардам бергени билдирилген.

КР Премьер-Министри Ө. Бабановко «Кыргызалтын» ААКнун башчысы Д. Жапаровдун жиберген каты тиркелет. (№11-1/708 2 февраль 2012 жыл) (Тиркеме №6).

Кайрылууга Кыргыз Өкмөтүнүн аппарат жетекчиси Т. Бековдун жолдомосу финансы министри А. Жапаровго, мамлекеттик геология агенттигинин башчысы У.Ташбаевке, «Кыргызалтын» ААК башчысы Д. Жапаровго жана Жалал-Абад обладминистрация башчысы-губернатор А.Турсунбаевге макулдашылган 2% төлөм тууралуу өкмөттүн чечиминин долбоорун даярдоону тапшырган. Жалал-Абад обладминистрациясы өз демилгеси менен биздин талапты колдоп өзүнүн сунуштарын Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө жиберип турган.

Жогорудагыдай, тынымсыз жасалган аракеттердин жыйынтыгында, кайрадан экинчи жолу Жогорку Кеңештин пленардык сессиясында каралып, көпчүлүк добуш менен токтом кабыл алынып, президентке жиберилет. Бул жолкусунда дагы вето коюп, Президент кайра кайтарып жиберет.

Эмнегедир, түшүнүксүз жагдайлар болуп жатат, биринчи жолку Жогорку Кеңештин 2% төлөм жөнүндөгү токтомуна, ал учурдагы премьер-министр А. Атамбаев макул болуп, президентке жиберилген. Президент Р. Отунбаева каршы болуп, кайра кайтарат. Бул маселе

кайрадан экинчи жолу Жогорку Кеңештин депутаттарынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынып, президентке экинчи жолу жиберилген. Ал кезде А. Атамбаев президент болуп шайланып калган. Бирок жиберилген токтомго Атамбаевдин дагы каршы болгону түшүнүксүз болду.

Эгерде, Жогорку Кеңештин эки жолку чечимине Президент тарабынан колдоого алынбай, каршылык болгон учурда Жогорку Кеңештин төрагасы кол коюп, мыйзам чыгарып коюуга укуктуу экени мыйзамда айтылган. Ошол себептен Жогорку Кеңеш «2% өлчөмдөгү сатылган продукциядан жергиликтүү бюджетке ар айдын 20-числосунан кечиктирилбей которулуп берилсин» деген мыйзамы кабыл алынат.

Акыры мыйзамдын чегинде биз көтөргөн талаптардын аркасы менен алтын өндүргөн ишканалардан Алай, Ала-Бука, Чаткал райондорунун калкы дагы 2% сатуудан түшкөн каражаттан райондун социалдык абалын жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышты. (КР Жогорку Кеңешинин Мыйзамы тиркелет. 20 июнь, 2012 жыл, №89, тиркеме 7). Ошентип, биздин бир жарым жыл бою убара болгон аракетибиздин жыйынтыгы, эки жолку Президенттин кайра кайтарган каршылыгына карабай, ийгилик менен бүткөнү кубандырды.

Биз көтөргөн 2% жөнүндөгү маселени башынан аягына чейин колдоого алып, мыйзам кабыл алганга чейин, депутаттык фракциянын лидери К.Ташиевдин парламенттеги комиссиянын жетекчиси А.Арапбаевдин жана Чаткал, Ала-Бука, Алай райондорунан шайланган депутаттардын жүргүзгөн аракеттери айрыкча, белгилеп айтып кетүүгө татыктуу. Алардын Өкмөттүн талкуусунда, Жогорку Кеңештин бир нече жолку заседаниесинде активдүү катышып, өз позицияларын

туруктуу сактап, эл үчүн камкордук жасаган эмгеги баалоого татыктуу экендигин көрсөткүм келет.

Кыргыз өкмөтүнүн бир жолку заседаниесинде (Жалал-Абад обладминистрациясынын башчысынын орун басары К.Жакыпов катышкан талкуудa), ушул маселени кимдер көтөргөн болсо, абдан туура болгон. Себеби, буга кызыкдар болгон, көп жерде алтын өндүргөн ишканалар иштеп жатат. Эми, келечекте булардан дагы жергиликтүү бюджетке элге пайдасы тийе турган болду деген сөз болгондо, ошол Өкмөттүн талкууга катышып жаткан А.Жакыпов «Мен Тогуз-Торолук карыяларга рахмат айтаар элем 2% төлөм боюнча демилге көтөрүп Жогорку Кеңешке, Кыргыз Өкмөтүнө маселе коюшканынан улам болду, алар өз учурунда туура козгошкон» экен деген сөз ошол жыйынга катышкан Тогуз-Торо районунун акими-Болотбек Иманбердиевдин мага айтып бергени бар.

Дагы бир көңүлгө алып, айтып кете турган жагдай телеберүүнүн Жогорку Кеңештин заседаниесинен түз алып баруу көрсөтүүсүндө, депутат И. Пирматовдун «алтын өндүрүп сатуудан 2% менен гана чектелбестен ишкананын тапкан таза кирешесинен дагы 10% ке чейинки каражатты кошумча алып жергиликтүү бюджетке беришибиз керек деп чырлашып жатканын уккамын. Көрсө, дүйнөлүк баада алтынды сатып алуу баасы кымбаттап, күндөн-күнгө жогорулап жаткан учур эле, ошондуктан, Пирматовдун чырлашып жатканын себеби дагы, туура болгонун белгилеп кетким келет.

Жогорудагыдай келтирилген фактылар мыйзамдын туура жана ылдам кабыл алынышына түрткү болгонуна себеп болду.

Ушул мыйзамдын негизинде райондун социалдык экономикалык абалын жакшыртууга ай сайын келер-

ки айдын 20-числосунан кечиктирилбестен «Макмалалтын» комбинаты канча алтын өндүрүп сатса ошол сатуудан түшкөн кирешенин 2%ти жергиликтүү бюджетке түшүп жатканы белгилүү болуп, 2012-жылдын октябрь айынан баштап, 2014-жылдын март айына чейин 25 миллион 252 миң сом Каргалык айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн. (Райондук салык инспекциясынын маалыматы 21.02.2014-жыл, №149).

Демек, өкмөттүн жобосуна ылайык райондо «Райондун өнүктүрүү фонду» түзүлүп, ушул уюм райондун жетекчилери менен бирдикте, биринчи кезекте, борборубуз Казарман айылынын жалпы абалын жакшыртууга карата иш алып барышы зарыл.

## КУМТӨР КЕНИНДЕГИ ЭКОЛОГИЯЛЫК ЗЫЯНДЫН ТААСИРИ ЖАНА НАРЫН АЙМАГЫНА КОМПЕНСАЦИЯЛЫК ТӨЛӨМ

2012-жылдан баштап, «Кумтөр» алтын кенинин жалпы кыргыз элине тийгизген пайда-зыянын изилдөө боюнча Жогорку Кеңештин депутаты Садыр Жапаров баш болгон парламенттик комиссия иликтөө ишин жүргүзүп, аны Жогорку Кеңештин сессиясында талкуулашкан. Сессияда парламенттик комиссиянын айрым кетирген кемчиликтерин терең изилдеп, тактоо иретинде атайын өкмөттүк комиссия түзүлүп, бардык тараптан: өндүрүштүк, экологиялык, юридикалык башкаруу, кенди иштетүүдө коопсуздукту камсыз кылуу шарттарынын нормаларга туура келиши боюнча эл аралык жогорку квалификациялуу эксперттик адистерди тартып, терең изилдеп, анализдеп, текшерип чыгышкан. Жыйынтыгында, Кумтөрдөгү алтынды ылгап иш-

тетип алуу процессинде фабрикадан чыккан химиялык заттардын таштандыларынан аралашып агып түшкөн суулардан жер алдындагы, үстүндөгү булактарга кошулуп, ал суу Нарын дарыясына кошулат. Ушундан улам Ысык-Көл, Нарын областтарынын аймагында жашаган эл экологиялык зыян тийгизген таасиринен улам жабырланууга дуушар болоору анык. Ошонун себебинен Жогорку Кеңештин сессиясындагы талкууда Ысык-Көл, Нарын областтарынын элине компенсациялык төлөмдөрдү киргизиш керек деген депутаттардан сунуш түшүп, аябагандай талаш-тартыштар болду.

Андан көп узабай, өкмөттүк комиссиянын төрагасы Темир Сариевдин КТРдин саясий баяндамачысы Байма Сутенова менен болгон маегинде Жогоруда аталган эки областка экологиялык жабыр тарткан калк катарында компенсациялык бир пайыздан төлөм «Кумтөрдөн» өндүрүлгөн товардык продукциясын сатуудан түшкөн кирешесинен ай сайын берип туруу боюнча депутаттар тарабынан сунуштар түшүп комиссияда каралып жатканы жөнүндө айтканын уктум.

**Тактама катарында,** Кумтөрдөгү болгон бардык жагдайларды терең изилдеш үчүн курамы 25 адамдан турган Мамлекеттик комиссия түзүлгөн. Комиссиянын курамына Жогорку Кеңештин 8 депутаты, Өкмөт мүчөлөрү, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, коомчулуктун өкүлдөрү жана эксперттер киришкен. Кумтөр кенинде изилденип, аныкталган алтындын көлөмү 953 тонна болгон, 1997-2011-жылдар аралыгында 260 тонна алтын казылып алынган, орточо жылына 18 тоннага жакын өндүрүлүп турган. Кендеги өнөр жай калдыктары, булганыч суулар Нарын дарыясына, мөңгүлөргө, ууланую коркунучун туудуруп, алар орду толгус экологиялык кыйроого алып келүүгө жөндөмдүү экендиги

аныкталып, жалпы экологиялык 6,8 миллиард сомдук чыгым келтирген. Жер алдына кетип жаткан сульфат, кислоталар жана оор металл, нитраттар менен нефти заттарына ууланган суулар бул өрөөндө жаныбарлардын биротоло жашоого жараксыз болоору айтылган. Айрым маалыматтар боюнча, 180 миллион долларга барабар суу ресустары керектен чыгып жок кылынган. Жер кыртышынын анализин чыгарганда, техногендик булгануу өз чегинен 2ден 6,5 эсеге: мунун ичинде мышьяк -4, коргошун -3,4, кадмий -4,7, сурьма -2,8, кобальт -4,3 эсеге чейин чыгып кеткен. Жогорудагы келтирилген зыяндар Ысык-Көл, Нарын аймагында жашаган элге экологиялык чоң коркунуч алып келерин жогорку маалымат көрсөтүп жатпайбы. («Кыргыз туусу» 1-март 2013-жыл №15, «Фабула» №17, 8-март 2013-ж).

Жогорку Кеңештин пленардык заседаниясында мамлекеттик комиссиянын жүргүзгөн ишин талкуулап жатканда, Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районунан, Балыкчы шаарынан, парламенттин эшигинин алдына келип чогулган элдин ичинен өкүлчүлүк Жогорку Кеңештин заседаниясына кирип, жерибиздин «Кумтөрдөн» экологиялык зыян алып жаткандыгына байланыштуу компенсация төлөө маселесин карап, чечип берүүнү талап кылып жатышты. Алар менен катар Нарын тараптан келген өкүлчүлүктөр дагы аларга кошулуп, сунуштарын колдоп, экологиялык компенсацияга кошууну талап кылышты.

«Кумтөр» боюнча түзүлгөн комиссиянын Жогорку Кеңеште 8 ай бою жүргүзгөн ишинин отчетун угуп, талкуу жүрүп жаткан учурунан толук кабардар болуп жана комиссиянын төрагасы Т. Сариевдин Б. Сутенова менен болгон маегинен улам, экология-

лык зыяндан Тогуз-Торо районунун компенсациялык төлөмдөн сырткары калбашы керек деген бүтүмгө келдик. Жергиликтүү карыялар тобу, мен баш болгон, Дүйшөбай, Шакирет, Мелис, Окентай, Суйлайман ж.б кеңешип, өкмөттүк комиссиянын төрагасы, КР премьер-министри Ж.Сатыбалдиевке, Жогорку Кеңештин депутаттары И.Ю.Карамушкинага, Ө.Текебаевке атайын кайрылуу менен кат даярдап, райондун акими Тилек Идирисов экөөбүз Бишкекке барып, ар кимисине жолугуп, оозмо-ооз сүйлөшүп, коюлган талаптын тууралыгын түшүндүрүп, кайрылуу катты тапшырдык. Текебаевке гана жолуга албай койдук.

Карамушкина Ирина Юревнага жолукканда, биздин жолдогон каттын мазмунун айтып түшүндүргөн соң, – мен – деди ал; Тогуз-Торо районуна өткөн жайда атайын эли менен таанышып, жолугушуп сүйлөшүүдө силердин региондогу акыбалды жакшы билип, түшүнүп калганмын. Бул маселе боюнча эгерде, Нарын аймагына Кумтөрдөн компенсация төлөнө турган маселе талкууланса, мен силердин сунушту колдоп, ал сессияда сүйлөгөнгө аракет кыламын деп убадасын берген. Ошол эле күнү ушул маселе боюнча Жогорку Кеңештин отун-энергетика жана пайдалуу кендерди иштетүү боюнча комитеттин төрагасы Кожобек Рыспаев менен жолугушуп сүйлөштүк. Ал киши дагы райондун чоо-жайын жакшы билгенин айтып келип» бизге коюлган маселеңер боюнча мен дагы сессияда кубаттап сөз сүйлөймүн» деп бизди кубантты.

Жогорудагы депутаттарга жолугуп, аларга жолдогон каттарды өз колдоруна тапшыруу биз үчүн оңойолтоң болгон жок. Депутаттардын жардамчылары аркылуу Сессиянын тыныгуу убагында араң жолугуп, каттарды тапшырдык. (Ал каттардын түпнускасы тиркелет.) Тиркеме 8, 9.

Бирок, бир аз убакыт өткөндөн кийин, Жогорку Кеңештин пленардык заседаниесинде мамлекеттик комиссиянын «Кумтөр» алтын кени боюнча маселеси талкууланып, компенсациялык төлөм жөнүндө сөз козголгондо, биз өтүнүп, суранган депутаттардын бири дагы сүйлөп, кубаттай турган убадаларын унутушуп, унчугушкан жок. Мына ошондогу, биздин капаланып, нааразы болгонубузду айтпа. Эгер, биздин айылдан бирөө депутат болуп шайланган адам алардын арасында болсо, кана? Кыйкырып, биздин таламды талашып чыкпайт беле, мына элибизден бирөө-жарымы сурулуп чыгып, депутаттык орунду ээлең ала албагандыгы. Бул биздин жалпы кемчилигибиз? Бирок бизге окшогон кичине, чакан эл жашаган, жаратылыш шарты оор эң алыскы райондорго бирден өкүлчүлүк катары депутаттык орунга квота бөлүп, мүмкүнчүлүк берип койбогондук-Конституцияга киргизилбей, ката кетирилген. Бул деген саясатчы авторлордун кечиримсиз күнөөлөрү деп ойлойсуң.

Советтик доордо райондорго (1993-жылга чейин) 2 депутаттык орун бөлүнүп берилип, депутат болуп шайланышы менен калктын көйгөйлүү маселелери республикалык жогорку уюмдарга чейин коюлуп, алардын аткарылышы көзөмөлгө алынып туруулучу.

Компенсациялык төлөм боюнча парламенттик комиссиянын отчетун угуп, талкуу болгондо, негизинен «Кумтөр» компаниясынын мурунку өткөн жылдардагы түзүлгөн келишимдердин биздин мамлекетке пайдасыз болгон беренелерин талдап, келтирилген экологиялык зыяндарын эсептеп, аларды калыбына келтирүүгө сарптала турган чыгымдарын тактап, компаниянын башкаруу структурасын кайрадан карап чыгып, жөнгө салуу ж.б келишимдеги өлкөнүн кызыкчылыгы сак-

талбаган пункттарын эске алып, парламент мурунку түзүлгөн келишимдерди жокко чыгарууга багытталган жыйынтыкка келишти. Талкуудагы Ысык– Көл, Нарын областтарынын калкына алтын өндүрүүдөн жаратылышка келтирилген экологиялык зыяндары үчүн компенсация катарында пайыздык өлчөмдөгү акча каражаттарын төлөп берүүсү такталбай, көтөрүлгөн маселе аягына чыкпай калды. Өкмөттүк комиссия кайрадан дагы бир жолу бардык коюлган талаптарды «Центрргольд» компаниясынын жетекчилери менен талкуулап, жыйынтык чыгаруу үчүн үч айлык убакытты суранып, уруксат алып, аягына чыга турган болду. Кыскартып айтканда, Кумтөр маселеси аягына чыкпай, көтөрүлгөн компенсациялык төлөм талкууланган боюнча чечим кабыл алынбай кала берди. Бирок биз аракетибизди уланта беребиз...

## ПРЕМЬЕР-МИНИСТР ЖАНТӨРӨ САТЫБАЛДИЕВДИН ТОГУЗ-ТОРОГО ИШ САПАРЫ

2013-жылдын 18-апрелинде, КРнын премьер-министри Жантөрө Жолдошович Сатыбалдиев иш сапары менен Тогуз-Торого келип, жалпы эл менен жолугуу өткөрүп, райондогу болуп жаткан көйгөйлүү маселелерин козгогон элдин сунуштарын, талаптарын угуп, аларга карата аткара турган чаралары боюнча ойлорун ортого салды. Ошол жолугушууда премьер-министрден кийин, мага сөз берилди:

– Жантөрө Жолдошович! Биздин элге атайын иш сапарыңыз менен келип, айрым көйгөйлүү маселелерди жеринен таанышып көрүп, чечип берүү максатын

көздөп келген болсоңуз керек, силер менен кошо келишкен республиканын негизги тармактарын жетектеген өнөр жай, айыл чарба, МЧС, алтын өнөр жайы, айлана-чөйрөнү коргоо, транспорт жана байланыш ж.б министрликтердин жетекчилеринин ушул жолугушууга катышып жаткандыгына байланыштуу алдын-ала ыраазычылык билдиремин.

Президент А. Атамбаев жана сиз башында турган Кыргыз Өкмөтү биргелешип, Кыргыз Республикасынын түндүгү менен түштүгүн байланыштырып, жайыкышы үзгүлтүксүз каттам болуп тургандай, темир жолунун, автомобиль жолунун курулуштары курула турган трассалар Тогуз-Торо районунун калкын аралап өтүп жаткан вариантты туура деген демилге көтөрүп, иш алып бара жатканыңар бизди абдан кубандырат жана биз аны толук кубаттайбыз.

Мен бул жолугушууда, төмөндөгүдөй маселелерге көңүлүңүздү бурар элем, алар төмөндөгүчө:

1. «Макмалалтын» комбинаты өндүргөн алтынды сатуудан түшкөн 2% өлчөмдөгү акча каражатты райондун социалдык-экономикалык өнүктүрүү багытына жумшалсын деген Жогорку Кеңештин мыйзамы чыккан. Жергиликтүү бюджетке чегерүүнүн тартиби мыйзамда Кыргыз Өкмөтүнө тапшырылган. Андан бери, бир топ убакыт өттү, ушул күнгө чейин андай документти ала албай жатабыз.

Ошол Жергиликтүү бюджетке түшө турган каражатын эсебинен биринчи кезекте Казарман айылынын жалпы абалын, көчөлөрүн, түзүлгөн долбоордун негизинде асфальт төшөп, жаңылап тартипке келтирсек. Ал үчүн Тогуз-Торо районун өнүктүрүү фондун түзсөк, каражатты ушул фондко түшүрүп, атайын курулушка тиешелүү материалдарды жасай турган чакан ишкана-

ларды ачсак. Алар бардюр, кооздолгон кичинекей плиталар, арыктарга төшөлө турган плита ж.б курулушка керектүү буюмдарды жасашмак. Ошондуктан, өкмөт тиешелүү документти тезирээк чыгарып берүүнү ылдамдатса. Андан башка, курулушка абдан керек бульдозер жана жүк ташыгыч машина бөлүп берүүгө жардам берүүңүздү өтүнөт элем.

2. Эң орчундуу маселе, «Кумтөр» алтын кенинен иштелип чыккан уулуу заттардын калдыктарынан Нарын дарыясынын булганып, элге тийгизген зыянына байланыштуу Ысык-Көл, Нарын областтарынын аймагында жашаган элге компенсация төлөө маселеси парламентте каралып жатат. Бул компенсацияга Тогуз-Торонун эли дагы сыртта калбай кириши керек, себеби, райондогу калктын 80% ке жакыны Нарын дарыясынын жээгинде жашап, ал суудан сугат иштерине пайдаланышат. Аны бүгүн өзүңүз дагы баамдап көргөн болушуңуз керек. Мисалы: Жырма-Казарман каналынан Казарман айылынын бүткүл жашоочулары, Ленин айыл өкмөтүнүн жана наркы өйүздөгү Кара-суу (Киров) айылынын жашоочулары сугат иштерине пайдаланышат. Буларды бүгүн өзүңүз кыдырганда көрүп чыккандырсыз.

3. «Макмалалтын» комбинатынын жылдан-жылга иши, начарлап бара жатат. Комбинат иштей баштаганда, жылына 2 тоннага чейин алтын өндүрүп баштаган болсо, бул күндө 30,0– 40,0 кг араң өндүрүп жатат. Жыл ичинде, айрым учурда бир ай, эки айлап токтоп туруп калган учурга жетти. Комбинаттын стабилдүү, дурусурак иштеши үчүн «Кылдоо» участогунда геологиялык чалгындоо иштерин чукул арада жүргүзүп, бүткөрүү керек. Бул иш ордунан жылбай жатат. Себеби, республикадагы айлана-чөйрөнү коргоо агент-

тиги тарабынан тоскоолдуктар болуп, геологиялык изилдөөлөр токтоп турат.

4. Райондо «Панд-Шер» ишканасы Миң-Теке, Көк-Кыя көмүр кендерин изилдеп, элди арзан көмүр менен камсыз кылуу үчүн, геологиялык изилдөө иштерин жүргүзүп, көмүр ташый турган жолдорду оңдоп куруп, көпүрөлөрдү салган, буга дагы айлана-чөйрөнү коргоо агенттиги тарабынан Көк-Кыя кени боюнча алынган лицензиянын мөөнөтүнүн узартылышы бир жылдан бери кармалып, чечилбей жатат. Жогорудагы аталган кендер тууралуу тийиштүү материалдар экономика министрлиги аркылуу өкмөткө жиберилген. Негедир, эмне себептен кармалып жатканы белгисиз.

5. «Кыргызалтын» концерни жөнүндө... Жантөрө Сатыбалдиевич! «Кыргызалтын» атына жараша иштей албай жатат. Толук кандуу иш болушу үчүн Кыргыз Өкмөтү Мамлекеттик Стратегиялык Программа иштеп чыгуу зарыл. Программада Кыргызстандагы «Жерүй», «Андаш», «Чаткал», «Тереккан», «Терек-Сай» Чүйдөгү, Алайдагы алтын кендерди бириктирген Кубаттуу Мамлекеттик Министрликке айланган Тоо-Кен Өнөр жай министрлигин түзүү керек. Ошондо гана алтын өндүрүү өндүрүшү кыргыз элине чоң киреше алып келе турган мамлекеттик күчтүү орган боло алат.

Мындай министрликти түзө албасак, анда, «Кыргызалтын» концернин жоюш керек, жалгыз «Макмалалтын» комбинатынын мойнуна мингизип койбой. Ал эми, алтын өндүргөн ишканаларга өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек. Мисалы, «Макмалалтын» комбинаты өз алдынча иштеп кетүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде, Кыргыз Өкмөтү жогорудагыдай кубаттуу алтын өндүрүүчү мамлекеттик уюмду түзүүгө жетишсе, анда республикада өз деңгээлинде,

толук кандуу иш алып бара турган жогорку квалификациядагы өндүрүштүк чоң тажрыйбасы бар кадрлар жетиштүү. Жөн эле, тааныштык аркылуу адистиги туура келбеген гуманитардык билими бар, саясатка аралашкан ар кандай адамдарды коё бербей, профессионал адистерге басым жасап иш алып баруу зарыл экендигин эстен чыгарбасак.

Көп жылдан бери, Кыргызстандагы тоо-кен байлыктарын иштетүүнү өз деңгээлинде иш алып барууга көп жылдык иш тажрыйбасы бар, жогорку квалификациялуу, каныккан адис, тоо-инженери Орозбек Дүйшеев бир нече жолу республикалык жыйындарда, кеңешмелерде, телеберүүлөрдө Өкмөткө, Президентке кайрылып, тоо-кен өнөр жай тармагында жетекчи кызматтарда адистиги туура келбеген, ылайыксыз кыйыр адамдар иштеп, жыйынтык болбой жатканын такай айтып келет. Мисалы: Кыргыз мамлекеттик геология жана минералдык ресустар агенттигинде кийинки төрт жылда, төрт жетекчи алмашкан: К.Курманалиев-геолог, Эсенаманов-эт боюнча инженер, Ташбаев-экономист. Ал эми, «Кыргызалтын» концернинин жетекчилери – Д.Сарыгулов коммуналдык чарба адиси, Кудайбергенов, О. Артыкбаев, Д.Жапаров тоо кен тармагына эч байланышпаган адистер экени белгилүү.

Ошондуктан, биринчи кезекте, тоо-кен тармагынын жетекчи кызматына атайын билимдүү, өндүрүштүк бай практикалык тажрыйбасы бар кадрларды тандап коюу керек. Антпесек, атайын адистиги жок, жогорудагыдай жетекчи кадрлардын бат-бат алмашканынан жыйынтык чыкпай ошонунун кесепетинен, эң бай кирешелүү тоо-кен тармагы алсырап, экономикалык көздөгөн максатына жетпей калып жатпайбы.

# АЛТЫН-ЧӨЙЧӨКТҮН КУТМАНДАРЫ

Пенсияга чыккандан кийин, карамaнча, бекер отуруп калбайт экенсиң. Мурдагы чарбалык жоопту̇у кызматты аркалап көнгөн адам жаш улгайганда деле, коомдо болуп жаткан ар кандай терс көрүнүштү талдай берип, түйшүк тартып кыйнала берет экенсиң.

Анан калса, телевизор, радиону эртели-кеч эрмек кылып, көбүрөөк угуп, көрө бересиң. Ошентип дүйнөлүк болуп жаткан ар кандай жаңылыктар менен кабардар болуп ал эми өзүбүздүн өлкө ичиндеги, ар кайсы жердеги бийликке карата элдин наразычылыгы, пикет, акция, жолду бууп-тосмой сыяктуу терс көрүнүштөр жөнүндөгү информацияны алып жатып, ага кайдыгер карай албайсың.

Андан да төө өркөч турмуштагы болуп жаткан жат көрүнүштөргө өзүлөрүнүн ой-пикирин ортого салып, талдай турган адамдарга муктаж болуп, аларды издей баштайт экенсиң. Ушундан улам, убагында районубуздун аймагында ар кандай деңгээлдеги жетекчи жана жоопту кызматтарда иштешип, элибиз сыйлап, кадыр-баркка ээ болушкан эмгектин ардагерлери: Дүйшөбай Мамбетжанов, Мелис Мокеев, Окентай Жусубалиев, Шакирет Масиров, Рыскул Бобукеев, Биймырза Бектенов, Сулайман Төрөбеков ж.б. жолугушуп, сүйлөшүп, айыл арасындагы, деги эле кыргыз жериндеги окуялар боюнча уккан, билгенибизди ортого салып, аңгеме куруп калабыз.

Кокус, айылыбызда көйгөйлүү маселе болсо, анда аны чечүүгө жогорку бийлик органдарына кайрылууга туура келет экен. Ошондой шартта ардагерлер атайын борборго жолдомо кат даярдап, аны бийликтин жогорку жетекчилерине жолугуп, тапшырууга мага

кеңештерин беришет эле. Ошентип, биз ардагер карылар тынч жатып албай, атайын кайрылуу каттарды даярдап, борбордогу министрликтерге, депутаттарга ж.б. бийлик органдарына жеткирип, алардан жооп күтө берүүчүбүз. Эгерде кечигип, жооп узара баштаса, телефон аркылуу байланышып, убараланып, алардын тынчын ала турган элек. Мисалы: Өкмөткө жиберилген кайрылуу катты премьер-министр тиешелүү министрликке коюлган маселенин чечилишин талап кылып тапшырат, министр аны өзүнүн бөлүмүндөгү башкы адисине аткарууга жиберет. Биз сурамжылап, изилдеп отуруп, жиберген каттын кимде экенин, кандай жооп берерин көзөмөлгө алып, алар менен байланыш жасап, коюлган маселелердин айрым жагдайларын түшүндүрүүгө жетише алуучубуз. Мисалы: Тогуз-Тородо болбогон, аны көрбөгөн, билбеген адам кантип туура чечимге келет, андыктан, ошол маалында кошумча түшүндүрүп койсоң, жогорку жетекчилерге маселенин туура чечилишине түрткү берет.

Деги эле, республиканын жогорку бийлик органдарына болобу, депутаттарына болобу, биз тараптан коюлган көйгөйлүү маселелердин чечилиши боюнча кайрылууларды жиберген болсок, анын оң, так жообун алууга атайын барып, алардын тынчын алып, жолугушуп, айрым түшүнүксүз жагдайларды түшүндүрүп, маселени  аягына чейин көзөмөлдөсөң, жыйынтыгында, туура чечим кабыл алынышы менен бүтөт эмеспи.

Буга факты «Кыргызалтын» концерни аркылуу «Макмалдан» өндүргөн алтынды сатуудан түшкөн кирешеден Тогуз-Торо районунун социалдык инфраструктурасын өнүктүрүүгө 2% өлчөмдөгү акча каражаттын берип туруу мүдөөсүнө Жогорку  Кеңештин атайын мыйзамы кабыл алынганы күбө болот.

# КЫТАЙ – КЫРГЫЗСТАН – ӨЗБЕКСТАН ТЕМИР ЖОЛУ

Президент А. Атамбаев 2011-жылдын 28 – декабрында Жогорку Кеңештин пленардык заседаниесинде 15-20-жылдан бери Кыргызстанда темир жолун куруу жөнүндө нечелеген варианттагы ар кандай сунуштар түшүп, алар бир нече жолу талкуудан өтүп, аягына чыкпай жатканын козгогон эле. Ошол учурда кышкы жааган кардын калың түшкөнүнөн, Ош-Бишкек жана Кытайга каттоочу Эркеч-Там автомобиль жолдору улам-улам жабылып, каттам болбой 15-20 күндөп, жол техникалары кар тазалап жетише албай, элди аябай кыйнап жаткан учур эле. Ошондон улам, Президент парламентке, өкмөттүн мүчөлөрүнө жана депутаттарга кайрылуу кылган. Ошол сөз орус тилинде интернетке чыккан, аны, ошол бойдон орусча басылмасын келтирдим:

«А. Атамбаев призвал новых членов правительства решать вопрос строительства железной дороги Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан и автодороги, связывающих Юг и Север.

Дороги для государства – это как кровеносные сосуды для человека– сказал в своем обращении к новым членам правительства. Он заявил, что необходимо совместно со строительством строит и дорогу связывающих Север и Юг страны. Если будет построена железная дорога, то будет строяться и другие дороги. Если закроется автодорога Бишкек-Ош, то это очень опасно для государства. Так не должно быть. Вторая автодорога, связывающая Юг и Север страны, и железная дорога обеспечать независимость страны. Мы выиграем только от этого, не будет блокады-сказал-Президент».

Темир жол магистралын куруу жөнүндөгү КР Өкмөтүнүн алдында түзүлгөн Кыргызстан магистралдык темир жол куруунун атайын комиссисы бар эле. Алар менен байланышта болуп, келчекте Кыргызстан темир жол куруунун пландары боюнча кабардар болчумун. Тезинен бул маселенин туура багытта чечилишин Президент Атамбаевка чейин барып, Казарман аркылуу өтө турган варианттарын сунуштоону, жеткирүүнү өз ара сүйлөшүп райондун жетекчиси Б.Иманбердиев болуп Бишкекке барууну макулдаштык. Райондун акими бизди атайын кат даярдатып, Президентке бара турган комиссиянын курмын түздү.

**Комиссиянын курамы төмөндөгүдөй:**

1. Ороков Бакы – КР эмгек сиңирген куруучусу, пенсионер.

2. Мамбетжанов Дүшөбай – КР өнөр жайынын эмгек сиңирген ишмери, пенсионер.

3. Ибраимов Сапар – КР эмгек сиңирген врач, пенсионер.

4. Масиров Шакирет – мурунку райкеңештин төрагасы, пенсионер.

5. Мокеев Мелис – эмгектин ардагери, пенсионер.

6. Жусубалиев Окентай – эмгектин ардагери, пенсионер.

7. Бектенов Биймурза – мурунку райаким, «Макмал» алтын комбинатынын директорунун орун басары.

21-январда төртөөбүз Бишкекке (аким – Б.Иманбердиев, мен Б.Ороков, Д.Мамбетжанов, С.Ибраимов) жөнөп кеттик. (Президентке жазылган кат тиркелет, тиркеме -13).

23-январда аким президенттин аппаратынын жооптуу кызматкери Сасыкулов Максат менен сүйлөшүп,

ал аппараттын жетекчиси Ж. Сатыбалдиев аркылуу Президент А. Атамбаевке Тогуз-Тородон атайын делегация келгени тууралуу айтылат, кайсы күнү, кайсы убакта кабыл алуусу дайын болгондо, кошумча кабарлайбыз деп айттырыптыр. Эртеси түшкө жакын, саат 4-00 Президент А. Атамбаевдин кабыл алуусунда боло турганыбызды кабарлады. Биз белгиленген убакыттан бир аз мурда Ак үйгө чогулуп күтүп турсак, «бүгүн чет өлкөдөн келген атайын жооптуу адамдардан колум бошобой калды. Тогуз-Торолук жолдоштор мага таарынып капа болушпасын, күтүүсүздөн ушундай шарт болуп калды. Жазда атайын районго өзүм барып, суроо-талаптарыңарды жеринен көрүп, таанышып чечип берүүгө убада беремин» деп айтыптыр. Аппараттын жетекчиси Ж. Сатыбалдиевдин койгон маселеге карата тиешеси бар, ошон үчүн министрликтин жетекчилерин катыштырып кабыл алып, сүйлөшүүсүн тапшырды деп айтылганын аким бизге айтып, баарыбыз аппараттын жетекчисинин кабыл алуусун күтүп калдык. Белгиленген убакыттан бир аз өткөндөн кийин, Сатыбалдиев бизди кабинетинде кабыл алды.

Аким – Б. Иманбердиев аппарат башчыга ар бирибизди тааныштырып бүткөндөн соң, Президентке жолдогон кайрылуу каттын түшүндүрмөсүн айтып берүү үчүн мага сөз берди.

– Мындан 6-7-жыл мурун эле, А. Акаевдин учурунда, Кыргызстанда темир жол салуунун зарылчылыгы бар экендиги боюнча 7-8 варианттагы түндүк менен түштүктү бириктирген, көпчүлүк эл жашаган айыл-кыштактарды аралап, изилденген кең байлыктарга жакын өтүп, келечекте алар ишке кирип, республиканын экономикасынын өнүгүшүнө чоң салым кошо турган жол болушу керек экендигин айтып келип, атайын

Кыргызстандын картасына түшүрүлгөн темир жолдун курула турган ылайыктуу магистралын көрсөттүм. Кытай темир жолун Торугарттан нары көздөй, Кыргызстан өзүнүн аймагынан, Өзбекстандын Кара-Суу станциясына чейинки аралыктан кандай өткөрүшөт, өзүлөрү талдап көрүшсүн, бизге салынган жол аркылуу транзиттик жүктөр ылдам, тездикте өтүп турушу керек, деп айткан кытайлыктардын ойлорун жакшы билүүчүбүз. Негизги темир жол салуунун демилгечиси азыркы учурда Кытай тарапта эмеспи. Жылдан-жылга, кийинки мезгилде алардын экономикасы тез өнүгүп, өндүрүлгөн арзан товарларын дүйнөлүк Европа, Азиядагы рынокторго чыгарып, экспорттоо маселеси учурдун талабы болуп жатканы белгилүү болучу. Ошонун себебинен Кытайдын бул демилгесин Президент колдоого алып, келечекте биз үчүн дагы экономикалык, социалдык жактан өсүп-өнүгүүбүзгө түрткү берет деген ишеничтери пайда болгон. Өткөндөгү, А. Акаев учурундагы 6 варианттын үчөө Казарман аркылуу өтө турганы каралган болучу, алар: биринчи – Жалал-Абад – Казарман-Көк-Арт – Айры-Таш-Ала-Бука – Арпа-Торугарт, бул жерден Көк-Арт-Казарман-Айры-Таш-Ала-Бука суусунун жээгине чейин – Айры-Таш, Көк-Мойнок ашуусунан туннель аркылуу тешип өтүү кыйын болмок.

Экинчиси: Жалал-Абад-Көк-Арт-Казарман-Нарын суусун бойлой Үгүткө чейин барып, андан Ала-Бука суусун жээктеп, Арпа аркылуу Торугартка чыкмак. **Бул биздин сунуштай турган вариант.**

Үчүнчү вариант – Андижан-Жалал-Абад-Өзгөн Жазы-Арпа-Торугарт болуп каралган. Бул дагы абдан рельефи татаал, климаттык шарты абдан оор, ээн талаа, ашуулары арбын, тоскоолдуктары көп, туннелдер, көпүрөлөр көп салынмак.

Ушул үч варианттагы темир жол магистралдарынын ичинен Жалал-Абад-Көк-Арт– Казарман Үгүт-Ала-Бука суусун бойлой Арпа-Торугартка чыгуу ыңгайлуу болуучу.

Ал эми, Үгүттөн Соң-Көл аркылуу, Каракече-Чаек-Кочкор-Балыкчы аркылуу салына турган темир жолубуз дагы автомобиль жолу менен катар үзгүлтүксүз байланыштагы каттам болуп калмакчы.

Ошентип биз сунуштаган магистрал салыштырмалуу башкаларга караганда бир кыйла өзүнө турган наркы арзан, жайы-кышы менен каттамы үзүлбөй, эң негизгиси айыл-кыштактарды аралап өтүп, келечектеги жол каттамында курула турган инфраструктураларга керек болучу жумушчу күчү менен камсыз болуп, жергиликтүү эл жакырчылыктан чыгууга мүмкүнчүлүктөрү болмок. Анан дагы, деги эле, байыртан жол куруу үчүн долбоорду кабыл алууда инженердик ой жүгүртүү биринчи кезекте аккан суу, дарыялардын бойлору, көлдөрдүн жээктерин бойлой салыныш керектиги эске алынуучу экен.

Мындан 70-жыл мурун, Ата-Мекендик согуштун алдында, 1939-1940-жылдары Кыргызстанда түндүк менен түштүктүн жол байланышы катары автомобиль жолун казып, салып жаткан учурда Жалал-Абад менен Казармандын ортосуна Көк-Арт ашуусу аркылуу араба менен каттап, жол салынып бүткөнү калганда, согуш чыгып, токтоп калыптыр. Жол менен кошо жердин алдынан телефон, радио байланыштары боло турган, бир нече зымдын сыртынан оролгон кабелдин бар экенин, казып көргөндөрүн жергиликтүү адамдар айтышчу. Ошентип, Казармандан Ак– Союлдун колоту аркылуу, Дөдөмөлдөн өтүп, Чамынды ашуусун ашып Жумгал-Кочкор-Балыкчы жолу салынып бүтмөк экен.

Ошентип, Президент А. Атамбаевдин жаңы жыл алдында парламентте сүйлөп, түндүк-түштүктү бириктире турган айлампа темир жолун дагы, автомобиль жолун дагы айныксыз курууга чакырган сөзүнөн улам, биз Тогуз-Торо калкынын атынан Президентке алдын-ала оюбузду билдирип, келечекте туура чечим кабыл алынышына көмөкчү бололу деген сунуш менен атайын келгенбиз, деген түшүндүрмөнү айтып бүтүп, Кыргызстандын картасына түшүрүлгөн божомол магистралды көрсөттүм. Сатыбалдиев картадагы жолдун схемасын карап, башын ийкеп, ушул туура го дегендей мүнөздө угуп олтурду. Кеңешмеге катышып отургандар дагы тунжурап, бир топко чейин, унчукпай отуруп калдык. Бир маалда, мен Жантөрө Жолдошовичке кайрылдым. Кеңешмеге келгендердин баары үн катпай тынч олтурушат, булар менин айткандарыма макул болушуп жатабы? Эмне үчүн суроо беришпейт же болбосо биз сунуштаган вариантты жакшы билишет го десем, Жантөрө жок булардын баары, жаңы ишке киришип, иштеп жаткан адамдар, буларга караганда, Бакы аке, Сиз айтып жаткан магистралды мен жакшы билемин, себеби: мен автомобиль транспорту жана коммуникация министри болуп иштеп турганда, Тогуз-Торого чейинки, андан наркы Нарын тарапка чейинки жолдорду көргөмүн, жакшы билемин. Ошон үчүн Президенттин колу бошобой калып, сиздерди жол маселеси боюнча менин кабыл алуумда болушуңарды мага тапшырганынын жөнү ушундан улам болду деди. Бир аз өз ара талкуу болгондон кийин Ж. Сатыбалдиев «Кыргыз жол долбоорлоо» институтунун сунуштаган мындай долбоор бар, ушуну карап көрүңүзчү деп долбоорду көрсөттү. Мен ордуман туруп, аны үстөлдүн үстүнө жайып, карап жаттым. Магистрал Кара-Суу-

Жалал-Абад-Өзгөн-Жазы-Арпа-Торугарт багыты боюнча түзүлүптүр. Картадагы өзгөчө белгилер – тоонун чокулары 4500-5000 метрге чейинки деңгээлдеги бийиктикте болгон жери көп экен, анан дагы, Жазынын ичин, Арпанын ички ойдуңдарын Орказгандын ички талаасына окшоштурдум. Анткени, кыш мезгилинде кар жааганда, коктунун ойдуңунун ичине, белдин аркы-берки бетиндеги жааган карды шамал будуң-чаң кылып, учуруп келип эле, толтура берет, ошонун кесепетинен, ошол шамалдын учуруп келип, чогулуп каткан карды «чай» деп коёт кыргызда, калыңдыгы 5 метрден ашык болуп, мелтиреген каткан муз көл сыяктуу тоңуп, катып калат. Бульдозер-трактор «чайды» – каткан карды таштак-дың жер сүзгөндөй, араң сүзүп тазалайт. Бул деген жаңы жол салат дегенге барабар болгон оор түйшүк болот.Биз Бишкекке – А. Атамбаевке барган маалда, Кытайга каттаган түштүктөгү Эркеч-Там жолу жогоруда айткандай, кардын оор жаап, жанагыдай түнкү бороондун кесепетинен чай болуп, бат тазалоого үлгүрө албай, жол каттамы 10-15-күндөп токтоп жаткан болучу. Ошондой эле, Ош-Бишкек жолу дагы кардын көп жаашынан, кар көчкүдөн – бул дагы 10-15-күндөп токтоп, жалпы түндүк-түштүк жол байланышы үзгүлтүккө учурап, элди катуу түйшүккө салып, кыйнап жаткан мезгил эле. Ошондуктан Президенттин тынчын алып, түйшөлткөн оюн биз туура түшүнүп, алдын-ала, ага келечекте курула турган жолдун туура багытын билдирүүгө келгенибизди түшүндүрүп айтып жаттык.

Президенттин аппаратынын жетекчисинде өз ара талкуу болгондон кийин, Ж. Сатыбалдиев жыйынтык сөздү Кыргызстанда түндүк-түштүктү байланыштыра турган темир жолун, автомобиль жолун куруунун за-

рыл экендигин айтып, Сиздердин сунушту мен негизинен колдоймун, бул сунушту терең изилдеп, силер аркылуу «Кыргыз автожол долбоорлоо» институтунун адистери менен бирдикте транспорт жана коммуникация министрлиги иш жүргүзсүн. Жаз мезгилинде сунушталган трассаны комиссия менен Сиздер тараптан жергиликтүү өкүлчүлүктөр, райондук администрация жеринен карап чыгып, туура чечимге келе турган аракеттерди чогуу жасайлы деп кеңешмени жыйынтыктады. (Кеңешменин протоколу тиркелет).

* * *

«Эл аралык жол Тогуз-Торо аркылуу өтсө» аттуу макала Кыргыз Республикасынын Президенти Атамбаев Алмазбек Шаршеновичке кайрылуу «Кыргыз Туусу» гезитинин январь айындагы санына чыккан болучу (газета тиркелет, 13.01.2012-жыл, № 2).

Ошентип, темир жол куруунун жана альтернатива Ош-Бишкек автомобиль жол курулушунун маршруттары боюнча биз, койгон сунуштардын негизинде транспорт жана коммуникация министрлиги бир нече вариантты карап, биринчи кезекте альтернативалуу «Түндүк-Түштүк» автомобиль жолунун маршрутун изилдей баштаган.

Транспорт министри Калыкбек Султановдун Президенттин аппарат жетекчиси Ж. Ж. Сатыбалдиевке жана Тогуз-Торо районунун тургундарына жазылган билдирүү ирээтинде катын 23-март, 2013-жылы алдык.

Ал каттын тиркемесинде баяндагандай, он эки маршрутту анализдеп, изилдөө жүргүзүп жатканын билдириптир. Анын ичинен № 11 маршруттагы жол Жалал-Абад-Казарман Сары-Кыр аркылуу өтүүчү жолдун салынышы ылайыктуу экенин көрсөткөн.

Бул Жалал-Абаддан – Казарманга чейинки жол тууралуу сөз болуп жатат. Андан ары уланып Казармандан Нарын дарыясы менен Көкөмерендин суусунун куюлушуна чейинки 52 км жол андан Аралга чейин (38+16=54 км) уланып Чаек-Кочкор – Балыкчыга жетип, түндүк-түштүк автожолунун ушул маршруту салыштырмалуу башка маршруттарга караганда, ылайыктуу деп көрсөтүлөт. Себеби: бул маршрут боюнча бир гана туннель – Көк-Арт ашуусуна салынат, ал жерден темир жол өтүүгө да ыңгайлуу болот.

Казарман-Жалал-Абад аркылуу салынган автошоссе жолун эске алсак, болгону жаңы жол Казармандан – Жумгалдан-Аралга чейинки гана Көкөмерен суусун бойлой салынып, ашууларды ашпайт, ашыкча көпүрөлөр салынбайт. Нарын дарыясына салынган Казарман– Киров көпүрөсүн пайдаланса болот, ошонун негизинде чыгым жагынан дагы үнөм болоору шексиз.

## Алпсатаров Мелисбек – КР Транспорт жана Коммуникация Министрлигинин жол башкармалыгынын башчысы

Январь айындагы президенттик аппарат жетекчиси Ж.Сатыбалдиевдеги жол тууралуу кеңешмеге министрликтин орун басары Ш. Абдылдаев жана жол башкармасынын башчысы катары М. Алпсатаров биз сунуштаган магистрал боюнча талкуулага катышкан болучу. Негедир бул жолдоштор сунуш кылынган вариантты туура деп, же каршы болгон ойлорун айтышпай, чыгып кетишкен эле. Биз ал жерде ойлогон элек, демек, бул кеңешмеге жол боюнча жооптуу адистер катары катышып жатышкандан кийин, биз сунуштаган ва-

рианткa макул болушса керек деген ой менен тынчып, кайрылуунун жообун күтүп жаттык.

Бир топ убакыт өткөндөн кийин, февраль айынын акыркы күндөрүндө Алпсатаров кечки телеберүүдөн Кыргызстанда курула турган темир жол жана авто жолу боюнча атайын билдирүү жасады. Анда, ал баягы кеңешмедеги биз сунуштаган вариант жөнүндө бир ооз сөз айтпай, ага тескери, карама-каршы Кара-Суу-Өзгөн-Жазы-Арпа-Торугарт багыттагы түндүк вариантты колдогон пикирин айтты. «Жол долборлоо институтунун» мурунку жылдардагы кытайлык жолдоштордун транзиттик ташылган жүктүн Кытайдан Кыргызстан, Өзбекстан аркылуу Европа-Азияга ылдам өтүшү керек деген концепсиялык принциптери болгон, ошону эске алганбы, бизге түшүнүксүз болуп калды.

Бул айтылган түндүк маршруту боюнча 48 чакырым туннель, 94 көпүрө салына тургандыгын белгилейт. Кытайлык эксперттердин маалыматы боюнча 1 км көпүрө – 4,7 млн АКШ доллары, 1 км туннель – 6,0 млн доллар турат. Демек, бул маршрут аябагандай көп чыгымды талап кылаарынан улам, курууга болбойт деген натыйжага келсек болот.

Кытай Республикасы кийинки жылдары ылдам темпте экономикасынын өнүккөнүнө байланыштуу, чыгарган товардык ресурстарын Европа, Азия өлкөлөрүнө чыгаруунун жолдорун издеп жаткан учур болуучу. Алар ошон үчүн 10-15 жыл мурда эле ойлонгон түндүк варианттагы жол курууну сунуштаган болуш керек, аны, М.Алпсатаров алды-артын ойлобой, бир беткей, чукул жыйынтык чыгарган өңдүү ойлорун ортого салган. Бул берүүдөгү анын пикири бизди бир жагынан, катуу нааразы кылды, экинчи жагынан, бул кайдан Президенттин аппаратындагы кеңешмеде биз аргументтеп койгон сунуштарды терең анализдебей

эле, теле берүүдө тескери оюн айта салганы, ал адамдын орчундуу бул маселеде жоопкерчилигинин төмөн экендигин түшүндүм. Бул жерде эске түшкөн бир кызык окуяны айтууга туура келди.

Ал мындайча, мындан бир топ убакыт өткөндөн кийин, транспорт министри Султановдун кабыл алуу бөлмөсүндө жолугуп калса болобу ... Ээй жолдош Мэлисбек! бая өгүнү, телевизордон сенин жол боюнча сүйлөгөн сөзүң такыр мага жаккан жок, кандай адамсың, сүйлөп оюңду айтаардан мурда, биринчи элдин кызыкчылыгын ойлобойсуңбу? Андан кийин, жол курууда кездеше турган кыйынчылыкты айтып, бирок баары бир салына турган жол жалпы кыргыз элинин келечекте өсүп-өнүгүү максатын көздөгөн объект болуш керек десем, байке, байке мен ал оюмдан кайттым, силердин сунушуңарды колдоймун, менден каталык кетип калды деп, колумду кармап коё бербей, качып чыгып кете турган болду эле..., мен дагы анын колун коё бербей, эгерде макул эмесмин десең, жүрү азыр кайрадан министрге кирели дагы бир жолу кайрадан талкуулайлы десем жок, жок, болду, мен силердин сунуш менен макулмун деген бойдон качып чыга кеткен эле... Ал жерде олтурган, мен тааныган 2-3 киши бар эле, эмне мынча чырлашкан иш эле, эми, бир-бириңерди туура түшүнүштүңөр окшойт деп күлүп калышты.

Ушундай, жогорудагыдай карама-каршы, кайчы сунуштар боло баштады, бизди колдой турган жолдорду издеш керек деген аракетти жасоо болучу.

## Ө.ТЕКЕБАЕВДИН ТОГУЗ-ТОРОДО ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУСУ

2011-жылдын жай айларынын биринде, Өмүрбек Текебаевдин Тогуз-Торо элинин шайлоочулары менен жолугушуусу болду. Ал Ата Мекен партиясынын шайлоодон кийинки мезгилде саясат, экономикалык, социалдык чөйрөдө жүргүзүп жаткан иштерин айтып, андан кийин, келечекте аткырыла турган перспективалуу иш пландарын, ойлорун билдирип, Тогуз-Торонун эли үчүн жайсай турган чоң жардамы катары, 1965-1966-жылдары курулуп жатып, чала бүткөн Казарман-Үгүт долбоору боюнча автожолдун 40 чакырым аралыгын азыраак татаалдыгына карабай, **Жалал-Абад-Казарман жолун Көк-Арт ашуусу менен туннель аркылуу курулса түндүк-түштүктү бириктире турган жол болуп, жайы-кышы үзгүлтүксүз каттам болуп калат деген сунуштар айтылган. Темир жолдон дагы автомобиль жолунун салынышы өтө керек болуп жатат. Анткени, кыш мезгилинде райондун эли Жалал-Абад тарап менен 7-8 ай катнаш болбой кыйналып жатабыз.** Элге керектүү товарларды Нарын аркылуу Бишкектен 3 эсеге жолдун алыстыгынан баасын кымбаттатып, алып келип сатышып, жашоону өткөрүп, кыйналып атабыз деген сөздөр айтылып жатты. Ошондуктан, **биринчи кезекте кара жолдун бүткөрүлүшү зарыл экендиги айтылды.** Ошондо Текебаев бул жолго тышкы булактарды издебей эле өзүбүздүн ички резервдерди пайдаланып, өз күчүбүз менен салууга толук мүмкүнчүлүктөр бар. Мындан коркпош керек. Акыры ошондой чечимге барабыз деген. Бирок ага карабастан, мүмкүн болушунча, аталган 40 км жолду камтыган Жалал-Абад-Казарман аркылуу түндүк-түштүктү бириктире турган

жолду куруугa сырткы инвесторду табышыбыз керек. Ал Президенттин көзөмөлүндө, өкмөттүн аракети болуп жатат деп айтканы бар. Ошентип, жолугушуудагы сөзүн эстеп, Ө. Текебаевке суроо талап менен биздин жол боюнча сунушту колдоого алып, тиешелүү жогорку мамлекеттик бийликтерге кайрылуусун Ата-Мекен партиясынын лидери Өмүрбек Чиркешовичке атайын кат менен кайрылдык. (Кат тиркелет, тиркеме-16).

Биздин кайрылган катты фракцияда карашып, чара көрүү ирээтинде транспорт жана коммуникация министри К. Султановго терең изилдеп, жыйынтык чыгарууга тапшырылган. Биз фракциянын жетекчисинин орунбасары М. Таировдун колу коюлган катты алдык. (Кат тиркелет, тиркеме 19).

Ошентип, Ата-Мекен фракциясынын лидери Текебаевдин КР транспорт жана коммуникация министри К. Султановко жиберген тапшырма боюнча «Кыргыз темир жолу» мамлекеттик ишканасынын терең изилдеп, кароосуна сунушталат.

Ага ишкананын генеральный директору А. Малабаев министрликке жолдогон жообунда, башында сегизге жакын темир жол магистралынын варианттары каралып жатканын, анын ичинде Бакы Ороковдун сунуштаган вариантын дагы изилдеп жатканын билдирген.

Сегиз варианттын ичинен эки вариант: биринчиси, түндүк: **Кашкар-Торугат-Арпа-Кара-Суу-Андижан, экинчиси, Түштүк: Кашкар-Эркечтам-Сары-Таш-Ош -Андижан.** Ушул эки варианттын түндүк вариантына макул болгон Кытай тараптын, эксперттер тобу 13-июль, 2001-жылы кол коюшканы дагы маалымдалат.

Ал эми, Жалал-Абад – Атай – Казарман – Ала-Бука – Кашка-Суу – Торугарт маршрутунан айрыкча, Казарман – Ала-Бука – Кош-Дөбө – Айгырбулак учаткасы

абдан татаал экенин көрсөтүлүп, бул маршрут боюнча темир жол куруу мүмкүн эмес экендиги министрликке билдирилет.

Бирок, министрлик «Кыргыз жол долбоорлоо» институтунун адистеринин алдын-ала көп жылдык изилдөөлөрүнүн негизинде биз сунуштаган вариантта-гы магистралды кайрадан, терең изилдеп чыгуу керек экендигин белгилейт. Андыктан, азырынча бир жак-туу так жыйынтык чыгарып айтуу али эрте деген ойдо-гу жообун бизге жөнөткөн катында билдирген.

Ошондой эле, «Кыргыз темир жол» ишканасынын министрликке жиберген билдирүүсүндө долбоорду ишке ашыруу үчүн 2 миллиард долларга жакын акча каражаты талап кылынары, курулушка 10 миңге жа-кын жумушчу күчү тартылары, темир жол курулуп бүткөндөн кийин, 2000 жакын адам иш менен камсыз болоору көрсөтүлгөн. («Кыргыз темир жолу» ишкана-сынын каты тиркелет. Тиркеме-20).

Өзгөндөн-Торугартка чейинки Фергана тоо кырка-ларынан 48 туннель, 95 көпүрө салынып, андан дагы темир жол өткөн маршруттагы аралыкта эл жашабай, ал жерде как эткен карга, кук эткен кузгун жок ээн жер экенин көрсөтүп, кышкысын кар оор түшүп, чай болуп, поезддин каттоосуна жол бербейт. Ошондук-тан, Торугарт-Арпа-Ала-Бука суусун бойлой, Үгүт-Молотов-Кара-Кече маршруту боюнча салынышын көрсөтүп, биздин Президентке кайрылуубуздагы Кара-Суу-Жалал-Абад-Казарман-Үгүт, ал эми, Үгүттөн жо-гору Ала-Буга суусун бойлой-Арпа-Торугарт маршруту боюнча сунушту кубатташкан. Тактап айтканда, Кара-Суу – Жалал-Абад-Казарман (Көк-Арт ашуусу менен) Үгүт-(Нарын дарыясын бойлой) Кара-Кече багыты бо-юнча темир жолун салуу учурдун талабына ылайыктуу

экени жогорку макаладагы топтун жана биздин көз карашыбыз төп келишкени көрүнүп турат. (Макала тиркелет. «Кыргыз-Туусу» №33-34, 4-май, 2012-ж).

## Премьер-министр Ө. Бабановдун Тогуз-Торго келиши

2012-жылдын 29-мартында Кыргыз Өкмөтүнүн башчысы Өмүрбек Бабанов Тогуз-Торонун жалпы эли менен жолугушуп таанышкан, республикадагы жол байланыштан обочо калган Тогуз-Торо районунун эли келечекте түндүк-түштүктү бириктирген жолдун Көк-Арт ашуусу аркылуу өтүшү илгертен эле, Улуу Ата-Мекендик согуштун алдында жол курулуп жатып бүтөрүнө аз калганда, немецтик-фашисттик баскынчылардын кесепетинен токтоп калганы жөнүндө айтылып, азыр деле ушул маршрут боюнча, Кара-Суу – Жалал-Абад – Казарман-Үгүт жолу камтылып, Кытай-Кыргызстан жолуна кошулуп бүткөрүлсө туура болот деген сунушту колдоп, премьер-министр Бабанов келечекте бул сунушту изилдеп колдоого аларына убада берген болучу.

Премьер-министр Ө.Бабанов менен кошо КР транспорт жана коммуникация министри Калыкбек Султанов ж.б жогорку бийик даражадагы көп адамдар келишкен эле.

Мен К. Султанов менен райондук ДЭУнун кеңсесинде жолугуп, Президент А. Атамбаевге биздин баргандагы, жол боюнча сунушталган материалдар менен кеңири тааныштырдым. Ал мындай, сиз айтып көрсөтүп жаткан маршрут боюнча материал менен тааныш эмес экенмин. Эгер макул болсоңуз бул материалдарды мага бериңиз, мен кошо Бишкекке ала кетейин дагы терең талдап, карап чыгалы. Менин оюмча, туура маршрут болчудай көрүнөт, терең анализдеп, изилдөөгө жатат деп жолдун схемасы көрсөтүлгөн картаны ж.б мате-

риалдарды Бишкекке алып кетти. Бир ай чамасындагы убакыт өтпөй, К. Султановдун Кытайга барып, темир жол салуу боюнча сүйлөшүүлөрү болгондо, биз сунуштаган маршруттун кытайлык эксперттер тарабынан изилденип, карала турганын менин Бишкекке барып жолукканымда айтып берди. Ошентип, Тогуз-Торого премьер Ө.Бабанов менен келип, жолугуп сүйлөшкөн учурдан баштап, Министр К. Султанов менен темир жол, автомобиль жолунун айрыкча, Ош-Бишкек жолуна альтернативкалык түндүк-түштүкү байланыштыра турган стратегиялык автомобиль жолунун салынышы боюнча экономикалык өнүгүүгө зор салым кошо турган эң келечектүү долбоору каралып түзүлүп, жаткан мезгилде аралашып, жакшы мамиледе болуп, байланышып калдык.

## Министр-Султанов-изилдөө чырлашуу

Бир нече жолу К. Жыргалбеков менен темир жол курулушунун өтө турган магистралы тууралуу такай кабарлашып турдук. Өз ара сүйлөшкөндөн кийин, «Кыргыз Туусунун» 4-май, 2012-жылдагы санында Нарын өрөөнүндөгү көрүнүктүү адамдардан жана республикадагы белгилүү жооптуу кызматтарда иштеген ардагерлер Президент А. Атамбаевге, Жогорку Кеңештин төрагасы А. Жээнбековко, Премьер-министр Ө. Бабановко «Жол элди, мамлекетти бириктириши керек»-деген сунуш менен кайрылышкан.

Негизинен, абдан туура аргументи бар, биринчи сунушталган вариантка карата климаттык, географиялык жер шартынын, эл жашаган конуштарды аралап өтүшүн эске алган, ошондой эле экономикалык жол куруудагы көп ыксыз чыгымдардын сарпталышын камтыган терең тандалган сунуш эле. Экинчи вариант

бул: Кытай-Кыргыз-Өзбекстан темир жолун Торугарттан Арпа-Ак-Бейит-Ат-Башы ГЭС-Үгүт-Жылуусуу-Казарман – Көк-Арт-Багыш багыты боюнча салынышын сунушташып, бул иш чара жалпы кыргыз элинин кылымдар бою эңсеген жолу ишке ашырылышын өтүнүшүп, кайрылышканы «Кыргыз-Туусундагы макалада жана «Кытай-Кыргыз темир жолу каякка алып барат??? туңгуюккабы? деген темада талкуулап, «талаштан тактык жаралат деген 6-апрель, 2012-жылдагы «Ордо» гезитиндеги Шекербек Калыковдун ой толгосу жарык көргөн. Анда дагы, негизинен темир жолдун курулушу келечекте ири киреше алып келип, өлкөбүз экономикалык утушка ээ болооруна далилдерди келтирип, Президентибиз А. Атамбаевди темир жолду курууга шыктандырган.

Ошентип, темир жолунун курулушу боюнча республикада ар кандай сунуштар, ой-пикирлер айтылып, ММК аркылуу эл арасында кызуу талкуулар жүрүп жатты.

Султанов Калыкбек май айынын башында, атайын Кытайга барып, Кытай-Кыргыз-Өзбекстан темир жолунун курулушу боюнча Кытай Республикасындагы жолугушууда Кыргызстан тараптан биз сунуштаган магистрал жөнүндө ТЭО боюнча изилдөө иштеринин жүргүзүлө тургандыгын бизге айтып берди. Жакында Кытайлык эксперттер тобу келишип, силердин магистрал боюнча карап чыгышат. Аларга трасса боюнча жакындан көрсөтүп, кышкысын климаттын тийгизген терс таасирин, географиялык өзгөчөлүктөрүн жакын жайгашкан кең-байлыктардын жана эл жайгашкан конуштарды аралап өтө турган жагдайларын түшүндүрүп, жардам берүүбүздү бизге өтүнүч катары айтып түшүндүрдү. Кытайдагы эксперттердин эки варианттагы схемасын ала келиптир, аны мага берип,

Нарын тараптагы жашаган элдерге дагы келечекте курула турган темир жол тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туура багыт берип, колдоого ала бериңиздер деп, мени узатып койду.

Ушул жолугушуудан кийин мен, Карабайга телефон чалып: «Жакында министр К.Султанов Кытайга барып келиптир, темир жолду куруунун сен экөөбүз сунуштаган варианттар боюнча кытайлык эксперттер жакынкы күндөрдө бизге келишип, изилдеп, текшерип чыга турган болуптур деп, министрден укканымдын бардыгын төкпөй-чачпай, айтып бердим. Кытайлык Эксперттер тарабынан темир жол курулушун терең изилдөөгө алынышы бизди абдан кубандырды. Министрдин учурдагы макулдашып алып келип мага берген темир жол боюнча (Схема 1, Схема 2, тиркелет). «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» эки варианттагы трассалар көрсөтүлгөн схемаларды көчүрүп, Карабай алып калды. Бир айдан ашык убакыт бою даярдап газетага чыгарган макаласынын көчүрмөсүнө мага арнаган каалоо-тилегин жазып берген болучу. Ал мындай деп,– жазылган эле: «Бакы! Эл үчүн, жер үчүн деп чуркап, бел ашып, элге кызмат кылып жүргөнүнө эл ыраазы болсун, Кудай буйруп, ушул жолдун лентасын кыркканга катыш. Узун өмүр, чын ден-соолук каалап, сендей күйөрман К.Жыргалбеков» 22.05.2012-жыл.

Мындан көп узабай Президент А. Атамбаев расмий визит менен Кытай Эл Республикасына барганда, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун салынышы тууралуу маселе талкууланып, жакынкы жылдары курула тургандыгына макулдашылат.

Мына ошентип, 2012-жылдын июнь айынын башында Кытайдан 8 адамдан турган адистери жана биздин темир жолго байланышкан жооптуу адистер тобунун жетекчиси Абдыкеримов Канатбек болушуп, 16 киши келишти.

Биз райондун жетекчиси аким Идирисов Тилек, мен жана жеке ишкер Таалай Токтоболотов, ДЭУнун башчысы Эшенкулов Улан болуп, кытайлык эксперттер тобун Кыргыз темир жолу мамлекеттик ишканаларынын адистери менен чогуу 4-июнь күнү түштөн кийин, кечки саат 5 чамасында Ак-Мойноктун белинен тосуп алдык. Ал жерден алар Нарын аркылуу Баетов, Чолок-Кайың, Ленин айылдарын аралап өтүп трассаны байкоо жүргүзүп келатканын айтышты. Чолок-Кайындан бери, Ала-Бука суусунан өткөндөн кийинки кокту, колоттор жана күңгөй тарабындагы бөксө тоолор, темир жол салууга абдан эле татаал болчудай деген ойлорун айтышты. Биз бул Ак-Мойноктун белинен тартып, Ор-Казган өрөөнүнө Ой-Кайыңдын түшө калышына чейинки аралык (ӨӨН) декабрь айынан, апрель айына чейинки мезгилде кар жаап, ар дайым шамаал-боровондун болушунан өрөөнгө тоодогу карды учуруп келип толтуруп, өрөөндөгү радио-телефон үчүн тартылган зым карагайлардын башына чейин чай болуп кар басып калат. Бул деген каткан кардын (чайдын) калыңдыгы 4-5 метрге жетип, учурунда С-100 троктор-бульдозери менен араң тазалашчу. Бир күн, эки күндөн кийин, кайра кар жааса, ошол замат эле чай болуп, турар эле. Кыш мезгилиндеги мындай көрүнүштөрдөн улам, жол азабын биздин эл ушул күнгө чейин тартып келе жатышат. Эгерде ушул трасса боюнча темир жол салынат деген ой болсо, андан баш тартыш керек. Мына ошондой сүйлөшүп, биз түшүндүргөндөн кийин, алар силердин айткандарга ишенебиз дешип, келген эксперт тобу биздин айткандарыбызга ишенгендей болуп калышты. Ал күнү кечинде, Казарманда мейманда болушуп, кечки тамактануу мезгилинде Тогуз-Торону туш тарабынан бийик тоолор менен курчалып тургандыгын өзү эле

кышы абдан татаал болгонун көрсөтүп турбайбы? Эл жаратылыштын кырсыгынан, көчкүдөн, катуу бороондуу суuктан белди ашалбай набыт болгон учурларды айтып жаттык. Эртеси, Казармандан Нарын суусунун оң жээги менен Беш-Көл туз кенинин маңдайындагы дөбөгө машинелер менен барып, Тулпар талаасынын наркы өйүзүндөгү Чоткеден-Кочкор дөбөгө чейинки Үгүт – Казарман жолунун салынган эски жолдун нугун көрсөтүп, ушул жер аркылуу темир жол салынса болот деп айтып, андан ары Беш-Көл аркылуу Үгүткө чейин бараарын айттык. Андан кайтып келип, Атай, Молотов айылдарына чейин барып, Калдама ашуусун көрсөттүк. Андан кийин, Чайыр-Талаа менен Доржу каналынын башына чейин барып, Көк-Арт дабанынын берки этек жагын көрүштү. Эртеси Казармандан Сары-Кыр ашуусун ашып, түштүк тарабынан Көк-Арттын белине чейин көрүү керек болуучу. Кыскасы, келечектеги жолдун Тогуз-Торо аркылуу өтө турган жолдун күн батыш тарабындагы Көк-Арт, Калдама, Сары-Кыр ашууларын дааналап, өз көздөрү менен көрүп, анын ичинен ылайыктуу жерин тандап алууну көздөшкөн.

Кийинки учурда, дегеле стратегиялык Көк-Арт ашуусу аркылуу өтө турган айрыкча, автомобиль жолунун Ак-Мойнок – Кош-Дөбө – Чолок-Кайың, Баетов маршруту боюнча өтүшүн талап кылган сунуштарын (негизги критериясы пайдаланып жаткан автомобиль жолун эске алып) теңир-тоолуктар бир нече жолку телеберүүдө «Кыргыз жол долбоорлоо» институтунун жетекчилери менен жолугушууда кайым айтышып, наарazы болгондорун көрүп, уккан элем. Ал жерде айрыкча, Карабай Жыргалбековдун өзгөчө патриоттук сезим менен аракет жасаганы билинип турду.

Бул жерде мен дагы жекече оюмду айтаар элем. «Кыргыз жол долбоор» институтунун адистери бардык сунуш кылынган варианттарды жана өзүлөрүнүн жер картасы боюнча географиялык абалын изилдеп, техникалык, экономикалык, жаратылыш, климаттык шартын терең изилдеп, жыйынтыктап алдын-ала министрликтен, өкмөттөн, парламенттин транспортко байланышкан комитетинен, аягында Президенттин терең талкуусунан өткөндүгүн, ошондой эле республиканын ар кайсы региондогу жашаган атуулдарынан түшкөн ой-пикирлерин камтыган акыркы жыйынтыктоочу долбоор катары кабыл алынып жаткандыгын эске албай, жок андай эмес деген Теңир-Тоолуктардын каршы сунуштарына эч бир кошулбайт элем.

Аларга мындай деген, келечекте аткарыла турган жоопту айтаар элем: 2015-жылы Бишкек-Транспорт автожолу реаблитация болуп жаңыланып, эл аралык станрдартка ылайык бүткөнү турат, жакынкы жылдары Кытай тараптан Торугарт-Атбашы ГЭС – Үгүт – Кара-Кече – Кочкор – Балыкчы багыты боюнча темир жолу салынат деген пландар бар, аны менен катар автомобиль жолу деле салынат. Силер сунуштаган варианттагы жол абдан узак жана кен байлыктарды пайдаланууга анчалык таасирин тийгизбей тургандыгын көңүлгө албай жатпайсыздарбы дээр элем. Эң орчундуу маселе Президенттин сунушу менен Кыргызстандын ички темир жолу катары Жалал-Абад – Казарман – Арал – Чаек – Кочкор – Балыкчы маршруту менен альтернативалуу түндүк-түштүк жолунун ичинен Россия – Тажикстан – Казакстан биргелешип темир жолун салууну көздөп, ишке ашканы жатканында түшүнүш керек.

* * *

Кийин, сентябрдын орто ченинде, Бишкекте мен жана Тилек Идирисов болуп транспорт министри К.Султановко жолугуп, биз сунуштаган жолдун багыттары эмне болуп жатканын билели деп бардык. **Кабыл алуусунда биздин суроолорубузга жооп берип жатып: негизинен силердин сунуштаган багыт боюнча иш кытайлык жолдоштор менен биргеликте иш жүрүп жатат. Андай деле, эл тарабынан каршылык болуп жаткан жагдай деле жок.** Ошентип болгон акыбалды айтып жатып, кабинетиндеги жердин рельефи түшүрүлгөн Кыргызстандан картасынан сол колунун манжасы менен Ак-Мойноктун белин басып көрсөтүп, ушул тараптан Торугарт-Арпа-Ала-Бука-Ак-Мойнок-Көк-Арт-Трассасы боюнча дагы бир сыйра карап чыкпайлыбы деп эки жолу кайталап айтты. Мен ага наарازы болуп, аябай тескери кабыл алдым. Калыкбек! Эмне эле мынча, Ак-Мойнок аркылуу өтсө, карап көрсөк деп эле кызыгып атасың, ал деген, теңирден тескери, кымбат, жол бербей турган жакка буруп атасың. **Ал жерде айрыкча, Орказган өрөөнүн өзү илгери Макмалалтын кенин курууда катышып иштеген мезгилдеги мындай кыш мезгилинде жол каттамы болбой кандай азап-тозокту тарттыңар эле.** Аны унутуп калдыңбы деп эсине салдым. Унчугушпай, бир топко чейин, ойлонушуп калдык. Менин тынчым кетип, капаланып, чыдай албай «Калыкбек балам! Мындай оюңдан кайт, Ак-Мойнок аркылуу деген вариантты караш керек эмес, эгерде ошол багыттан кайра тартпасаң, сен Тогуз-Торо элинин каргышына каласың» деп ачуум менен айтып салдым. Тилек мага эмне мынча катуу айттың дегендей көз кырын салып мени карап калды. Калыкбек унчукпай ойлуу басып, бизди узатып, иш бөлмөсүндө кала берди.

Сыртка чыкканда, Тилек экөөбүз бул министрди кандайдыр бирөөлөр тынчын алып, бузуп жаткандар бар окшойт. Же болбосо, бүгүнкүдөй кайра-кайра Ак-Мойнокту айтып, ушул вариантты карап көрбөйлүбү деп айтышында, бир кеп бар болсо керек деп биз божомолдоп калдык.

Бирок, ага деле болбой, темир жолун куруу боюнча министрликтин атайын тобунун башчысы Абдыкеримов Канатбек мырзадан сурамжылдап кабар алып турдум. Трассаларды изилдөө иштери токтобой, Кытай тарап, биз тарап өз ара байланышып, кызуу иш жүрүп жатты.

2012-жылы, 3-декабрда «Эл билгиси келет» деген телеберүүдө кечки саат 8-чамасында министр К.Султанов сүйлөп: «Ош-Бишкек Жалал-Абад-Казарман-Нарын дарыясын бойлой, Көкө-Мерен суусунун жээги менен Аралга барып, андан Чаек-Кочкор аркылуу салынарын айтып, ушул багыт боюнча техника-экономикалык негиздер түзүлүп жатканын, бардык ар кандай тараптар менен бул боюнча терең изилдөөнүн натыйжасында ушул вариантка токтоп жатабыз» – деген ынанымдуу далилдерин келтирип, айтып берди.

**Андан көп узабай, Кытай-Кыргызстан Өзбекстан темир жолу Концессия жолу менен курулат. Ал эми, түндүк-түштүк альтернативдүү автожолунун курулушу боюнча «Кыргыз туусу» гезитинин суроолоруна жооп берген маеги 7-декабрь, №96 санына чыккан.**

К.Султанов газетага берген жообунда жогорудагы жолдун Торугарттан Ат-Башыга түшүп, андан Ак-Талааны аралап, Казарманга келип, андан Жалал-Абадка өтө турган магистралына токтошконун айткан.

Долбоорду каржылоо Кытай-Кыргызстан эки өлкөнүн эксперттер тобунун 2012-жылдын 2-майында болгон жолугушусунда биз концессия вариантын сунуш-

тадык. Алар да биздин сунушка макул болушту. Бул деген кайсы гана мамлекеттен болбосун, концессионер, мисалы, жеке компания, өзүнүн акчасына куруп берип, белгиленген бир мөөнөткө чейин иштетип, акчасын чыгарып алып, пайдасын көргөндөн кийин бизге өткөрүп берет деген жыйынтыкка келгени айтылат.

Ал эми, түндүк-түштүк альтернативалуу автомобиль жол куруунун 7 варианты иштелип чыккан. Эксперттер узундугуна, экономикалык максаттуулугуна карата 6 вариантты аташат, биринчиден, бул жол кыска, азыркы Ош-Бишкек жолуна (670 км) караганда, дээрлик 150 км кыска болуп, бул деген аз дегенде, 2 сааттан ашык убакыт үнөмдөлөт, Кара-Кече, Миң-Куш көмүр кендеринен көмүр ташуу бир кыйла жеңилдеп, наркы арзандап, элге пайдасы тиет. **Ошонун негизинде альтернативдүү автожол түндүк-түштүктү бириктирүүчү Жалал-Абад-Таранбазар-Көк-Арт ашуусу-Казарман-Арал-Чаек-Кочкор-Балыкчы магистралы боюнча курула турган долбоорго токтолушат. Келечекте Тажикстан-Кыргызстан-Казакстан Борбордук Азия автожолун куруунун мамлекет аралык (ШОСтун) сүйлөшүүлөрү ийгиликтүү өтүп жатканына караганда, бул жолдун да курулуп бүткөрүлүшү мүмкүн.** Илгери үмүт бул жолдун схемасын дагы окурманга таанышыруу иретинде тиркеп койдум.(схема тиркелет, тиркеме 24)

* * *

**2012-жылдын декабрь айынын 9-10 числолорунда атайын райондун акими Идирисов Тилек экөбүз «Кумтөр» алтын кенинен айылга 1% компенсация төлөмүн чечүү максатында жана темир автожол курулушунун долбоорлорунун жүрүшү боюнча кабар алыш үчүн Бишкекке атайын бардык.**

Биринчи күнү, даярдалган компенсация жөнүндөгү атайын кат менен экономика министри Темир Сариевке эртең мененки саат 10 до кирип, сүйлөшүп, жагдайларды түшүндүрдүк. Эмнегедир, министр биздин райондун аймагын Нарын зонасынан алыс жашайсыздар, Жалал-Абад областынын аймагында болсоңор, кантип конпенсацияга киргизүүгө болот деген каршы оюн айтты. Биз Нарын дарыясынын ууланган суусунан дээрлик жалпы элибиз пайдаланып жатканын факты кылып көрсөтүп, сунушубузду колдоого алуусун айтык. Ошондой эле, компенсация жөнүндөгү маселени Жогорку Кеңештин депутаты Текебаев Өмүрбекке атайын кат менен кайрылуубузду тапшырып, депутат Ирина Карамушкинага да оозэки түшүндүрүп, айтып чыктык.

Ошол эле күнү транспорт министри К. Султановко бардык. Саат бештер чамасында ал Тилек экөөбүздү күттүрбөй кабыл алып, иштелип бүтүп жаткан долбоор боюнча информация берип, Бакы байке, баякы, өткөндөгү жолуккан учурда, сиз министрликтин жол боюнча терең жүргүзүлүп жаткан саясатын толук түшүнбөй, аябай наараазы болдуңуз. Эми, маселелер мындай чечилип жатат. Кытай-Кыргыз-Өзбек темир жолу силер сунуштаган вариант боюнча кабыл алынып, техника-экономикалык негиздер (ТЭН) түзүлүп жатат, ошондой эле, альтернативалык автожол Жалал-Абад-Казарман-Арал-Чаек-Кочкор-Балыкчы багыты менен курула турган вариантындагы кабыл алып жатабыз. Мына, Бакы Ороковичǃ Кыргызстандагы негизги жолдор Казарман аркылуу өткөнү жатат. Эми, ыраазы болосуз го дейм деп экөөбүздү сүйүнтүп, куттуктап, картадан маршруттун багыттарын көрсөттү. Мен кубангандан, Калыкбекти бекем кучактап, боорума кысып, ыраазы болгонумду билдирдим. Кудай буйруп, ушул иштер турмушка ашса, келечекте ушунчалык түшүнүү

менен аракет жасаган ишиң үчүн, жолдун бир тармагына силердин атыңарды коюп койсок деле болот деген ой-тилекти айттык. Андай да болуп калышы мүмкүн, аманчылык болсо, үмүттү үзбөш керек,– дедик биз.

Көрсө, өткөндөгү менин наразы болуп, анчейин түшүнбөгөндүгүмдү мындай деп түшүндүрдү. Биз, министрликтин эксперттик тобуна элден түшкөн ар кандай сунуштардын бардыгын атайын барып, жеринен терең анализдеп, изилдеп, бири-бирине салыштырып карап чыгып, ошолордун ичинен ылайыктуусун тандап алабыз. Ошол боюнча долбоорлоп, жыйынтыкка келип, сунуштайбыз. Андыктан, кайта-кайта четинен көрүп жатып, мына минтип, силердин сунуштаган вариантка барып такалганды айтып жатпайымбы,-деп айткандан кийин, биз чын эле кыска түшүнүк менен, ачуу чакырып, наразы болгон экенбиз деп күнөөлүү болуп калгандай болдук.

Ошентип, ар кандай варианттагы сунуштарды тактоо иретинде жүргүзүлгөн, бирнече жолу кайталганган текшерүүдөн өтүп, талаш-тартыштан кийин, тактык жаралгандай, акыркы сунуш кылынган варианттагы Жалал-Абад-Казарман-Арал-Чаек-Кочкор-Балыкчы аркылуу курула турган альтернативдүү автожолунун ТЭН (техникалык экономикалык негиздеги) доолбоору түзүлүп, ишке ашыруу үчүн финансалык булактары мамлекеттер аралык жогорку бийлик өкүлдөрү менен чечилип жатканын басма сөз аркылуу билип, кубанычта болуп жаттык.

Демек, жакынкы жылдары 2018-жылга чейин, бул элге кылымдар бою кызмат кылуучу жол курулуп ишке ашаарына көзүбүз жетип, ишенип калдык. Кудай буйруп, аманчылык болсо, ал учур да келип, Карабай тилек кылгандай, жолдун ачылыш лентасын кескенге катышып калаарбыз деген үмүт-тилек менен жашай берели.

## ЖОЛ АЗАБЫН ТОГУЗ-ТОРОЛУКТАРДАЙ ЭЧ БИР ЭЛ ТАРТКАН ЭМЕС

**Кубанычбек Мамаев мырза** А. Атамбаевдин стратегиялык маанидеги маселени көтөрүп, эл аралык темир жолго жанаша автоунаа жолун салуу керектигин айтканына жараша бир нече варианттарын сунуштаган. Анын ичинде, Бишкек-Балыкчы-Арал-Дыйкан-Казарман жана Дыйкандан Кара-Кече аркылуу Соң-Көлдү бойлотуп, Молдо-Ашуусу-Акталчат-Баетов-Өзгөнгө чейинки маршруттары каралган. Буларды техникалык-экономикалык негизинде анализдеп, бир жыйынтыка келишибиз зарыл. Антпесек, алдын-ала тигил же бул вариантты туура деп кабыл алуу мүмкүн эместигин келтирген.

Ал эми, биз сунуштаган магистралдын ичинен «Үгүт-Казарман» жолунун курулушу тууралу 1965-1966-жылдары курулуп бүтпөй токтоп калганын мындайча түшүндүрөт. Үгүттөн 10 чакырым жол салынып өткөндөн кийин, туурасы 300-350 метр аскага туура келип, аны жардырганда (расчету туура эсептелбей жардыргыч затты көп коюшкандан болуш керек) Нарын дарыясын бөгөп калып, көл пайда боло баштайт. Бир, эки күндөн кийин, үйүлгөн топурак-таш аралашып, чогулган массаны суунун толкуну жырып, ал селге айланып, Казарман айылын жайпап, алып кетиш коркунучу бар экенин билип, тынчы кетишет. Окуя жөнүндө ошол учурдагы Казарман-Үгүт багытындагы жолдо жумушчу болуп иштеген кишилердин айтуусунда мындайча болгон экен: Кызыл-Аңдагы асканы жардырганда, Нарын суусу бөгөлүп, бир сааттай суу акпай калат. Дарыянын нуктарындагы чөөттөргө чогулган балыктардын көптүгүн кара, баардыгыбыз

бат эле, балыктарды кап-капка салып, кармап алдык. Жолду иштетип жаткан мастер эмнегедир тынчсыздана жумушчуларды, суунун жээгиндеги жумушчулар жаткан палаткаларды, ашкананы ж.б. буюмдарды дароо жээктен алыс, жогорку айдоо жакка ташып чыгарууну буйуруду. Кокустан сууну бөгөгөн кум, топурак, таш аралашкан масса жырылып, бир убакта агып чыкса, дарыянын жээгиндеги бардык убактылуу деп салынган имаратты ж.б. материалдарды жууп, агызып кетиши мүмкүн эле. Биз баарыбыз жогорку жакка ташынып көчө баштадык, ташып бүтө электе эле, жогорку жактан «качкыла» деген кыйкырык угулду. Чоткенин жогорку талаасына көчүп, биз ташынып, жетише албай калган тамак-аш, азык-түлүктөрүбүздү, жумушчулар жатуучу керебеттерибизди, жолго пайдалана турган тактайларды ж.б майда инструменттерди сел жайпап алып кеткенин, элдин катуу кырсыкка учурабай, аман калганын кеп кылып, 1968-жылдары айткандарын укканым бар.

**К. Мамаевдин корутундусуна таянсак «ошол жардыруудан бөгөт болгон Нарын дарыясынын жээгиндеги терең эрозияга учураган кыртышы борпоң, Кызыл жар, Ак жар участкалары катуу жааган жаандан, жазгы эриген кардан сел жүрүп, жер көчкү болуп, жол бербей коюш коркунучтары бар дейт.**

Демек, ал участоктон жолдун өтүшү өтө коркунучтуу» деген тыянакка келип, ал аралык боюнча жол салууга болбойт деген сунушун киргизет» ... Бул эмне деген көз караш? Азыркы замандын технологиясы жаратылыштын мындан дагы татаал жеринен жол салып жатпайбы? Жогорку квалификациядагы адис, канык-кан тажрыйбалуу жол куруучу инженер **Кубанычбектин чочулаган корутундусу менен макул эмес элем.**

Кытайлык эксперттер тобуна:– Сары-Кыр ашуусундагы белдин өзөгүнөн геологиялык-тектоникалык фергана чоң жарака өтөт, мындай жерден жогорку баллдагы жер титирөөгө каршы, техникалык сооружениядагы долбоор менен байланышкан өткөөлдөр аркылуу өтүү кыйын болуп, жол салып өтүүгө мүмкүн эмес го деген суроону берсем, алар жаратылышы татаал бийик тоо кыркасы менен курчалган, климаты оор болгон Кытайга коңшу Тибетте жана Бразилияда биздин жолчу адистер эч кыйынчылыксыз эле учурдун талабына ылайык жолдорду салып жатышат. Сиз көрсөткөн татаал деген жериңиз анчалык кыйынчылык туудурбайт»-деп айтканы бар. Ушундан улам, айтылган эксперттердин сөзүнөн кийин Казарман-Үгүт жана Көк-Арт ашуусунан жолдун өтүп курула турганына көзүм жетти.

Кытайлык эксперттер тобу, Министрликтин өкүлдөрү болуп, келечектеги маршруттарды карап көрүп жаткан учурда Кубанычбек Мамаев дагы биз менен чогуу эле, жанагы алардын жол курууда биздин ашуулардан кыйынчылык болбойт деп айтканын күбө болуп уккан эле. Демек, Жалал-Абад-Казарман-Үгүт жолуна Сары-Кыр, Көк-Арт ж.б. ашуулары аркылуу өтүүчү темир жолу, автоунаа жолдорун куруу алар үчүн проблема болбой эле, курула турганына ишендик.

* * *

Бир аз убакыт өткөндөн кийин К.Жыргалбеков баш болгон 30 адам кол коюшуп, союз учурунда Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Жумгал райондорунда партиялык жетекчи кызматтарда иштеп жүрүшүп, салына турган жолдун трассаларын баамдап билишсе керек, ошого байланыштуу өзүлөрүнүн 3 варианттагы ойлорун ортого салган. «Жол азабын жону жукарган эл тилеги же мамлекет башчыга кулак кагыш»– деген көлөмдүү ста-

тьясы «Кыргыз-Туусу» гезитке жарыяланган. («Кыргыз Туусу» №15, 1-март, 2013-жыл).

Газетадагы сунуштаган маршруту Нарын-Баетов-Казарман автожолу Реконструкцияланып салынса эле, бардык маселе чечилип калчуудай ойлошот. Айрыкча Баетов-Казарман маршрутунун Чолок-Кайың-Орказган-Чет-Булакка чейинки аралыктары абдан татаал рельеф аркылуу өтөт. Өзүлөрү айткандай, дээрлик көпчүлүк бөлүгү жардыруу-бургулоо, өткөөл жумуштары аткарылып, көп сандагы туннельге окшогон тосколдуктардан өтөт. Бул деген, аябагандай ашыкча чыгымды талап кылып убакыттан уттурарыбызды эске албай жатышат.

«Алиби» газетасынын 8-май, 2013-жыл, №46 санында Дөөлөт Нусуповдун макаласы жарыяланган. Негизинен ал дагы жогорудагы топтун ойлорун тактап, Балыкчы-Кочкор-Чаек-Казарман-Жалал-Абад жолунун беш кемчиликтерин көрсөтөт. Бул жерде айтылган кемчиликтердин далилдүү так фактылары көрүнбөйт, жөн эле, үстүртөн ой жүгүртүү болуп калган. Макаладагы материалдын мазмууна караганда, ар кандай негизсиз себептерди келтирип, эптеп эле, жолдун нугун Чолок-Кайың-Коңорчок кыштактарын аралатып өткөрүүнүн аракетин издеп жазгандай. Ушул эки айыл үчүн мамлекеттик чоң экономикалык, саясий стратегиялык маанидеги жолду нечен ирет, ар кандай жер шарты, климаттык абалы эске алынып, техникалык талкуудан өткөрүп, ошондой эле парламенттин комитеттеринде, өкмөттүн кеңешинде жактырылып, Президенттин макулдугу менен бекитилген өлкөбүздүн стратегиялык Ош-Бишкек автомобиль жолуна альтернатива түндүк-түштүк автожол курулушунун магистралын өзгөртүүгө мүмкүн эместигин эске алышпаса керек.

«Элибизге пайдасы тийчү жагын да карайлы» талаштан тактык жаралат, делинет кыргыз олуячылыгында. Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун салуудан мурда ушул жагдайлар изилденүүдө. Назар төшөп, кунт коюп, сереп салышып отурган кыраакылар байкашат эмеспи дегендей, оюн карыя жазуучу Жакып Медетов массалык маалымат каражаттарындагы республикадагы элге кызмат кылуучу келечектеги эң маанилүү кылымдан-кылымга кызмат кылып, пайда алып келүүчү темир жол тууралуу кабатыр болуп, ар кандай варианттагы сунушталган материалдар менен таанышып, өзүнүн жекече оюн «Эркин Тоо» гезитинин № 89, 9-октябрь 2012-жылындагы санында жарыяланган.

## ЭЛИБИЗГЕ ПАЙДАСЫ ТИЙЧҮ ЖАГЫН ДА КАРАЙЛЫ

«Талаштан – тактык жаралат» – делинет, кыргыз олуячылыгында.

Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун салуудан мурда ушул жагдайлар иликтенүүдө. Назар төшөп, кунт коюп, акыл коротуп, сереп салышып олтурган кыраакылар төмөндөгүлөрдү байкашууда..

Биринчи (долбоорлонгон) вариант:

Кытай – Торугарт – Арпа – Өзгөн – Кара-Суу

Бул варианттын (долбоордун) кемчилдиги эмнеде? Экинчи (сунушталып жаткан) долбоордун артыкчылыгы барбы? Болсо, кайсылар? «Ка-ак» эткен карга, «кук» эткен кузгун жок» ээндикти аралап откон темир жолдун пайдасы кимге, кайсы мамлекетке?

«2001-жылдан бери Кытай Эл Республикасы менен Кыргызстан, Өзбекстан өлкөлөр арасында темир жол куруу долбоорунун биринчи вариантын карашкан. Алгачкы долбоордо Торугарттан-Арпага келип, андан Өзгөнгө түшүп, Кара-Суудагы темир жолго кошулмак. Бул долбоор элдин (кыргыз жергесиндеги калктын) кызыкчылыгына жооп бербейт эле. Анткени, ал жакта, эл жашабайт. Экинчиден, бул трасса өтө узак келип, 48 тоннель, 96 көпүрө салынып, суммасы 2 миллиард АКШ долларына жакын каражат сарпталмак. Бул эң чоң чыгым эле. Ал эми, биздин сунуш Кар-Суу – Жалал-Абад – Казарман – Торугарт – Кытай багытында болчу. (Жердин картасы далили катары кошо басылган). Бул бизге эле эмес, бүткүл Кыргызстан үчүн керектүү долбоор болмок. Анткени, келечекте курула турган Камбар-Ата, Кара-Булуң, Ала-Бука ГЭСтеринин курулушуна керек болгон жол байланышы чечилмек. Ошондой эле, Жетим-Тоодогу темир, Сандыктагы аллюминий, районубуздагы Миң-Теке көмүрү (таш көмүрү) Тунук-Туз кендеринин багы ачылмак. Андан да аймагыбыздагы жаратылышы кооз «Саймалуу-Таш» коругунда, Жылаңач-Бугу, Беш-Кол ж.б.у.с. жерлерде эл аралык туризм өнүгүп, Ысык-Көлдөгү курорттук зоналарга барууга эң ыңгайлуу жол болмок.

Райондук газеталардан баштап, республикалык «Кыргыз Туусу» газеталарына дейре кыйла макалаларды жарыялап, Ак үй, Көк үйгө дейре кирип, президентке, премьер-министрге, министрге, темир жолду, автожолду тейлегендерге, эмгек сиңирген куруучу, инженер-геолог, өзгөчө маанидеги пенсионер Бакы Ороковдун сунушунун баалуу жактары эмнеде? Өзү жарыялаган, адистердин талкуусуна койгон, мындан да баалуу сунуштар болсо, ага ыноого, ак жол каалоого да

ынтызарланган чыныгы ак дил атуулдардын жарыялаган интервьюсунун биринен үзүндү ала өтөлү:

«Биринчи долбоор жогоруда айтылгандай, өтө узун аралыкта болуп, тоннелдер, көп сандаган көпүрөлөр салынып, климаттык шарты оор, ар дайым көчкү көчүп (жаратылыш кырсыктары андыган, күткөн...), элди аралабаган трасса болмок. Ошондой эле, жолду тейлөөчү кызматчыларга дагы тийиштүү шарт түзүүгө кыйынчылык туудурмак. Аларга мастерской, тамакаш, үй-жай курууга көптөгөн чыгымдар кетмек.

Ал эми, биз сунуштаган Торугарт – Үгүт – Казарман – Жалал- Абад – Кара-Суу маршруту боюнча долбоор эң ыңгайлуу, кыска, жайдыр-кыштыр байланыш үзүлбөгөн жол каттам болмокчу. Мына ушул маселелердин тууралыгын аныктоо иретинде Дүйнөлүк Банктын эксперттик тобун катыштырганы министрликтин туура иш жасаганы деп эсептейм»,- дейт Б. Ороков.

Дүйнөлүк каныккан адистердин маалыматына таянсак 1 км көпүрөнү салууга орточо 4,5 миллион Америка доллары, 1 км узундуктагы тешкен тоого орточо 6 миллион Америка доллары сарпталууга тийиш экен. Эми, эсептеп көрүңүз: биринчи долбоорлонгон сунуш боюнча 96 майда, чоң көпүрө, 48 тоннель куруу пайдалуубу, же экинчи, элдүү пункттарды аралап өткөн, Ороков Бакы сунуштаган варианттагы 4-5 тоннель, көпүрөлөрдүн саны 50 пайызга кыскарган, анткени менен, жылдын төрт мезгилинде тынымсыз, үзгүлтүксүз кызмат кылуучу трасса керекпи? Кайсынысы пайдалуу экендиги айдан ачык дааналанып турат.

Бакы Ороков сунуштаган долбоор вариантынын төрт тарабы кыбылабы? Жалал-Абадга жеткен темир жолду эмне үчүн Кара-Суууга дейре жеткирүү зарылдыгы бар? Ал үчүн Өзгөнгө дейре бир, Өзгөндөн Кара-Суууга чейин

дагы бир деңсөөнү көзөп, тоннель куруу зарылчылыгы туулат. Дагы эң кеминде, Жазы, Кара-Дарыяга, Алай сууларына түбөлүк кызмат кылчудай көпүрөлөрдү салууга туура келет. Айрым жылдары, мурдагы нугун «чанып», башка тарапка «оонап» кетчү тоо дайралары капдайча «жүгөндөлөт»? Андан көрө, Кара-Суу аркылуу Ошко барган мурдагы-советтик доордогу темир жолго эле бир бутак жасап, Кара-Суу базарына (базасына) Жалал- Абаддан Кытай товарларын жеткирсе болбойбу? Же Жалал- Абаддан зор жүк жүктөлүүчү автоунааларды пайдалануу ыңгайлуу болуп жүрбөсүн? Ашуу ашып, зор зоолорду көзөп келген темир жолдун түзөңдөгү проблемасы биз айткандай чечилсе, анда Б. Ороковдун долбоору эң кыска (100 км ге), арзан, эл талабына түбөлүк шайкеш келген, көсөмдүккө өзөктөш жол болоору шексиз.

Кудай буйруп, бул маселе айтылгандай, чечилип калса, анда ички темир жолду бул трассага кошуу талабы ойгонот. Балыкчыдан Кочкорго, андан Кара-Кечеге темир жол суналат. Молдонун тоосу тешилип, Ак-Талаа районундагы Ак-Кыя айылынын тушунан көпүрө курулат. Ал тез эле, Кытай-Кыргыз темир жолуна жетип барып кошулат да, бир тарабы Кыргызстандын түштүк тарабына, экинчи багыты Кытай өлкөсүнө барууга мүмкүнчүлүк туулат. Бакы Ороков сунуштаган долбоордун баалуулугу – менин баамымдагы кыбыласы мына ушунда, демек, колдоого, жапырт сүрөөгө алууга татыктуу.

**Жакып МЕДЕТОВ,** *карыя жазуучу.*
*«Эркин Тоо» гезити, 9-октябрь, 2012-ж.*

Макалада жазуучу карыя Ж.Медетов республикадагы темир жол салууга байланышкан ар кайсы региондордо жашаган, ар кыл сунушталган багыттарын терең ой жүгүртүп, элге тийе турган пайда-зыянын салыштырып, калчап көрүп, Тогуз-Торолуктардын көтөрүп чыккан бул багыттагы демилгесин колдой турганына ыраазы болгонун айткан. (Окурман, бул жарыялаган макала толук басылды).

## ЖОЛ КУРУУНУ ЭЛ ТАЛКУУЛАСА

Кыргызстанда автомобиль жолдору канчалык көп курулса, элдин экономикалык, социалдык турмушуна, карым-катышына жакшы шарттар түзүлмөкчү. **Биз Кетмен-Төбөлүктөрдүн Президентибиз А. Атамбаевдин өлкөнүн түндүк-түштүгүн байланыштыра турган теңдеш автожол салуу тууралуу оюна өзүлөрүнүн ой-пикирин билдирген катын «Кыргыз-туусу» гезитинен** окудук. Анда, Таластан Өтмөк ашуусу аркылуу-Токтогул-Саргыта-Базаркоргон, Бишкек-Ош жолуна теңдеш боло турган ойлорун ортого салышат да «Талас менен Токтогулдун ортосундагы «Коргон-Шанек» кенин иштетүү менен ал жерден 6 га жерди суу баскан аянтка айландырып, жерди иштетип, дыйканчылык кылууга шарт түзүлөт» дешет. Алар 6 га жерди өздөштүргөн пайдадан башка, жолдун ири кен-байлыктардын жанынан жандап өтөрүн байкабай калышкан окшойт.

**Жыйынтыгында, Кетмен-Төбөлүк туугандар калыс гана, Казарман-Жалал-Абад-Ош багытында автомобиль жолдорун техникалык-экономикалык негиздөөнүн негизинде тажрыйбалуу адистер, экономисттер,**

**банкирлер, инженерлердин изилдеген анализи менен кайсы жолдун чарбалык, экономикалык, сациалдык жагдайлары көбүрөөк пайда келтирет, ошого жараша тыянак чыгарып, чечим кабыл алышы керек дешип, калыстык ойлорун билдиришкен.** (макала «Кыргыз-Туусу» №30, 23-апрель, 2013-жыл, тиркелет)

## Кытай корпорациясы (СКВС) жана дүйнөлүк банктын эксперттери Кыргызстанда

Президент А. Атамбаевдин көтөргөн демилгесин ар тараптан, ар кайсы аймакта жашаган элдин өкүлдөрүнүн маалымат каражаттарында аябагандай талкуулап жатышканы жөнүндөгү жогорудагы тиркелген макалалардан кийин, кандай маршруттагы темир жол салынаары тууралуу, маалыматтарды берүү зарыл эле.

2012-жылдын 17-апрелинде, КР транспорт жана коммуникация министрлиги менен Кытай корпорациясынын кызматташтык жөнүндөгү меморандумга кол коюлуп, бир жыл ичинде магистралдык техника-экономикалык негизин (ТЭН) иштеп чыгууга кытай тарап милдеттенгени белгиленген. Ушул келишимге ылайык, Кытай корпорациясынын темир жол салуу боюнча эксперттик тобу июлдун 1-10-күнүндө, Кыргызстанда болгон убактысынын ичинде, эки күн бою Тогуз-Торо районундагы биз сунуштаган багыттагы магистралды карап чыгууну көздөшкөн. Бул эксперттик топто кыргыз тараптан Канатбек Жумакадыров, Айдар Куралиев Кытайдан бардыгы 14 адамга жакын адистер Тогуз-Торонун территориясы аркылуу өтүүчү маршруттар боюнча изилдөөнү жүргүзүшкөн.

Биринчи күнү экспертик топту биз, райондун акими Идирисов Тилек, мен Ороков Бакы, ишкер Токтоболотов Таалай болуп, Кош-Дөбө тараптагы Ак-Мойнок ашуусунун белинен тостук. Ал жерге чейин, Үгүттөн-Баетов-Чолок – Кайың-Кош-Дөбө аркылуу Казарманга чейинки аралыкты карап чыгышкан. Ак-Мойноктун белинде пикир алышып сүйөшүүдө: ушул силер көрүп келе жаткан маршруттун абдан татаал айрыкча, Чолок-Кайың, Макмал, Орказгандын күнгөй бети, Макмалдан Көк-Арттын өрөөнүнө чейинки аралык аңгел-заңгел болгон майда бөксө тоолорду аралап, жол салуу аябагандай кыйын, татаал болмок экенин өз көзүңөр менен байкап көрдүңөр. Орказган өрөөнү кыш мезгилинде кар калың түшүп, такай катуу шамал болуп, өрөөндүн ичин 3-4 метрге чейин чай каптап, каткан кардан жолду тазалоодо, иштеген техникаларга эң чоң оорлук келет. Кыскасын айтканда, кыш мезгилинде такай үзгүлтүксүз каттам болбой, байланыш токтоп калат. Быйылкы кышта түштүк тараптагы Ош-Эркечтам-Кытай жол байланышы такай болбой, канчалаган убакыт транспорттун жыйылып, токтоп турганын баарыбыз телекөрсөтүүлөрдөн көрбөдүкбү? Мына ушул мен айтып жаткан аралык андан да жаман, ошондуктан, Үгүт-Чолок-Кайың-Орказган-Макмал тарабы менен өтө турган темир жол куруу маршрутун ойдон такыр эле чыгарып таштоо керек, анткени, түбөлүк жашаган эл биз, жердин сырын абдан жакшы билебиз деп айтып, Казарманга чейинки жолдо кайта-кайта кошумча түшүндүрмөлөрдү кулактарына куюп келдик. Кийин дагы, кытайлыктар экинчи ирээт вертолёт менен кайталап карап, өз көздөрү менен көрүшүп, ишеништи белем, биз менен макул болушкан.

Экинчи күнү, эксперт тобу эртең менен Казармандан Тунук-Тузга чейин, андан Нарын суусунун оң жээги менен Тулпар талаасына чейин барып, мурунку 1963-64 жылдары салынган эски жолдун нугун көрсөтүп, «ушул Нарын суусун бойлой Үгүткө чейинки аралыкты дааналап көрүп чыгуу керектигин» өтүндүк. Нарын дарыясын бойлото салынган жол менен кышы-жайдыр жол катышы үзүлбөйт, кар түшпөйт, айрым жерлерден кыска-кыска мойноктордон кесип өтө турган майда-майда колоттор болушу мүмкүн. Аларды жөн эле кесип өтөт. Экинчиси, Казарман менен Үгүттүн ортосу кыска, 40-50 чакырым гана, ошон үчүн ушул маршрут боюнча жол салынышы оң, экономикалык дагы, убакыт боюнча дагы утушка ээ болобуз» деп түшүндүрдүк.

Түштөн кийин, машиналар менен Атай аркылуу Калдама ашуусу менен өтө турган вариантын карап, Доржу каналын бойлоп барып, көрсөттүк. Ал жак адистерге анчалык жага бербеди. «Саймалуу-Таш» паркына дейре бара турган Көк-Арттын колотуна жете берген жердеги Мойноктун сол жагындагы чокуга жөө чыгып барганда, Көк-Арт ашуусунун берки күн чыгыш жак колоту Чет-Булактын Миң-Дөбөсүнө чейинки талаа, колоттор жакшы көрүнөт экен, ошолорду чокудан көрүп туруп, темир жол боюнча эки адис эксперти дароо айтты, ушул колот менен жогору Көк-Арт ашуусунан туннель аркылуу жол салууга ылайыктуу экен дешти.

Кайра артка жөнөп, Сары-Кыргa чейинки жолдун кокту-колот, майда белестер, ашууларды аралап, белге барып токтошуп, андан арт жакты кылчайып карашып, Көк-Арт белине чейинки аралыкка салыштырганда, бир кыйла татаал экенин, кеп салып, сүйлөшүп олтурушту.

Сары-Кырдын белинде геологиялык башкы фергана тектоникалык чоң жарака өтөт (тектонический большой ферганский разлом) илимий негизде мындай геологиялык чоң жарака өткөн жерден ар кандай техникалык курулуштар (өткөөлдөр) ж.б. жолго байланышкан сооруженияларды салып өткөрүүгө руксат берилбейт деген илим-изилдөө институттарынын берген маалыматтарын мен геолог катары айтып, Сары-Кырдын туу белиндеги талкаланып, майдаланган кара сланец таштарын көрсөтүп, бул жагдайда темир жол трассасын кантип өткөрүүгө болот??? Демек, биздин ушул убакка чейинки түшүнүк боюнча Сары-Кыр аркылуу туннель тешип жол салууга мүмкүн эмес деген Новосибирдик илим-изилдөө институтунун 1993-жылдагы Тогуз-Торо райондук партия комитетинин суроосуна берген жообунун корутундусун айтып, эксперттерге суроо салдым. Топтун ичиндеги экөөсү жаштары 50-60 курактагы темир жол куруу боюнча каныккан адистер окшойт: – Мага сиз мындай жерден жол салууга мүмкүн эмес деген түшүнүгүңүздү бизге айтып коркутпаңыз. Кытайдагы темир жол салуучу корпорация дүйнөлүк масштабдагы ири курулуштарды куруп жатышат. **Сиз көрсөткөн жер эмне болуп калыптыр, Тибет деген географиялык рельефтери абдан татаал, көк мелжиген, асман тиреген аска-зоолор аркылуу кырка тоолордон темир жол салышып, азыр ал жолдор иштеп жатат.**

Ошондой эле, жер шарты Тибеттен кем калышпаган Америка континентинде, Бразилияда дагы жол салып жатышат. Силердин Сары-Кыр ашуусу аларга салыштырганда, темир жолду алып өтүү биз үчүн проблема эмес-деп күлүп коюшту.

Сары-Кырдын Жалал-Абад тарап жагы аркылуу колот менен Тарам-Базарга чейин барып, ал жерден түштөнүп, тамак ичип сүйлөшүп олтуруп: -Кандай экен ушул жерге чейинки аралык? деп сурадым. «Белден-ушул жерге чейинки аралык деле, бир кыйла татаал, көп майда өткөөлдөр, көпүрөлөр салына турган колоттор көп экен» дешип, жактырбагандай ойлорун айтышты.

Тарам-Базардан жогорку Көк-Арт ашуусуна чейин барууга Калмак-Кырчын аркылуу жогорулай жолго чыктык. 15 км жогору карай Көк-Артты көздөй жол жүрүп бара жатып, Тарам-Базардан Көк-Арт ашуусуна чейинки аралык Сары-Кыр ашуусуна караганда, бир кыйла аралыгы жакын, түз болуп, жол салууга ылайыктуу экени даана көрүндү. Биз токтогон жерден Көк-Арт ашуусу жакын, даана көрүнүп калды. Мындан ары жол жүрүүгө болбой тургандыктан, артка кайта турган болуп токтодук. Эксперт тобунун ойлорун билиш үчүн, эки күндөн бери, чогуу жүрүп, биз сунуштап көрсөткөн багыттар боюнча суроо салдык. **Көк-Арт ашуусу менен Казарман-Үгүт боюнча жолду алып чыгуу, туура чечим болорун айтышты.** Алардын биздин сунушту жактырганына кубанып, Тарам-Базардан аларды Ошко узатып ийип, биз эртеси эртең менен Казарманга жөнөдүк. Жолдо келе жатып, келечекте кыргыз элине түбөлүк кызмат кыла турган темир жолдун, кара жолдун Казарман аркылуу өтүшүнө колдон келген аракетибизди жасап, түйшүктөнүп жүргөнүбүз жөнүндө бизден кийинки муундар ушул жазылган эскермени окуп калышса, кандай эмгек жасаганыбызды түйшүктүү убаракерчилигибизди эстээр бекен деген ойго келесиң.

Жаңы темир жол каттамын жана авто кара жолун тандоодо төмөндөгүдөй жагдайларды көңүлгө алуулары зарыл болучу. Алар:

– Калк жашаган элдүү конуштарды аралап өтүү;

– Мүмкүн болушунча, райондор аркылуу өтүүсүн да камсыз кылуу;

– Автоунаа кошумча жолдорун куруу;

– Жасалма курулмалардын мүмкүн болушунча аз санда болушу;

– Курулуш чыгымдарынын азайган жана пайдалануу натыйжасын көңүлгө алуу;

– Жергиликтүү рельефти жана климаттык өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу;

Ошентип, Кытай корпорациясынын адистер-эксперттери экинчи жолу 2012-жылдын сентябрь айында келишип, магистралдын бир нече варианттарынын өтүү каттамын иштеп чыгуу үчүн кошумча маалыматтарды чогултуп, иликтөөлөрүн жүргүзүп, кыргыз тараптын адистери менен бир нече жолу жумушчу кеңешмелерди өткөрүшкөн.

**Ар бир келгендеги жолугушууда биз келечекте каттам жол үчүн курула турган инфраструктуралар: ремонттук база катары депону жана көмөкчү чарба, мастерской, жумушчулар үчүн коммуналдык үйлөрдүн ж.б. тейлөөгө керек болуучу имараттар райондун борборунда жайгашып, салынышы керек экендигин да айтып, сунуштап жаттык.**

* * *

2012-жылдын 1-3-август күндөрүндө Дүйнөлүк Банктан жана КР транспорт министрлигинин адистери катышкан 11 адамдан турган эксперттик тобу келечекте курула турган Кытай-Кыргыз-Өзбекстан темир жолунун Кыргызстандын аймагынан өтө турган магистрал

багытын аныктоо максатында төмөндөгүдөй курамда келишкен.

1. Кордула Растоги – топтун жетекчиси, Дүйнөлүк Банк.

2. Ракеш Чокра – эксперт, темир жол куруу боюнча адис, Дүйнөлүк Банк.

3. Джон Виннер – эксперт, темир жол куруу боюнча адис, Дүйнөлүк Банк.

4. Джит Сонди – эксперт, темир жол куруу боюнча адис, Дүйнөлүк Банк.

5. Вульфхарт Пол – Дүйнөлүк Банктын айлана-чөйрөнү коргоо адиси.

6. Мамаев Кубанычбек Абдрахманович – министрликтин тышкы инвестиция тартуу бөлүмүнүн башчысы.

7. Аманбаева Юлия – министрликте контрак адиси, администратор.

8. Абдыгулов Асылбек – министрликтеги айлана-чөйрөнү коргоо адиси.

9. Кулукеев Нурлан, Куралиев Айдар – «Кыргыз Темир жолунун» адистери.

Эртеси, эртең менен вертолет учагына түшүп, Үгүт-Казарман, Үгүт-Ала-Бука суусун бойлой, Торугартка чейин, Баетов-Чолок-Кайың-Кош-Дөбө, Орказган-Казарман маршруттары боюнча көзөмөлдөп, трассанын болжолдуу кыйынчылык болуучу рельефтерин, жер шартын көрүп чыгышты. Түштөн кийин, машина менен Казармандан Орказган-Кылдоо-Ойкайың учаскаларын кыдырышты. Биз «кышкысын бул тараптан жол бербейт. кар калың түшөт, бороон чапкындын кесепетинен Орказган ичи, Кош-Дөбөгө чейинки аралык 3-4 метрге чейинки тереңдиктеги чай болуп (каткан кар) ал оңойлук менен тазаланбайт. Ошол себептен, кыш айла-

ры дээрлик жол катнашы болбой, 15-20 күндөп, токтоп калат. Ошондуктан, поезддин каттамын жүргүзүүгө болбойт» деп түшүндүрдүк. Кошумча синоптиктерден дагы маалымат алсаңар болот. Бул участокту Жергетал-Кош-Дөбө-Макмал-Орказган-Ойкайың багыты боюнча темир жол салууга мүмкүн эместигин эксперттик топко далилдүү айтып жаттык. «Үгүт-Казарман, Нарын дарыясын бойлото салынган темир жол ылайыктуу окшойт» дешип, биздин сунушту жактырышып өз ара кеңешип калышат.

Кечиндеси меймандап, өз ара сүйлөшүп, райондун экономикалык ж.б. жалпы абалы боюнча тааныштырып айтканда учурдагы топтун жетекчиси Кордула Растоги (аял киши жашы 40-50 чамада) райондун жашаган элинин санын, негизги чарбачылыгы, жаштардын иш менен камсыз болушу, ж.б.социалдык маселелер жөнүндө кызыгып сурап: «келечекте биздин долбоордо темир жолго байланышкан инфраструктураларды курууга (ДЭПО, мастерской, турак үйлөр, тейлөө мекемелери ж.б) байланышкан маселелерди чечүүдө киши күчтөрүн пайдалануу керек болот, ошондо биз ушуларды эсепке алып, пландаштыруубуз керек» деген суроолорду берип жатты. Ушундай суроодон кийин Идирисов Тилек район боюнча жалпы маалыматты берди. Андан сырткары, трасса Казарман аркылуу өтүшү абдан зарыл, анткени, бизге жакын туз продукциясын өндүрө турган Тунук-Туз кени, Миң-Теке көмүр кени, Айрыташтагы молибден кендерин иштетип, аларды поезд менен ташып, сыртка экспорт жасоого жетишебиз. Ошондуктан, мындай келечектүү Кыргызстанга экономикалык өнүгүүгө зор салым кошкон жол болоорун эскертип, Кытайлык эксперттердин көңүлүн буруп, түшүндүрүп дагы, ишендирип дагы айтып жаттык.

Кытай, Пакистан, Европа тараптан элге керектелүүчү өнөр жай товарлардын биздин районго келиши ал эми, биз тараптан чет өлкөгө экспорт болушу биротоло чечилип, сырттан келген товарлар арзан баада болуп, дефицит маселеси болбойт деген ойлорун ортого салып, айтып келип, поезд аркылуу кыйла арзанга бааланган өнөр жай товарлары менен элди камсыз кылууга жетишет турбайбызбы» – дейт ишкер Таалай.

Дүйнөлүк Банктын тобуна, кытайлык эксперттерге ынандырган сунуштарыбыздын тууралыгы жөнүндөгү аракеттерибизди алар дагы туура түшүнүшкөндөй болушту көрүнөт. Эртеси, автомашина менен Казармандан Тузга чейин, андан ары Кочкор-Дөбөгө чейинки эски курулуп бүтпөй, токтоп калган жолдун нугун көрсөттүк. Андан кийин, Казармандан Көк-Арт суусу менен-Кылдоонун суусунун кесилишине чейинки аралыкты көрсөтүп, Казарман-Атай, Калдаманын ашуусу, Көк-Арттын ашуусун, андан ылдый Кылдоонун суусунан өтүп, Миңдөбө аркылуу Чет-Булактын үстү жагы менен Казармандын үстүнкү талаасы аркылуу Тунук-Туз кенине чейинки аралыкты карап көрүштү. Сары-Кыр ашуусу аркылуу азыркы каттам болуп жаткан Казарман-Жалал-Абад автоунаа жолун ошону менен катар Көк-Арттын аркы бетиндеги Тарам-Базар-Көк-Артка чейинки аралыгын машина менен барып токтогон жерге чейин көрүп чыгышты.

Биз сунуштаган багыттардын баарын көрүп, анализдеп, салыштырып чыккандан кийин, Дүйнөлүк Банктын тобу дагы бир жолу Казарман аркылуу өтө турган каттам Жалал-Абад– Казарман-Үгүт (Нарын дарыясын бойлой) Кара-Кече багыты боюнча магистралдын курулушу туура болооруна ишенишип, макул болушкан ойлорун айтышкан.

Кытайлык адистер экинчи жолу кайталап, тактоо иретинде келишкенде, райондун Казарман-Бешкөл-Кызыл-Аңга чейинки аралыкты өз көзүбүз менен көрүп чыгышыбыз керек деген талабынан улам бул аралыкты мергенчилик кылып, жакшы билген, комбинатта юрист болуп иштеген Жумабаев Эдикти бир кишиси менен кошо жибердик. Алар экспертти экөөлөп ээрчитип жүрүп, жогорудагы аралыкты даана көзмө-көз көргөзүп, Үгүттөгү күтүп турган эксперттик топтун машинасына жеткиришкен. Ошондон кийин гана Казарман-Үгүт аралыгына чындыгында, кышы-жайы менен токтобой жүрө турган жол болушуна көздөрү жетип ынанышкан.

Ошентип биз, Кытайлык жана Дүйнөлүк Банктын адистерин жогоруда айтылгандай, аябагандай түйшүктүү убараланган кыйынчылыктарды башыбыздан өткөрүп, жыйынтыгында, аларды Кытай-Кыргыз-Өзбекстан эл аралык темир жолунун биз сунуштаган багыты терең изилденип, анализделип, ТЭН түзүлүп, жолдун негизги техникалык стандарттары бир нече жолу талкууланып, долбоор түзүүгө кабыл алынганы бизге белгилүү болду. Президент А.Атамбаевдин демилгесине ылайык кабылданган Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиялык планыны боюнча 2013-2017-жылдары курулушу башталып, бүткөрүлө турган транспорт жана коммуникация чөйрөсүндөгү Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол магистралы, анын ичинде өлкөнүн түндүк-түштүгүн бириктирген ички кыргыз темир жолу, ошондой эле, Ош– Бишкек авто жолуна альтернативдүү түндүк-түштүктү байланыштырган Жалал-Абад – Казарман-Арал-Жумгал-Кочкор-Балыкчы магистралы боюнча жол салынып бүткөрүлүүдө стратегиялык-экономика-

лык долбоор Кудай буюрса, ишке ашат деген ишеним болуп калды. Ошентип, Казарман аркылуу өтө турган темир жолу да, автоунаа жолу да республиканын негизги байланыш түйүнү болуп калары шексиз болуп, элибиздин илгертен берки жол азабын тартып, кыйналган чактары унутулуп, ал кез бир өтүп кеткен тозоктун кыйноосуна окшогон уламыш ирээтинде тарых барагында айтылып кала бермекчи.

## КЫТАЙ – КЫРГЫЗСТАН – ӨЗБЕКСТАН ТЕМИР ЖОЛУ КОНЦЕССИЯ ЖОЛУ МЕНЕН КУРУЛАТ

**КР транспорт жана коммуникация министри К. Султанов жол курулушу маселелери боюнча «Кыргыз Туусу» гезитинин суроолоруна жооп берди.**

*– Калыкбек мырза, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруу боюнча кандай иш-чаралар жүрүүдө?*

– Президент Алмазбек Атамбаев 2011-жылдын 28–декабрында Жогорку Кеңештин жыйынында экономикалык жана социалдык маселелер жаатында сөз сүйлөп жатып, «Мамлекет үчүн жолдор адамдын кан тамырларына барабар. Төрт дубалдын ортосунда кыпчылгансыбай, чыгыш керек. Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолу курулуп, аны менен кошо Кыргызстандын түндүк-түштүгүн бириктирген дагы бир автожол салуу керек. Ош – Бишкек жолу жалгыз бойдон калганы мамлекет үчүн кооптуу! Түндүк-түштүктү бириктирген дагы бир жол керек! Бул экинчи автожол менен темир жол бирдикте, түздөн-түз өлкөбүздүн коопсуздугун бекемдейт. Бөгөт деген сөздү унутабыз» – деп айткан эле.

Аталган темир жолдун курулуш долбоорун ишке ашырууну биргелешип алдыга жылдыруу максатында 2012-жылдын 17-апрелинде Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен Жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу боюнча Кытай корпорациясынын (СКВС) ортосунда кызматташтык жөнүндө меморандумга кол коюлган. Анда, кытайлык корпорация бир жыл ичинде магистралдын кыргыздар тарабы боюнча толук техникалык-экономикалык негиздемесин (ТЭН) иштеп чыгууга милдеттенген. ТЭПди даярдоо боюнча иштин программасына ылайык, кытай адистеринин биринчи тобу 2012-жылдын 1-июлунан, 10-июлуна чейин Кыргызстанда болушту. Тараптар «ТЭН долбоорун даярдоо боюнча адистердин биргелешкен отурумун өткөрүшүп, пикир алмашышты, техникалык суроолорду талкуулашты жана болжолдонгон кан жолдун жээктерине текшерүү жүргүзүштү.

– *Кыргыз тарап жол каттамын тандоодо кайсы маселелерге басым коюудабыз?*

– Жаңы жол каттамын тандоодо кыргыз тарап темир жолдун калктуу конуштар, райондор аркылуу өтүүсүн колдон келишинче камсыздоо үчүн автоунаа жолдорун элге курууга, жасалма курулмалардын санын азайтууга, бирок курулуш чыгымдарын, пайдалануу натыйжасын, ошондой эле жергиликтүү рельефти жана геологиялык шарттарды эске алуу менен курууга артыкчылык кылуу зарылдыгын белгилөөдө. 2012-жылы, сентябрда Кытай корпорациясынын (СКВС) адистери магистралдын өтүү каттамын иштеп чыгуу үчүн кошумча маалыматтарды чогултууга жана талаа иликтөөлөрүн жүргүзүүгө Кыргызстанга келип кетишти. Тараптар бир нече жумушчу кеңешме-жыйындарды өткөрүштү, алардын жүрүшүндө, ТЭНге кире турган

кан жолдун каттамынын негизги жолдору жана техникалык стандарттар талкууланды.

– *Темир жолдун кыргыз тараптагы курулушунда кайсы багыттар каралууда?*

– Жакында, кытай адистери дагы келишип, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол магистралынын курулушу боюнча техникалык-экономикалык негиздеменин болжолдуу долбоорунун бет ачарын өткөрдү. Кытай тараптын жүргүзгөн жумуштарынын негизинде каттамдарды иргеп алууда төмөнкүдөй 4 вариант сунушталды:

Түндүк №1: Торугарт-Ак Бейит-Кара-Булуң-Ат-Башы суу сактагычы – Нарын дарыясы – Көк-Арт-Жалал-Абад (428 чакырым)

Түндүк №2: Торугарт-Арпа-Фергана кыркасынын жээги – Көк-Арт-Жалал-Абад 243,6 чакырым)

Түштүк №1 жана №2: Торугарт-Түз-Бел-Арпа-Өзгөн-Кара-Суу (270 чакырым). Андан аркы текшерүүнүн жүрүшүндө, каттамдын түштүктөгү варианттарынан баш тартуу чечими кабыл алынган, анткени, алар коптуу тоо-геологиялык шарттардан, барууга кыйын болгон жана калк аз жайгашкан райондордон өтмөк.

– *Ошондо, кайсы жол Кыргызстан үчүн ыңгайлуу болууда?*

– Түндүк №1 варианты, калк көп жайгашкан конуштарга (Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондору) жана пайдалуу кендер казылып алынуучу жерлерге (Кара-Кече) жагымдуу жаратылыш-климаттык шарттарда коммуникациянын өнүккөн системасындагы райондор, шоссе жолдорунун түйүндөрү аркылуу жакын өткөндүктөн, ошондой эле, «Түндүк-Түштүк» келечектүү темир жол линиясынын узундугун кыскартууга мүмкүнчүлүк түзгөндүктөн, кыргыз тарап үчүн

өтө ыңгайлуу. Ошол эле мезгилде, бул вариант Түндүк №2 вариантынан 184 чакырымга узунураак, болжол менен 150 чакырым. Ал көп ири жана татаал жасалма курулмаларды камтыйт (100 чакырымча туннелдер, 62 чакырым көпүрөлөр). Бул курулуштун баасы өтө жогорулашына себеп болот (Түндүк №2 вариантына салыштырмалуу 35%га көп).

Түндүк №2 вариантында жолдун кыскалыгына байланыштуу транзиттик ташууларга карата атаандаштык күчтүүрөөк болот, жасалма курулмалардын саны да азыраак (79,5 чакырым түнөлдөр, 42 чакырым көпүрөлөр) жана курулушу төмөнүрөөк бааланмак. Муну менен катар айтылган вариант калк жайгашпаган, барууга кыйын болгон жерлер аркылуу жана кышкы мезгилде кыймылдын жабылып калуу тобокелдиги бар, катаал тоо шарттарында (кар күрткүлөрү, көчкүлөр) чоң жолго кошулуучу жол тармактары аркылуу өтөөрүн, ошондой эле «Түндүк-Түштүк» линиясынын узундугу көбөйүп кетерин эске алуу керек. Ошентип, биз темир жол Торугарттан Ат-Башыга түшүп, андан Ак-Талааны аралап, Казарманга келип, андан Сузакка Жалал-Абадга өтсүн деген вариантты сунуштап жатабыз.

Кудай буюрса, иш жылып атат. Кытай мамлекети да бул багыт боюнча техникалык-экономикалык негиздерин аныктаганга акча бөлүп жатат. Жакында эле, эки өлкөнүн өкмөттөрүнүн жыйыны өттү. Ал жерде да ушул маселе көтөрүлүп, каржылоо маселесин чечип, ылдамдаталы деген сөз болду. Азыркы тапта, кытай тарап ТЭНди иштеп чыгууну улантууда, жумуштарды бүткөрүү 2012-жылдын аягына мерчемделген.

*– Калыкбек мырза, бул темир жол магистралын курууда Дүйнөлүк банктын ролу канчалык?*

– Дүйнөлүк банктын сунушу менен 2012-жылдын 22-февралында көп тараптуу соодага дем берүүчү Траст фондунун донорлорунун каражатынын эсебинен, азыркы техникалык-экономикалык негиздеменин (ТЭН) айрым «Жагдайларын жаңылоо боюнча» жумуштарды каржылоого расмий өтүнүч жөнөтүлгөн. Негизги, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол магистралынын курулушу боюнча инвестициялык долбоор 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк программасынын улуттук 40 долбоорунун тизмесине киргизилген.

Дүйнөлүк банктын Кыргызстандагы кеңсесинин 2012-жылдын 26-апрелиндеги билдирүүсү боюнча, Траст фондуна берилген өтүнмө конкурстук тандоодон өткөн жана 942600 доллар каражат өлчөмү жактырылган. Бул гранттык каражаттар Дүйнөлүк банк тарабынан берилет жана Кытайдын Темир жол министрлигинин Долбоор-изилдөө алгачкы институту тарабынан аткарылып, азыркы ТЭН долбоорунун кээ бир аспектилерин жаңылоо үчүн эксперттер командасын жалдоого жумшалат. Бүгүнкү күндө, Дүйнөлүк банктын командасы эксперттер үчүн техникалык имаратты даярдоодо.

*– Темир жол курулушунун наркы такталып бүттүбү, же?..*

– Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолунун курулуш наркы туннелдерди жана тоо рельефинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, кытай адистери тарабынан 2012-жылдын аягына чейин аныкталат.

*– Долбоорду каржылоодо Кытай тарап менен кандай пикирге келдиңиздер?*

– Мурда темир жол үчүн Кыргызстан 2 миллиард доллардын тегерегинде насыя алат экен, же кен байлыктары берилет деген сөз жүрүп кеткен болчу.

Чындыгында, эч кандай кен байлыктар берилбейт, женилдетилген насыяны да албайбыз. Эки өлкөнүн эксперттер тобунун 2012-жылдын 2-майында болгон жолугушуусунда биз **концессия вариантын сунуштадык.** Алар да биздин сунушка макул болушту. Мында кайсы гана мамлекеттен болбосун **концессионер,** мисалы, жеке компания өзүнүн акчасына темир жол куруп, белгиленген бир мөөнөткө чейин иштетип, акчасын чыгарып алып, пайдасын көргөндөн кийин, өзүбүзгө өткөрүп берет.

*– Ал эми, түндүк-түштүк алтернативалуу жол куруу маселеси боюнча кандай иш-чаралар аткарылууда?*

Президент А. Атамбаев түндүк менен түштүк ортосундагы коопсуз жана үзгүлтүксүз каттамдарды жүргүзүү максатында альтернативдүү жолдорго ээ болуу зарылдыгына карата өзүнүн позициясын билдиргенден кийин, бул тапшырма КР Өкмөтүнүн, өзгөчө Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин көңүл чордонунда турат. Министрлик альтернативдүү жолдун курулушунун мүмкүн болгон жети варианты бар. Алар төмөнкү багыттарда өтөт:

**1-вариант.** «Бишкек-Кара-Балта-Тунук-Арал-Көкөмерен жана Нарын дарыяларынын кошулушу – Казарман-Сары-Кыр– Жалал-Абад-Ош» (болжол менен 582 чакырым).

**2-вариант.** «Бишкек-Балыкчы-Кочкор-Арал-Көкөмерен дарыяларынын кошулушу-Казарман-Сары-Кыр-Жалал-Абад– Ош» (болжол менен 582 чакырым).

**3-вариант.** «Бишкек-Балыкчы-Кочкор-Нарын-Казарман– Сары-Кыр-Жалал-Абад-Ош» – (болжол менен 774 чакырым).

**4-вариант.** «Бишкек-Өтмөк-Талас-Кызыл-Адыр-Кара-Буура ашуусу-Жаңы-Базар-Чапчыма ашуусу-Ала-Бука-Шамалды-Сай – Ош»(болжол менен 950 чакырым).

**5-вариант.** «Бишкек-Тунук-Арал-Чаек-Кара-Кече–Молдо-Ашуу-Жаңы-Талан-Кара-Коо-Казарман-Сары-Кыр-Жалал-Абад-Ош» (болжол менен 754 чакырым).

**6-вариант.** «Бишкек-Сокулук-Арал-Көкөмерен-Казарман-Сары-Кыр-Жалал-Абад-Ош» (болжол менен 520 чакырым).

**7-вариант.** «Бишкек-Балыкчы-Кочкор-Нарын-Өзгөн-Ош. Биздин министрликтин эксперттери узундугуна жана экономикалык максаттуулугуна карата, көрсөтүлгөн варианттардын эң кайрымжылуусу деп, **алтынчы вариантты аташат.** Бул вариант көптөгөн артыкчылыкка ээ. Биринчиден, бул жол азыркы Бишкек-Ош автожолуна (670 чакырым) караганда, дээрлик 150 чакырымга кыска жана бул каттам боюнча Ошко барууга аз дегенде 2 саат убакыт үнөмдөлөт. Андан тышкары, бул трассанын курулушу көмүр ташуу үчүн транспорт байланышын кыйла жакшыртат, анткени, Кара-Кече жана Миңкуш көмүр кендерине чыгуу жеңилдейт. Бул өз кезегинде республиканын түндүк жана түштүк аймактарында көмүрдүн наркына жана аны жеткирүүгө пайдасын тийгизет деп айтууга болот.

Мындан тышкары, жол Жумгалдын тоолуу аймактарындагы жаратылыштын башка ресурстарына, тактап айтканда, уран кендерине жетүүнү кошумча камсыз кылат. Бул геологиялык жактан келечектүү аймактын өнөр жай потенциалын жана инвестицияларды тартууну жогорулатууга өбөлгө түзөт. Жолдун кемчиликтери жокко эсе, бир гана, Сокулуктан Аралга чейин 194 чакырымга жакып аралыкты башынан



Президент А. Атамбаевдин Тогуз-Торого альтернативдү түндүк-түштүк автожолунун ачылышына келиши. Май, 2014-жыл. Сүрөттө солдон оңго Б. Ороков, Министр – К. Султанов, Кыдайдын Элчиси, А. Атамбаев.



Премьер-министр Өмүрбек Бабановдун Тогуз-Торого келиши. 29-март, 2012-жыл. Сүрөттө ондон солго: Ө. Бабанов, Т. Идирисов, Б. Ороков.



Солдон оңго: Жубайым Букен, мен, кызым Баян.
Июль, 2015-жыл.



Автомобиль, темир жол магистралынын өтүшүн тандоо учуру.
Сүрөттө солдон оңго: К. Мамаев, К. Султанов, Т. Идирисов,
Б. Ороков, Ж. Калипов, Кордуля. Май, 2012-жыл.



Сүрөттө автожолдун өтүшүн картадан талдап жаткан учур. К. Султанов, Б. Ороков, Т. Идирисов.



Дүйнөлүк Банк, Кытай, кыргызстандык жол адистери автожолдун, темиржолдун өтүш нугун Көк-Арт ашуусунан өтүшүн талдап жаткан учур. К. Султанов, Т. Идирисов, Б. Ороков, Ж. Калилов, К. Мамаев. август, 2012-жыл.



Караталаанын башынан, каналдын үстү жагы менен Көк-Арт белине чейинки көрүнүш. Жолдун нугу каналдын үстүн бойлой Көк-Артка барат.




Туркияда – Бодрумда эс алуу. Август, 2009-жыл, Бодрум, Жубайым Букен менен.



Туркияда – Бодрумда эс алуу. Кудам Асан, кудагый Жемиш, неберелерим Асель, Айсулуу, Алымбек. август, 2009-жыл. Бодрум.



Кызым Баян менен. Июль, 2015-жыл. Бишкек.




Оксфорд университетинин окуу корпусунда
неберем Алымбек менен. Май, 2013-жыл. Лондон



Уулум Азизбек, келиним Чолпон, неберем Алия.
Сентябрь, 2013-жыл. Бишкек.



Азизбек кызы Алия. Бишкек, августь, 2014-жыл.



У. Черчиллдин музейиндеги библиотека.
Лондон, май, 2013-жыл.

салууга туура келет. Аралдан Жалал-Абадга чейинки калган чакырымдары да оңдоону талап кылат, анткени, алар бузулуп эскирген абалда турат.

«Түндүк-Түштүк» альтернативдүү жолунун курулушу канча турары жана ал качан башталары жөнүндө айтуу азырынча эрте. Алгач, техникалык-экономикалык негиздемени жана такталган долбоорду иштеп чыгуу зарыл. Ушундан кийин гана, мындай жолдун курулушуна канча каражат керектелери жана бул курулуш канчалык деңгээлде экономикалык жактан максаттуу болоору аныкталат. Бүгүнкү күндө, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн документтерди иштеп чыгууга каражаттарды издештирүүдө.

*Маек курган* **Азимжан ИБРАИМОВ,**
*«Кыргыз Туусу» гезити, 7-декабрь, 2012-ж.*

## ЖОЛ КӨЙГӨЙҮНӨН ЧЫККАН ШАКАБАЛАР

Тогуз-Торо район аталып, өз алдынча Нарын областынын карамагындагы учурунда, болжолу 1944-50 жылдары болсо керек. Региондук партиялык, советтик кызматтын жетекчилери чогулуш-жыйындарга, ал эми, райондун мекеме, уюмдарынын башчылары ж.б жооптуу кызматкерлери Нарын областынын борборуна отчет бергени жайы-кышы барып турушкан. Ал кездегини азыркы мезгилге салыштырып болбойт эле. Райондун эли, мекемелердин чоңдору, райкомдун, райисполкомдун кызматкерлери Кош-Дөбөдөгү 1-Май колхозунда токтоп турган жеңил машиналарына кыш мезгилинде ал жерге чейин Айры-Таш ашуусун атчан

ашып, андан ары машина менен Нарынга барышчу экен.

Бир жолу, кыш мезгилинде областка Нарын шаарына райондун жетекчилери райондук партия комитетинин катчысы Кожалиев Турганбай, райондук комсомол комитетинин катчысы Калманбетов Асеин, райондук аткаруу комитетинин төрагасы Акимбаев Жылтыр, райондук айыл чарба башкармасынын башчысы Матаев Иса жана башкалар болуп, 15 адамдай топ атчан Айры-Таш ашуусун ашып, Кош-Дөбөгө жөнөп калышат.

Айры-Таш ашуусунун көчкү түшкөн жеринен көпкө кыйналышып, туу белине араң дегенде чыгышат. Орказгандын ичин да чай басып, ал жерден дагы аттары жүрбөй азап жешет. Андан ары Ак-Мойноктун ашуусун ашканда да биртоп азап тартышат.

Ошондой кыйналган учурда Турганбай Кожалиевдин белди ашып кыйналганда, өзүнчө капаланып, сөгүнүп-сагынып, тынчы кетип минтип айтканы бар экен: «Ээй туугандар, силер, биздин өткөн ата-бабаларыңарга таарынгыла, ушундай туш тарабы тоолор менен курчалган тунгуюкка келип жашап калышканына. Эмне үчүн, күнбатыш жагыбыздагы Жалал-Абад тарапта жашап калышпайт, же Чүй тарапта, же болбосо, Ысык-Көл жакта жашап, отуруктaшып калбайт дагы, кайдагы бир чункурга, адам жеткис жерге отуруктaшып калышканын карачы, биз кандай жашоодо, кыйналып, азап-тозокту тартып жатабыз. Ошентип, түпкү ата– бабаларга наалат айтып наааразы боло беүүчү»-дейт Асеин агай. Ал киши жашы 60 тан ашып улгайган, пенсия чыккан мезгилинде мен жетектеп иштеген курулуш уюмда кадрлар боюнча инспектор болуп, иштеп жүргөн мезгилинде кеп кылып айткан эле.

Кийинки мезгилде деле, өткөн ата-бабаларга наалат айтып «баары ууру, качкын, аяктары сайга токтоботон, начар кишилерден болушса керек, болбосо, келечек муундар жөнүндө ойлонушпайбы?» деп наалый берүүчү.

Аны уккан Чодиев Бектурган аксакал: (токтоо, калбаат, элге эмгеги сиңген, эл ардактаган киши эле) -»Ээй Турганбай! антип эле, наалат айта бербесең, андай эмес, менин түшүнүгүмдө, бир кезде Николай заманында элден малы, жаны үчүн салык алышчу, бойго жеткен балдарын армияга-солдатка деп алып кетүүчү экен, ошондон кутулуштун амалынан улам, ушул тарапта, төрт тарабы тоо менен курчалган чункурду ээлеп, жашап, бышыкчылыктуу болуп жерге эгин айдап, мал багып, тиричиликке ыңгайлуу дешип, ушул жерди ээлеп ыраазы болушуп жашаган. Анын эмнеси бар экен, мына азыр, биздин эл сен айткан Жалал-Абадка, Чүйгө, Нарынга самолет менен да, машина менен да, жайы-кышы каттап жатпайбызбы. Машиналар Нарынга Кара-Гөө тарабы менен дагы, ошондой эле сен кыйналган, ата-бабаларды жемелеген ашуулар Айры-Таш, Көк-Мойнок белдери аркылуу тынымсыз каттап жатышбайбы? – Ошондой оомал-төкмөл деген заман ушул, бир кезде сен айткандай кыйналсак, эми минтип, эки тараптан тең машина менен жол жүрүп атсаң, аба аркылуу самолет менен учуп бардык тарапка каттап жатпайбызбы? – деген экен.

* * *

Дагы бир икая бар: Айылдын аксакалы, ошол кездеги айылдын башчысы болуп иштеп жүргөн Дөөлөтов Буркандын айтканы эске түшөт.

Буркан аксакалдын Нарынга жетпей, Куланак (ал кезде район экен) азыркыча Куланак айылынын башчысы болуп иштеген досу бар экен. Дайыма Нарынга жыйынга кээде атчан, кээде машина менен барганда, ал досунун үйүнө конуп, экөө Нарынга чогуу барышчу экен.

Кийин, 1954-1955-жылдары болсо керек, Куланактагы досу Тогуз-Торого келип, Буркан аксакалдын айылында, жайлоодо конок болуп жүрүп, бир жумадай эс алгандан кийин, Нарынга самолет менен экөө чогуу учуп калышат. Досу экөө абдан тамашалашып, бирин-бири абдан шакабалашчу экен. Самолеттун ичинде Нарынга бара жатып: «Буркан, ээ дос, бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт» деген сөз бар, оомал-төкмөл дүнүйө деген ушул экен, кудайга тобо келтирем. Бир кезде Нарынга барыш үчүн, силердин үйгө чейин жол азабын тартып, канчалаган кыйналган жылдар өттү. Эми минтип, мен Казармандан самолетко түшкөндө чакчамдан наспайды оозума салып, андан кумарым Куланактын үстүнө келгенде таркайт, мен сени эстей коюп, эңкейип асты жакты караймын дагы, наспайымды шарт эткизе, сенин кашка башыңа түкүрүп, кылт этип Нарынга барып конуп каламын. Кудайдын кудуретинин калыстыгын кара, ошентип, бир кездеги кор болуп жол азабын тартып жүргөн мен, минтип, эми кыйналбай, сен болсо эптеп, ар кайсы өткөн машинаны тосуп, жол жүрүп Нарынга жеткиче, карачы, мен минтип, чай кайнамда эле самолетто, абада асмандап, Тогуз-Тородон Нарынга барып конуп каламын»– деп Куланактагы досун тамаша кылып, күлүп айтканын уккан элек. Ошол мезгилде «кукурузник» деп аталган кичинекей АН-2 деген 13 кишилик самолет учуп, Казармандан Нарын, Бишкек, Ош,

Жалал-Абад маршруттары боюнча тейлөөчү, кийин 1974-жылдан тартып, 30-35 пассажир ташыган ЯК-40 тибиндеги эл аралык бийиктикте, жогорку ылдамдыкта, анча-мынча аба ырайынын тоскоолдугуна карабай, жайы-кышы бирдей, күндө 2-3 жолу рейс каттап, элибиздин аба катнашы аябай жогорку деңгээлде тейленген. Союздун учурундагы шаарлардан кем калышпай, байланышыбыз жакшырган. Бул деген Тогуз-Тородо Кыргызстанда биринчилерден, алтын кенинин ишке киргизилиши менен райондун борбору Казарман айылында 4 кабаттуу үйлөр салынып, социалдык жактан тейлөөчү көптөгөн мекемелердин имараттары курулуп, ошону менен катар Казарман аэропорту дагы мезгилге жараша, жаңы типтүү долбоорго ылайык салынып, жогорудагыдай жакшы тейлөөгө жетишкендигинин себеби дагы кенге байланыштуу болгонун ачык айтышыбыз керек. Бул деген, жол байланыштын азабын тарткан мезгилин эл эстен чыгарбай, кыйналган күндөрүн унутушуп, адам кадимки эле түшүндө, жомоктогудай көргөн түшү өңүндө болгондой жашап калышты.

## Карабай Жыргалбеков менен сүйлөшүү

Кыргызстанда стратегиялык чоң мааниси бар Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу жана альтернативдүү Бишкек-Ош жаңы автомобиль жолун кыска мөөнөттө куруунун зарылчылыгы келип чыккандыгы боюнча Президент А.Атамбаевдин демилгесин колдогон биздин жазган кайрылуудан улам, мен Жыргалбеков Карабайга телефон чалып сүйлөшүп: «Президенттин делегацияны кабыл алуусунда болгондугубузду айтып, биздин ушундай чоң

демилгени көтөрүп жатканыбызды силердин кошуна Ак-Талаа элинин колдоосун уюштуруп, республиканын массалык маалымат каражаттары аркылуу колдой турган макалаларды жазгыла»-деген кеңешимди айтып, сурангам элем. Ал бул өтүнүчтү абдан туура түшүнүп, жакын арада сиздердин сунушту колдой турган Республиканын жогорку органдарынын жетекчилерине кайрылабыз деген убадасын берген эле. Андан көп узабай эле, «Кыргыз Туусу» гезитине жарыяланган Президентке, Жогорку Кеңешке, Өкмөткө «Жол элди, мамлекетти бириктириши керек» деген Нарын аймагында узак иштешип элдин, жердин шартын жакшы билген СССРдин учурунда жетекчи кызмат өтөгөн А.Салымбеков, К.Жыргалбеков, Ө.Мамбеталиев, Д.Берикбаев, М.Базаркулов ж.б кайрылуусу жарыяланат («Кыргыз Туусу» №33, 9-май, 2012-ж).

Бул жолдоштор Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун жана түндүк-түштүк автожолун чукул арада куруу боюнча президент А. Атамбаевдин демилгесин колдоп, ыңгайлуу варианттарын сунуштапкан.

«Элибиздин бириктире турган дагы бир жол керек»-деген талкуу, сунуш иретиндеги ойлорун айткан КР транспорт жана коммуникация министрлигинин инвестиция долбоорунун башчысы Кубанычбек Мамаевдин билдирүүсү, Тогуз-Тородон менин, Ак-Талаа районунан, Баетов айылынын тургуну КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Өмүрбек Дөлөевдин ойлору «Кыргыз Туусу» гезитине жарыяланат. **(Кыргыз Туусу №23 27–май 2013-ж) анда биздин сунуштаган долбоор боюнча убакыттан утушка ээ болобуз десек, ал эми, Өмүрбек Дөлөев: Атаганат, жаратылыштын катаал шартында каармандык менен жашап жаткан элге Жалал-Абад менен Тогуз-Торонун ортосундагы бийик ашуу аркылуу өткөөл жолдор курулса, тоолуктар сүйүнүшмөк. Бул**

жомоктогудай, түшкө кирбеген, түштөгү өңдө болгондой керемет нерсе. Жолдор салынса, Президент, Өкмөт баатырдык иш кылат деп тилек үмүтүн билдирген.

## Ош-Фрунзе жолун салууда А.Сүйөркуловдун аракети жөнүндө Ж.Алыбаевдин айтканы

Жумакадыр Алыбаев 1951-1952-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинде референт болуп иштеген, ага чейин Тогуз-Торо районунун аткаруу комитетинин төрагасы кызматында эмгектенген. 1953-1954-жылдары Чүйдөгү Искра колхозунун башкармасы, андан кийин, Тянь-Шань облусунун Ак-Талаа районунда керек-жарак Союзунун жетекчиси болуп иштеп жүрүп, кийин Тогуз-Торо районунда Каргалык айылдык Советинин төрагасы, райондук статистикалык бөлүмдүн башчысы, райондун Сельхозтехника бирикмесинде башкы бухгалтер, 1973-1974-жылдары мен жетектеген райондун курулуш уюмунда кадрлар боюнча инспектор болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыгып, Бишкекке көчүп кеткен.

Курулуш уюмда бирге иштеп жүргөндө райондун өткөн мезгилиндеги кайбир элибизге түшкөн оор учурлары жөнүндө кеп салып, сүйлөшүп калаар элек. 1946–1947-жылдары Ата-Мекендик согуш бүткөндөн кийинки согуштун кесепетинен убагында Кыргызстанда жетиштүү үрөн өтө тартыш болуп, айдалган эгинден жетиштүү түшүм алынбай, жылдын мезгилинин кургакчыл болушу өз таасирин тийгизип, эл эгин менен камсыз болбогондуктан, ачарчылыкка дуушар болушкан. Мына ушундай каат жылдары Тогуз-Торо эли дагы ачарчылыктын ичинде болуп, азапты тарткан. Ошол учурда мен дейт Жумакадыр райондун аткаруу коми-

тетинин төрагасы кызматында иштеп жаткан учур болуучу. Элде эгиндин жоктугу аз келгенсип, ал жылы кышы дагы оор болуп абдан суук болгон эле.

Айрым кыштактардан айылдарга каттагандар, ачкалыктан болуп, алы кеткен адамдар түнкү катуу суукка кабылганы жолдо тоңуп, набыт болуп аткандары болуп жатты. Көпчүлүк эл кымыран ичип, эптеп өлбөстүн аракетин жасап жатышты. Кыргыз Өкмөтү эгинден жардам берүүнү чукул тез арада чечпесе, жазга чейин мал төлдөгөн мезгилге жетпей, элдин көпчүлүгү ачарчылыктан өлүмгө учурашы айкын эле. Ушундай кыйын оор абалда райондун партиялык жетекчилери, баарыбыз кеңешип, мен Кыргызстандын өкмөтүнө аргасыздан жардам сурап барууга туура келди. Ошол учурда, райондун Чет-Булак колхозунда эки кампада биринде буудай, экинчисинде, арпа сакталган мамлекеттик эгин фондусунун эгини бар болучу.

Ага Москванын бийлик органдарынын уруксаты болмоюнча, эч ким алууга мүмкүн эмес эле. Менин максатым элди аман сактап калыш үчүн ушул эгин фондусунан, Өкмөткө барып, эгин айдап, күзгү түшүмдөн кайтарып берүүгө карызга эгин алуу болучу.

Ошентип, кыштын февраль айы болуучу, Фрунзеге барып Өкмөткө кирип, ал кезде өкмөттүн башчысы Сүөркулов Абды эле, ага кирип, райондогу элдин өмүрүнө түзүлгөн оор акыбалды түшүндүрүп айттым. Ал киши дагы мени түшүнүп, республиканын көпчүлүк райондорунда дагы силердей оор абалда жашагандар көп. Кандай кылып жардам беришти биз республиканын жетекчилери дагы кыйналып, чече албай жатабыз.

Москвага Борбордук Комитетке кайрылып, жалпы элибиздин муктаждыгын, Кыргызстандын оор акыбалын билдирип, аны чечип, жардам берүүнү суранып жатабыз деп, түшүндүрмө берди. Мен анын айтканын

угуп отуруп, өзүмчө аябай кыжаалат болуп, өкмөттүн башчысына-Сүөркуловго райондогу мамлекеттик эгин фондунан жазга жеткидей 1000 центнер арпага уруксат бербесеңиздер, мен Тогуз-Торого кайтып бара албаймын, кызматты тапшырып, бул жерде Чүйдө жашашым керек, кантип, чекесинен суукка тоңуп өлүп жаткан элге кайра барамын. Сизден эмне болбосун, оң жооп алып чечилмейинче, ушул жерден кетпей, күтө беремин деп чыгып кеттим.

Күнүгө, өкмөткө барып, кабар алып жүрө бердим. Өкмөттөгү жоолтуу кызматкерлер Союзга-Москвага республикада түзүлгөн оор акыбал боюнча маселе коюшуп, чечилишин күтүп жатабыз деп мага түшүндүрүп, кабарлап жатышты.

Ошентип, Фрунзеде 10 чакты күнү күтүп, жүрө бердим. Бир күнү мен жаткан мейманканага өкмөттүн жооптуу кызматкери (мени менен тааныш болуп, такай андан кабар алып сүйлөшүп турчу элем) телефон чалып, эртең саат 11-до келгин, өкмөттүн кабыл алуусунда болосуң, суранган ишиң оң чечилет окшойт, тезинен сени таап мага кирсин деп мага тапшырма берди, эртең кечикпей келгин деп трубканы коюп койду, эртеси эрте эле бардым. Сүөркулов кабыл алып, эртеңден калбай жөнөп, районуңа, элге баргын, Москва аркылуу сүйлөшүп жатып, араң дегенде уруксат алдым, өзүң суранган өлчөмдөгү Союздун эгин фондусунан республикага уруксат берилген арпадан силерге 1000 центнер бөлүндү, эптеп ушуну бөлүштүрүп берип, элди аман сактап калгыла, бирок күзгү эгиндин түшүмүнөн кайра фондко төгүп бересиңер, эртеңден калбай жөнөп кеткин, барып элге дурустап түшүндүргүлө, жазгы кош айдоого жакшылап кам көргүлө деген сөзүн айтып, узатып койду. Түндөп жол жүрүп, Тогуз-Торого келип, тезинен райондун чарбаларынын жетекчилерин

чогултуп, чогулуш өтүп уруксат берилген фонддун арпасынан элге тез арада баарына жетиштирип, бөлүп берилишин камсыз кылгыла деп тапшырма берип, ошондой эле, Кыргыз Өкмөтүнүн Союздан араң дегенде, бул бөлүнгөн арпага уруксат алганын жана убагында жакшылап, жазгы кош айдоону уюштуруп жүргүзүп, күзүндөгү алынган түшүмдөн толугу менен кайтарып берерибизди айтып түшүндүрдүм. Ошентип, райондун элин өлкөбүздүн аймагында болуп жаткан ачарчылыктан, анын ичиндеги биздеги болуп жаткан оор абалдан элибизди аман сактап калганбыз деп айткан, согуштан кийинки ачарчылыкты эскерип.

Тогуз-Тородо үч жылдан ашык райисполкомдун төрагасы болуп иштеп, кийин, 1952-1954-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинде иштеп калып, мурунку иштеген жооптуу кызматым боюнча Абды Сүөркулов менен иш боюнча жакын таанып болуп, каттапып калган элем. Айрым даталуу күндөрдө үйүнө барып жолугушуп, сүйлөшүп калаар элем. Аялы жаркылдаган кабагы ачык, үйүнө барган кишиге дасторкону дайыма жайылып турган жогорку адамгерчилиги бар аялзат эле.

Бир жолу үйүндө өзүнүн айылынан келген аттуубаштуу коноктору менен чогуу болуп калдым. Аларга Ош-Фрунзе автомобиль жолунун курулушу жөнүндө кеп кылып, айтканын уккан элем. Ошол жөнүндө айтып берейин деп мага айтканы төмөнгүчө: Эки жылдан бери, Союздун госпланы аркылуу СССРдин Өкмөтүнө Ош-Фрунзе жолун куруу керектигин айтып жүрөм. Республиканын түштүк тарабынан борборго транспорт каттабай, Эл чарбасына керек болучу ар кандай курулуш материалдары, элге керектелүүчү тамак-аш продуктылары ташылбай, эл абдан кыйналып жатат. Ошондой эле, кыш мезгилинде Суусамыр өрөөнүндө

жайгашкан малчыларга жол болбогондуктан, керек болуучу тоют менен камсыз кыла албай жатабыз. Ошонун себебинен, малдын чыгашасынын көп болуп жатканын далилдеп бир нече жолу СССРдин госпланынын кароосунда каралып, биздин сунуштар өтпөй жатты дейт. Дагы бир жолку жогоркудай сунуш Союздун Өкмөтүндөгү кеңешмеде каралып, талкуу жүрүп, анда дагы колдоого алынбай, кыска дем алыш болуп заседания залынан сырткары Кремлдин ичинде басып жүрсөм, Туркестан аскердик округдун командачысы, генерал Петров менен жолугушуп, учурашып калдык. Иш боюнча Ташкентте, Фрунзеде бир нече жолу жолугушуп жүрүп, жакын тааныш болуп калган элек. Ал, жолдош Сүөркулов эмне маселе менен бул жерде жүрөсүз деп менден кызыгып сурап калды. Жолдош генерал, эки жылдан бери республиканын жол байланышы Ош-Жалал-Абад тарабынан Чүйгө катнаш болбой, элдин абдан кыйналып жатканын айтып түшүндүрмө берип жатып, өкмөткө Ош-Фрунзе автомобиль жолун куруунун зарылчылыгы жөнүндөгү маселени өткөрө албай жатамын дедим.

– Кандай аргументтерди келтирип, сунуштап жатасыздар деп генерал менден кызыгып сурап калды?

– Республиканын жарымынан ашык Жалал-Абад, Ош областынын эли түндүк тарабы Фрунзеге жол байланышы болбой, эл чарба жүктөрү тартылбай, эл кыйналып, жалпы экономиканын өсүшүнө терс таасирин тийгизип жатат.

– Кышкысын Суусамыр өрөөнүндө жайгашкан республиканын түндүгүнөн 30% жакын жайгашкан малга өз убагында тоют жеткирип, камсыз кыла албай, малды көп чыгашага учуратып жатабыз, деген фактыларды айтып бердим. Жолдош Сүөркулов сиздин жол салууга дагы кандай кошумча аргументиңиз бар деди.

Негизинен ушул, жогоруда мен айткандан башка деле орчунду маселс жокко дедим.

– Анда, генерал Петров-эмесе, мен сизге төмөндөгүдөй кеңешимди беремин. Сиздин негизги айыл чарбасына байланышкан аргументиңизди алар өткөрүшпөйт. Союздун башка жерлеринде деле силердикиндей оор, чечиле албай турган экономикалык маселелер көп, ошол себептен сиздин сунушту өткөрүшпөйт. Республиканын СССР Өкмөтүнө коюп жаткан бул орчундуу жол боюнча маселеде, аскердик мааниси бар стратегиялык жол, айрыкча, жанаша жашаган Кытай өлкөсү менен байланышты арттыруу-бул келечектин орчундуу чукул арада мындай авто жолдун салынышы зарыл деген аргуметти сунуштун негизги бөлүгү катары көрсөтүп, Борбордук Комитетке дагы бир жолу кат менен кайрылгыла. Ал каттагы силердин сунушту карап чыгуу үчүн Госпланга, Коргоо министрине ж.б. тиешелүү Министрликке комплексный талдап, Өкмөт аркылуу сунушун берүүнү талап кылат. Ал кат биздин коргоо Министрине дагы жиберилет. Госплан дагы, Өкмөт дагы силердин кат боюнча талкуууга бизди да катыштырат. Менин оюмча Ош-Фрунзе жолунун салынышынын аскердик көз караш боюнча зарыл керек экенин мага караганда, силер жакшы билесиңер, ошондуктан, бул маселе боюнча бардык Өкмөттүк жыйындарга катышасыз дагы, Коргоо министрликтин атынан сунушунду билдирип жактайсыз деген тапшырманы мага берет дейт Петров. Бир аз убакыт өткөндөн соң, СССРдин госпланында каралып талкуууга мени чакырышты. Кыргыз Өкмөтүнүн сунуштарын талкуулаган учурда, бул маселе боюнча Коргоо министрлиги эмне дейт, сунуш барбы деп мага кайрылышты.

Мен дейт генерал Петров, Кыргыз Реснубликасында ОШ-Фрунзе жолунун салынышы биринчи кезекте ка-

ралышы керек. Бул деген военно-стратегический жол болуп саналат, Фергана өрөөнүндөгү жашаган элдердин келечекте чыгыш тарапка чыгуунун чоң мааниси бар. Ал жактагы Кытай өлкөсү менен дагы байланыш болуунун өзгөчө зарылчылыгы бар, аскер адиси катары жолдун тез арада салынышы максатка ылайыктуу. Бул маселенин оң чечилишин кубаттаймын жана жакынкы жылдары жолдун бүтүшүн камсыз кылууну сураар элем – деп заседанияда катуу белгилеп сүйлөптүр. Жыйынтыгында, Кыргыз Өкмөтүнүн сунушун жактаган Госпландын атайын токтому кабыл алынып, БК Саясий бюросу менен СССР Министрлер Советинин кошмо жыйынында Ош-Фрунзе жолунун курулушу беш жылдык планга киргизилип, бүткөрүлгөн болучу деп Сүйөркуловдун айтып бргенин, Жумакадыр Алыбаевдин айтканы эсимде.

Мына ошентип, Сүйөркулов Абдынын Ош-Фрунзе жолунун салыныш тарыхын кийинки жылдары ошол кездеги партиялык, советтик кызматтарда иштеп жүрүшкөн айрым атуулдардын республикалык гезиттерде жарыяланган макалаларынан да окуп жүрөмүн. Ошондой чоң эмгек жасагандыгы үчүн, Ош-Бишкек жолун Абды Сүйөркулов атындагы жол деген ысым бериш үчүн сунуштар болуп жатканын билебиз.

Бул жерде, эскерип айта турган сөз бар, Ата-Мекендик согушка чейин, түндүк менен түштүктү байланыштыра турган автомобиль жолунун курулушу Жалал-Абаддан Казарманга Көк-Арт белин ашып, Чамынды аркылуу Жумгал-Кочкор аркылуу долбоор боюнча салынып, кызуу иш жүрүп, Жалал-Абад тараптан Таран-Базардан – Казарманга чейинки аралыкта Көк-Арт ашуусунан араба менен ашып каттап турушкан экен. Жолду бойлото жер алдына көмүлүп тартыл-

ган кабелдерди (зымдарды) кийин биз бала кезибизде айрым жерлеринен казып алып көрүп жүрдүк.

Эгерде, Сүйөркулов Жалал-Абад-Казарман-Жумгал багыты боюнча салынып жаткан жолду согуштан кийин, кайрадан улантып, курулуш ишин жүргүзө бергенде, ошол мезгилде эле түндүк-түштүкү байланыштырган автомобиль жолу небак салынып бүтүп калмак экен.

Тагдырдын буйругу, азыркы үзгүлтүксүз жайыкыны менен тоо аралап, бийик татаал ашууларды ашпаган, изилденип түзүлгөн долбоордун негизинде Түндүк-Түштүк автомобиль жолу Жалал-Абад-Казарман-Арал-Чаек-Кочкор-Балыкчы жолу салынып жатат. Демек, Фергана өрөөнүндөгү жашаган Борбордук Азиядагы калктын кыргыз эли менен жол байланышы жакшырып, карым-катнаштары тереңдеп, түндүктөгү жаратылыштын адам суктанган эс алуучу жайларына, дүйнөгө аты белгилүү Ысык-Көл бермет көлүнө жылдын баардык мезгилинде келишип, ден-соолуктарын чыңдап, эс алып турууга толук мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт.

### Премьер-министр Апас Жумагулов: «Сары-Кыр бели 500 метрге төмөндөйт...»

Декабрь айынын башында районубуздун айрым көйгөйлүү маселелери боюнча райондон атайын уюшулуп, түзүлүп барган делегация, мен, Ороков Бакы, Көчөрбаев Сапарбек, Кодоев Арун, Масиров Шакирет болуп, Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри Апас Жумагуловдун кабыл алуусунда болгон элек.

Делегациянын койгон маселелерин өз ара талкуулап жаткан учурда, элибиздин кышкысын жол байланышы Жалал-Абад менен 6-7 ай бою Сары-Кыр ашуусундагы, белдеги кардын калың түшкөндүгүнөн,

бороон-чапкындын тийгизген таасиринен транспорт жүрүүгө мүмкүнчүлүк болбой токтоп калып жатат. Эгерде жергиликтүү жашаган калктын айткан ойлору боюнча, азыркы каттам өтүп жаткан белдеги бүркүттүн эсгелиги турган Мойнок ашуу бели бир азыраак төмөн болуп калганда эле, кышкысын ал жерден, Фергана тараптан биз жакка өткөн бороон-шамалдан улам, белдеги чай болгон кар азыраак болуп, аны техниканын күчү менен жолду тазалап, жүк ташыган транспортту үзгүлтүксүз каттатып койсо болчудай деген ойлор айтылып, сөз болуп калды. Ошондо, Апас Жумагулов мындай деген «Эгерде жакынкы аралыкта биз, силер айтып жаткан Сары-Кыр ашуусундагы белди (Мойноктогу машиналар өтүп жаткан жолду) техниканын күчү менен 400-500 метрге төмөндөтсөк, анда, тынымсыз кышындасы жол каттамы болот турбайбы, аны жасап койсок деле болот»,– демек, райондун элинин көп жылдардан берки кыйналган, жол азабы, байланыш маселеси биротоло чечилип калышы мүмкүн турбайбы деп, айтканы бар эле. Ошол учурдагы 1997-жылдардагы премьер-министр Жумагуловдун айткан оюу болучу. Өкмөт башчысы ушундай чечимге келип, жогору өзү айткандай, Мойнокту – белди ылдыйлатып, жолдун нугун төмөндөтүп, жол салынып калса, чындыгында эле, кыштын кыйын мезгилинде деле тынымсыз токтобой, каттам боло бермек. Ошентип, биз барган делегация эгерде өкмөт жогоркудай кыйын акыбалдан Жалал-Абад – Казарман ортосундагы Сары-Кыр белинен 1,5-2 чакырымга жакын аралыктагы төмөнкүдөй жолдун нугун жаңылап салып койгонго жетишсе, Казарман-Түштүк тарап менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, райондун социалдык-экономикалык абалы бир кыйла жакшырмак. Демек, райондун жол байланышы боюнча проблемасы чечиле турган мүмкүнчүлүктүн бар экенин дагы билдик.

## БИРИНЧИ БӨЛҮКТҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Биринчи жазылган эскермеден кийин 15 жылга жакын убакыт бат эле өтүп кетиптир. Ушул аралыктын ичинде кыргыз элинин өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп дегендей, анын ичинде биз жашаган аймак дагы өз башынан ар кандай кыйынчылыктарды жалпы эле кыргыз журту кечирген каатчылык турмушту өткөрүп жаттык. Андай мезгилде кандайча, андан кантип чыгуунун ар кандай жолдорун издеп табуу аны ишке ашырып жашоо үчүн кандай аймактарда жашаган эл өз алдынча жергиликтүү жаратылыш табиятынан өзгөчөлүктөрүнө жараша аракеттерин жасай беришет экен.

Тогуз-Торонун жалпы аянтын, жашаган элинин санына карата бөлүштүрүп, башка түштүктөгү бир топ райондорго салыштырганда бир кыйла көп аянт жер туура келет. Кышкысын анча суук болгону менен жайы ысык болуп, бардык жер-жемиштердин баары өсөт. Элдин санына жараша айдоо аянты жетишээрлик болуп, мал чарбачылыгына керектүү болгон тоют менен камсыз кылууга толук мүмкүнчүлүк бар, эгин айдалган жер суу менен камсыз болгондуктан, мол түшүм алууга да толук шарттар бар болуучу. Кыскартып айтканда, район өз алдынча өнүгүп, экономикалык абалын жакшыртып алууга толук кудурети жетиштүү эле.

Ошондой болсо дагы райондун жалпы социалдык абалы элди толук канааттандырбайт. Тийиштүү

деңгээлде учурунда чечилбей жаткан көйгөйлүү маселелери болуп жатты. Алардын өз убагында чечилип, тартипке келип аткарылышын камсыз кылуу максатында 2011-2012-жылдар ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку бийлик уюмдарына демилге көтөрүп маселе койгонубуздун жыйынтыгында Макмал алтын комбинаты өндүргөн алтынды сатуудан түшкөн доходдун 2% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке ай сайын түшүп турууусун камсыз кылган Жогорку Кеңештин мыйзамын кабыл алганга жетиштик. Бирок районубуздун экономикалык-социалдык абалын толук жакшыртууга жетишпейт, себеби алтын өндүрүү кескин азайды.

Ошондой «Кумтөр Оперейтинг» компаниясынын келтирген экологиялык зыяндан Ысык-Көл облусунун жана Нарын облусунун аймагынан кенди шитетүүдөн агып чыккан суулардын Нарын дарыясы аркылуу агып чыкканынан тийгизген зыяндын таасиринен калкка компенсациялык төлөм төлөп берүү жаатында Жогорку Кеңештеги түзүлгөн Мамлекеттик комиссиянын текшергендеги маалыматтарына ылайык эки областын элинин койгон талаптары боюнча 1% төлөмдөгү зыянды компенсациялоо маселеси курч коюлуп талкууланган. Биз дагы ушул компенсациялык төлөмдөн сыртта калбаш үчүн мамлекеттик комиссияга, Кыргыз Өкмөтүнө, депутаттарга кайрылган болчубуз. Анткени Нарын дарыясы районду ортосунан аралап өтүп элибиздин 60-80% айдоо аянтын сугарышып ушул агын суудан пайдаланышат. Ошол себептүү эгерде Нарын областынын аймагында жашаган элдерге компенсация төлөнө турган болсо, андан биз дагы сыртта калбай, алар менен бирдикте бизге дагы төлөнүшү зарыл. Бирок бул маселе Жогорк Кеңештин жыйынында каралып жатып аягына чыкпай талкууланган боюнча кала

берди. Эгерде кайрадан маселе козголуп карала турган болсо, райондун эли ал төлөмгө киришибиз тууралуу аракетибизди уланта бермекчибиз.

* * *

Эң орчундуу стратегиялык маселе болуп Кыргызстандын аймагы аркылуу өтө турган Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун салынышы болучу. Ошону менен катар түндүк-түштүктү бириктире турган Ош-Бишкек жолуна альтернативалуу автомобиль жолун куруу эле. Мындай демилгени Президент А.Атамбаев көтөргөн. Биз аны катуу кубаттап, темир жол жана автомобиль жолдорунун климаттын, географиялык жана экономикалык жактан туура багытталып изилдеп жаткан Кытайлык, Дүйнөлүк Банктардын, Республикалык Эксперттер тобу менен карым-катнашта аралашып кошо жүрүп терең түшүндүрүү менен биздин аябагандай аракетибиздин жыйынтыгында темир жолдун акыркы варианты, 6-7 сунушталган ар кандай татаал тоолор арасында өтө турганына ар региондордун өкүлдөрүнүн ой-пикирлерин эске алып, аягында эл аралык эксперттин комиссиялык топтору (Бүткүл Дүйнөлүк Банк, Кытай, Кыргыз Республикасынын эксперттер тобу) биз ылайыктуу деп сунуштаган магистралды кабыл алышып, ал боюнча технико-экономикалык негиз (ТЭН) түзүлүп ага ылайык Жалал-Абад-Казарман-Үгүт-Ат-Башы ГЭС, Ак-Бейит-Торугарт магистралы болуп эсептелинет. Бул трасса аркылуу технологиялык автомобиль жолу деле салынаары шексиз.

Темир жол курулушу менен катар автомобиль жолунун салынышы биринчи кезекте болуп, бул багыт боюнча дагы комплекстүү иш жүргүзүлүп, көп аракет-

ти жасадык, бир нече жолку изилдөө анализден өтүп, кийин «Кыргызавтожолдолбоорлоо» институтунун адистери менен бирдикте жүргүзгөн аракеттин жыйынтыгында Жалал-Абад-Казарман-Арал-Чаек-Кочкор-Балыкчы альтернативалык Түндүк-Түштүк автомобиль жолунун салынуу долбоору кабыл алынып, анын курулушунун ачылышына Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев атайын келип 4-май 2014-жылы жолдун башталыш лентасын кести.

Жогоруда аталган автомобиль жана темир жолдордун салынуу багыттарын кабыл алууда биз сунуштаган багытка бир канча каршы пикир, сунуштар айтылып, гезиттердин беттеринде, телеберүүлөрдө аябагандай талкуулар болуп, катуу күрөш жүрдү. Аягында эл аралык адистердин, «Кыргыз жол курулуш долбоорлоо» институтунун каныккан көп жылдык тажрыйбасы бар бийик деңгээлдеги профессионал адистердин далилдеринин негизинде жогоруда көрсөтүлгөн багыттагы автомобиль жолунун варианты кабыл алынып кызуу иш жүрүп 2018-жылы бүткөрүлүп, эксплуатацияга берилет деген ишенимде күтүп жатабыз.

Президент А.Атамбаевдин ШОС мамлекеттеринин Кыргызстан, Казакстан, Тажикистан жетекчилери Тажикистан-Кыргызстан-Казахстан-Россия автомобиль жолун курууну пландаштырып, аны менен кошо темир жол курууну максат кылышып, макулдашылган документ кабыл алышып, кол коюшкан. Ушул сүйлөшүлгөн документке байланыштуу Алма-Ата долбоорлоо институтунун адистери 2014-жылдын жай айларында келишип Казарман-Арал-Чаек багыты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп кетишкен. Келечекте альтернатива кара жол менен бойлой темир жолу дагы курулуп калыш мүмкүнчүлүгү бар экени дагы үмүттө.

2015-жылдын 2-мартта КР Транспорт жана коммуникациялар министри К.Султановдун Түндүк-Түштүк Кытай-Кыргызстан темир жолунун курулушунун жаңы варианты жөнүндө билдирүү жасады. Анда темир жолдун узундугу 427 км болуп Торугарттан Ат-Башыга, андан Ак-Талаа аркылуу Казарманга барып, Жалал-Абадга чейин барат экен. 419 км де Ак-Бейитте жүк алмаштыруучу станциясы курулат. Ат-Башы ГЭСинин айланасында узундугу 12 км, Макмал станциясында узундугу 1,1 км, Атай станциясында – 1,2 км, Сузак менен Жалал-Абаддын ортосунда 8,4 км туннель, бардыгы 22,7 км туннель өтөт экен. Жакынкы жылдарда Кытай тараптын демилгеси менен Кыргызстандын аймагы менен Европа, Азияга чыга турган темир жолу курулаары анык окшойт. 2013-жылдагы кыргыз тарап сунуштаган вариантка Кытай макул (биз сунуштаганга) болуп ТЭО негизин түзүшүп, бирок темир жолдун колеясынын Европалык жана Россиялык вариантынын Кытай тарап Европалык вариантынын колеясын, туурасы 1 метр 435 мм стандарттын кабыл алышкан. Ушуга Россиялык эксперттер каршы болушуп, ушул себептен долбоор токтоп калган. Анткен себеби: россиялыктар батыш багытындагы Сибирь, Поволжья жана Урал тараптар аркылуу өтүүсү бул коркунучтуу абалды пайда кылаарын эскертип долбоорго макул болушкан эмес.

Ал эми Иран мамлекети 2010-жылы темир жолду Иран-Афганистан-Тажикистан-Кыргызстан-Кытай маршрутундагы долбоор боюнча 215 км жолу Кыргызстандын аймагы боюнча өтө турган болучу. Орто Азия мамлекеттеринин Душанбидеги жыйын Саммитинде келечекте темир жол куруунун ТЭОсу түзүлүп жана финансылык булактарын аныктоого макулдашкан документтерди кабыл алышкан.

Демек, Кыргызстандын аймагынын азыркы салынып жаткан автомобиль жолу келечектеги курула турган темир жол Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан-Тажикистан-Кыргызстан-Казакстан-Россия жолдору бардыгы Тогуз-Торонун Казарман айылы аркылуу өтүп, район тогуз жолдун тоому болуп, элибиз ушул жолдордун тийгизген оң таасиринен улам жашоо тиричиликтери жакшырып республикадагы эң алдыңкы маданий экономикалык жактан өнүккөн, алдыңкы катардагы район болуп калаары шексиз.

Айрыкча Түндүк-Түштүк альтернатива автомобиль жолунун акыркы кабыл алынып салынышына иш жүзүндө талыкпай калыс уюштуруу ишин алып барып, ишмердик кылып жүзөгө ашырууда КР Транспорт жана коммуникациялар министри Калыкбек Султановдун жасаган эмгегин жогору баалоого татыктуу экени чындык. Буга райондун эли дагы ыраазы, күбө болот.

Ал эми «Кыргыз автодолбоорлоо» институтунун директору, техника илимдеринин доктору, бай тажрыйбасы бар, жол куруучу каныккан адис Жамшит Калиловдун бир нече жергиликтүү кызыкчылыктарды көздөгөн сунуш-пикирлердин түшүп айтылганына объективдүү көз караштa туруштук берип, профессионал жол куруучу катары жалпы элдик мамлекеттик кызыкчылыкты жогору коюп, Жалал-Абад-Казарман-Чаек-Балыкчы автожолунун долбоорун иштеп чыкканына эң жогорку бааны берүүгө татыктуу – себеби долбоор Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин кеңири талкуусунда жактырылып кабыл алынган.

Альтернатива жолдун биздин аймакты аралап өтүшүнө талаш-тартыш маселелерде жергиликтүү жаратылыштын өзгөчөлүктөрүнө жараша олуттуу ой-

пикир сунуштарды айтып далилдеп, Казарман аркылуу аралап өтүшүнө башынан аягына чейин активдүү катышып, чоң эмгек жасашкандар Аким Идирисов, Тилек, Ороков Бакы, ишкер Токтоболотов Таалай, ДЭУнун башчысы Эшенкулов Улан, акимчиликтен айдоочу Кожомбердиев Таалайбек болушкан.

Окурман менин кийинки 15-20 жыл аралыгындагы Тогуз-Торонун жалпы эли үчүн колумдан келишинче, алымдын жетишинче тим жатпай болгон аракетимди жасап, жогоруда айтылган каражаттык төлөмдүн берилишин жана курула турган автомобиль жана темир жол курулушунун учурунда тынымсыз аракеттер жасалбай камкордук көрүлбөсө, жогоруда аталган жолдордун салынышы өзүнөн-өзү эле Түндүк-Түштүк автомобиль жолунун биз сунуштаган вариантта салынбайт болучу, бир кудай билет, бир кудай өзү күбө болот... Ошондуктан кийинки муундарга жеткиликтүү туюндурма болсун деген максат менен ушул жүрөктөгү көп жылдан берки чогулуп жүргөн ойлорду жазып койдум.

*12-март, 2015-жыл.*

## Экинчи бөлүм

# ТИРКЕМЕЛЕР

Тиркемелер өз алдынча бөлүк болуп аталып түзүлүшүнө мемуардын биринчи бөлүгүндөгү жүрөктөгү ойлордун айтылышындагы негизги максаты Тогуз-Торонун жалпы экономикалык социалдык өнүгүшүнө байланышкан көйгөйлүү маселелери Республиканын жогорку бийлик органдар, Парламент, Өкмөт, Министрликтердин деңгээлине чейин коюлуп алардын түздөн-түз оң багытта чечилип аткарылышы үчүн учурунда биз тараптан жиберилген кайрылууларыбызга жана сунуш каттарыбызга берилген жооптору жана Жогорку Кеңештин кабыл алган Мыйзамы киргизилген. Ошондой эле темиржол, автожол жөнүндөгү сунушталган варианттагы схемалар жана акыркы кабыл алынып курулушу кызуу жүрүп жаткан түндүк-түштүк альтернатива Ош – Жалал-Абад – Казарман – Арал – Чаек – Кочкор – Балыкчы автомобиль жолунун долбоору тиркелген.

Мындай тиркемелер бөлүгү болуп өзүнчө киргизилиши автордун биринчи бөлүмдөгү жасаган иш-аракетин окурман окуп таанышып билип жатып кандайдыр бир мактангандык катары кабыл албай, тиркемедеги жиберилген кайрылууларды, атайын өз алдынча жазылган каттарды ошондой эле аларга берилген жооптор жана көтөрүлгөн маселелер боюнча Республиканын газеталарынын беттерине жарыяланган материалдардын түп нускаларынын даталарына чейин, даана көрсөтүлүп киргизилгенининин себеби окурман болгон чындык экен

деп ишеним болсун үчүн дегендик. Ошентип, жогорудагы тиркелип көрсөтүлгөн документтердин негизинде биздин койгон сунуш талаптар максатына жетип жыйынтыгында Макмал алтын комбинатынын өндүргөн алтындан районго эки пайыз өлчөмдөгү акча каражатынын берилиши тууралуу Жогорку Кеңештин мыйзамы чыгып, түндүк-түштүктү байланыштырган альтернатива Ош – Жалал-Абад, Казарман – Балыкчы автожолунун курулуп жатышы күбө болот.

*Бишкек шаары, август, 2015-жыл.*

Премьер-министринде болгон кеңешменин

ПРОТОКОЛУ

совещания у Премьер-министра Кыргызской Республики

5 декабря 1997 г. №4/20

Катышкандар:
Присутствовали: М.Джангарачева, Н.Касиев, А.Абдурехменова, Ж.Сатыбалдиев

От министерств и ведомств: А.Джакыпов, Т.Муратов, С.Молдокулов

От Тогуз-Тороуского района: Ш.Масиров, Б.Ороков, С.Кочорбаев, А.Кодоев

## ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Применение коэффициента доплат ко всем социальным выплатам в Тогуз-Тороуском районе 1,45 (за высокогорье) вместо действующего в районе - 1,20 (за отдаленность и труднодоступность).

2. Перераспределение налога на прибыль, с тем, чтобы в бюджете Тогуз-Тороуского района оставалось до 20 процентов налога.

3. Ремонт автодорог в Тогуз-Тороуском районе. Открытие дополнительного авиарейса в Казарман в зимний период.

4. Капитальный ремонт водопроводных сетей и установка новых водопроводных колонок в Тогуз-Тороуском районе.

5. Напряженная медицинская обстановка и санитарное состояние Тогуз-Тороуского района.

## ВЫСТУПИЛИ:

По первому вопросу: Абдурехменова А.Б.

Принято решение: поскольку данный вопрос противоречит действующему законодательству, коэффициент доплат во всем районе (кроме сел Доломоль и Макмал, расположенных на высоте свыше 2000 метров) оставить прежний - 1,20.

По второму вопросу выступил Молдокулов С.

Принято решение: Согласно налоговому кодексу Кыргызской Республики налог на прибыль распределяется так: 65% - республиканский бюджет, 35% - местный бюджет.

50 процентов от отчислений в местный бюджет (от 35 процентов) оставлять в Тогуз-Тороуском районе на развитие инфраструктуры.

Губернатору Джалал-Абадской области Б.Талгарбекову пересмотреть нормативы распределения местного бюджета.

По третьему вопросу выступили: Сатыбалдиев Ж.Ж.,Муратов Т.

Принято решение: в бюджете на 1998 год Министерством транспорта и связи Кыргызской Республики на ремонт автомобильных дорог в Тогуз-Тороуском районе предусмотрено 2,11 млн.сомов, в том числе:

Казарман-Акталгат - 1,1 млн.сомов,

Казарман-перевал Сары-Кыр - 0,55 млн.сомов,

Макмал-перевал Ак-Мойнок-Кош-Тюбе - 0,45 млн.сомов.

Также, при создании в 1998 году "дорожного фонда" из этих средств будет выделено дополнительно 0,5 млн.сомов для текущего ремонта дорог Тогуз-Тороуского района.

Национальной авиакомпании "Кыргызстан аба жолдору" решить вопрос открытия нового рейса по маршруту "Бишкек-Казарман" с периодичностью 2 раза в неделю на зимний период. При этом тарифы на билеты не должны превышать установленных тарифов на билеты по маршруту "Бишкек-Джалал-Абад".

По четвертому вопросу выступила Джангарачева М.К.

Принято решение: Правительство Кыргызской Республики закупит 20 /двадцать/ водопроводных колонок.

Райкенеш проведет все земляные работы и установит водопроводные колонки.

По пятому вопросу выступил Касиев Н.К.

Принято решение: в январе 1998 года направить в район комплексную комиссию, включив туда медиков и представителей от Министерства образования, науки и культуры, Министерства транспорта и связи, Кыргызжилкоммунсоюза для обследования, изучения и принятия конкретных мер по улучшению санитарного состояния региона и медицинского обслуживания.

Премьер-министр А.Джумагулов

4141

13 12 7

**Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин торагасы**
**Акматбек Келдибековке.**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаты**
**Камчыбек Ташиевке.**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин экономика жана бюджеттик комитетинин торагасы Акылбек Жапаровко.**

Тогуз-Торо району Республикадагы климаттык шарты абдан оор, эң алыскы райондордун бири болуп, борборго жол байланышы бийик тоолордун ашуулары аркылуу салынган татаал жолдор менен байланышат.

Жалал-Абад тарабына 7-8 ай кыш мезгилинде жол байланышы жабылып калгандыктан Нарын тарабы менен 4-5 ай 600 км аралыкта Бишкекке каттышып тамак-аш жана онор жай товарларын ташып келишип камсыз болуп кыйналып жатышат. Бишкектен ташылып келинген элге керектелуучу товарлардын транспорттук чыгымдын эсебинен 2-3 эсеге кымбаттап, райондун элинин жашоосуна терс таасирин тийгизип жакырланып жатат.

Райондо Республикада биринчилерден болуп алтын онор жайынын флагманы болгон «Макмал алтын»- комбинаты 1985 жылдан бери ишке киргизилип Кыргызстандын элине – бюджетине тиешелуу ири олчомдогу акча каражатын берип жатат.

«Макмал алтын» комбинаты 1985 жылдан 2000 жылдар аралыгында ар жылы бир тоннага жакын алтын продукциясын ондуруп Республиканын бюджетине чоң салымын кошуп жатты. Акыркы жылдары алтын ондуруу жер алдында татаал технологиялык ондуруштук жолдор менен иштешине байланыштуу, ондургон металлдын оздук наркы кымбаттап рентавелдуулук томондоп баратат». Жогорку Кеңештин чечиминин негизинде жергиликтуу бюджетке комбинатка тушкон пайданын 35 %тин Жалал-Абад областы менен болушуп район ушул убакытка чейин 8-10 % улушун алып пайдаланып келдик. Кийинки учурда материалдык жабдуулардын кымбатташы, кенди жер алдында иштетип ондуруунун татаалдашынан улам ондуруудон тушкон пайда каражаты болбой, айрым учурда ондуруш 2-3 айлап токтоп калган фактылары бар. Ошентип районго акыркы жылдары «Макмалалтын» комбинатынан тушо турган финансалык жардамдар болбой калып жатат. Ушундан улам жылдан-жылга районубуздун жалпы эли жакырчылыкка айлануу менен социалдык-экономикалык жалпы абалы кескин томондоодо.

Ысык-Колдогу «Кумтор» алтын ондургон компаниясынан Жети-Огуз районун элинин койгон талаптарынын негизинде, компания ондуруп сатылган продукциясынын суммасынан кайсы бир пайыз олчомдогу акча каражатын ай сайын болуп алышып область, район чоң финансалык жардамды алып жатышат.

Биздин эл дагы Жети-Огуз районунун элинин мындай жардамга кантип, кандай жол менен жетишкендигин жакшы билебиз. Алардын автомобил-магистралдык жолдорду тосуп, жабышып, митинг, пикет

узоштуруп ызы-чуу менен аракет жасашканын. Биз азырынча андай ызы-чуу кылган жаман жолго барбай Сиздерге кайрылып мамлекеттик мыйзамдаштыруу жолу менен чечип берууну суранат элек деген Сунуш менен кайрылып жатабыз.

Комбинаттын иштеши жылдан-жылга начарлап, алтын ондуруу азайып баратат, анткени геологиялык алтын запасы дагы тугонуп бара жатат, 3-4 жылда жабылып иш токтоп калышы дагы мумкун.

Биз коп убакыттан бери жогорудагыдай кыйналган турмушту кечирип жашап чыдап эле келе жатабыз. Райондун социалдык абалы абдан начарлады. Борборубуз Казарман айылынын кочолоруно тошолгон асфальттары дээрлик бузулуп жараксыз, айыл кыштактарда социалдык объектилердин жалпы абалы томондоп каралбай, ал эми Казарман айлындагы эл таза суу менен толук камсыз болбой тейлоо иштери дагы жакшы болбой жатат.

Жогоркудай районубуздун элине тузулгон оор абалдан чыгуу учун биз томондогудой суроо талаптарды сунуштайбыз :

1. Жогорку Кеңештин ар бир фракцияларынын окулунон депутаттык комиссия тузулуп, тез арада райондун жалпы социалдык - экономикалык абалын карап чыгууну, же болбосо, Кыргыз Республикасынын окмоту тарабынан атайын тузулгон комиссия биздин сунушту жеринен карап чыгышса.

2. Биз сунуштаган жогорудагыдай комиссиянын бири районго жиберилип, «Макмалалтын» комбинатын ондургон продукциянын Республикага сатылган суммадан 1-3 пайызга чейинки акча каражатты Тогуз-Торо районунун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багыттатып аны «Кыргызалтын» акционердик коому тарабынан ай сайын (ондуруп сатылган продукциядан) которуп берип турууну чечууну сурайбыз.

Бул кайрылууну тез арада кароону биз коптон коп кутобуз. Эгерде конулго албай узара турган болсо Тогуз-Торонун эли кутулбогон ар кандай чараларга барышы мумкун.

**Тогуз-Торо районy, Казарман айылынын тургундары:**

**Бакы Ороков: Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу, КР озгочо эмгеги учун пенсионер.**

**Мамбетжанов Дуйшобай :Кыргыз Республикасынын онор жайына эмгек сиңирген ишмер, КР озгочо эмгеги учун пенсионер**

**Мокеев Мелис : Эмгектин ардагери, пенсионер.**

**Масиров Шакирет :Эмгектин ардагери, пенсионер.**

**Жусубалиев Окентай : Пенсионер.**

# ТОГУЗ-ТОРОНУН БЮДЖЕТИНЕ ЭКИ ПАЙЫЗ КОТОРУЛУУДА

«Кыргызалтын» ачык акционердик коому «Кыргыз Туусу» гезитинин 2011-жылдын 15-апрелиндеги №28 санына жарык көргөн «Тогуз-Торону томсортпогула» аттуу макаланы карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 316, 319 жана 322-беренелерине ылайык, «Макмалалтын» комбинаты филиалы 2010-жылдын 1-январынан тартып, сатылган алтын менен күмүштү кошо эсептегенде, товарды сатуудан, кызмат көрсөтүүлөрдөн, сатуудан 2 пайыз өлчөмдөгү салыкты Тогуз- Торо районунун бюджетине которуп келет.

2010-жылдын 1-январынан тартып, Тогуз-Торо районунун бюджетине «салык кодексинин XII бөлүмүнө ылайык, «Макмалалтын» комбинаты филиалынын мүлкүнө болгон салыгы которулууда.

Азыркы учурда «Макмалалтын» комбинатынын ишмердүүлүк өмүрүн узартуу боюнча иш-чараларды каржылоо маселеси «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун алдында биринчи кезектеги тапшырмаларынын бири болуп турат. «Макмал» кенинде алтындын запасы түгөнүп баратат. №10 жана №11 штольнялардын төмөнкү горизонтторунда жана жаңы кен чыккан жерлерде геологиялык кен чалгындоо жана калыбына келтирүү иштерине, жаңы калдыктарды сактоочу жайдын курулушуна абдан көп өлчөмдөгү каражат талап кылынууда. Ушул көрсөтүлгөн иш-чараларды ишке

ашырууга акча каражатынын жетишсиздигинин кесепети «Макмалалтын» комбинаты филиалынын каржылык-чарбалык иштерине терс таасирин тийгизүүдө. 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча «Макмалалтын» комбинаты филиалы 240,5 кг алтын өндүргөн, бул болжолдонгондон 56 пайызга аз. Планды аткара албагандын себеби болуп казылган кенде алтындын өлчөмүнүн төмөндүгү эсептелет, жыйынтыгында ал филиалдын чарбалык ишмердигине терс таасирин тийгизди. 2010-жылы филиал 100,9 миң сом чыгаша тартты, ал эми 2011-жылдын 1-кварталында чыгаша 1,5 млн. сомду түздү, болжолдоолорго салыштырмалуу иш жүзүндө алтынды өндүрүү 87,8 пайызды түздү.

«Кыргызалтын» ачык акционердик коому «Макмалалтын» комбинаты филиалынын каржылык начар абалына карабастан, акционердик коомдун өзүндө калган жалпы кирешенин эсебинен, Тогуз-Торо районунун социалдык-маданий жайларына демөөрчүлүк катарында жардам берип келет.

2009-2010-жылдары «Баетов-Казарман» жолуна, «Алтын Чөйчөк» коидоминиумуна, Казарман кыштагындагы турак жай чарбасына (ЖКХ), комбинаттын жашай турган үйлөрүнө, «Таза Суу» программасына, «Казарман» коомдук фондуна 11,4 млн. сом жана 3,2 млн. сом бөлүнүп берилген.

Салык кодексинин 193-беренесинде салык төлөөчү ушул кодекске ылайык киреше алууга байланыштуу документтик түрдө ырасталган чыгымдарды чыгарып салууларга алып баруу укугу белгиленген. Райондун бюджетине түшө турган которуулар мекеменин киреше алуу менен байланышкан чыгымы болуп эсептелбейт.

Кыргыз Республикасынын «салык кодексинин 5-жана 6- беренелеринде салыктарды белгилөө укугу

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине гана таандык экени көрсөтүлгөн. Салыктарды белгилөө же алып салуу салык кодексине ылайык гана ишке ашат. Кодексте каралбаган салыкты, ошондой эле ушул кодексте белгиленген салыктык белгилери бар же болбосо ушул кодексте аныкталгандан башкача тартипте белгиленген же колдонууга киргизилген мүчөлүк акыны же төлөмдөрдү төлөөгө эч кимге милдет катары жүктөлүшү мүмкүн эмес.

Жогорудагыларга байланыштуу «Кыргызалтын» ачык акционердик коому Кыргыз Республикасынын салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүсүз же башка нормативдик документтерсиз жайгашкан жери боюнча кайсы бир административдик-аймактык бирдиктин бюджетине акы төлөө же төлөм жүргүзүү укугуна ээ эмес.

Бул үчүн райондук администрация же райондук кеңеш мыйзам чыгаруу укугуна ээ мамлекеттик органдар аркылуу Кыргыз Республикасынын «салык кодексинин райондун болжолдонгон бюджетине түшо турган каражаттарды, чыгымдарды чыгарып салууларга алып баруу бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунуш киргизүү менен райондун болжолдонгон бюджетине каражат которууга уруксат бере турган кандайдыр бир документ кабыл алынышы керек.

Райондун борбордон алыс жайгашкандыгын эске алып, Тогуз-Торо районунун бюджетин түзүүдө жыл сайын бекитиле турган республикалык бюджет жөнүндө Жогорку Кеңештин мыйзамы менен жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардын ставкаларын жогорулатуу тууралуу маселени өтүнүү зарыл.

Жаңы кен чыккан жерлерди жана № 10 жана № 11 штольнялардын төмөнкү горизонтторун өздөштүрүүгө

жетишсиз каражат бөлүнгөндүктөн, жакынкы аралыкта филиалдын каржылык абалын жакшырта албайт жана алтын өндүрүүнүн көлөмү азыркыдай абалы сакталып турса, филиалдан райондун болжолдонгон бюджетине которула турган 5-10 млн. сом өлчөмүндөгү кошумча каражаттар менен райондун социалдык-экономикалык көйгөйлөрү чечилбейт.

«Кыргызалтын» ачык акционердик коому «Макмалалтын» комбинаты филиалынын Тогуз-Торо районунда жашаган эл үчүн жана республикалык бюджет үчүн олуттуу мааниге ээ экендигин эске алуу менен комбинаттын өмүрүн узартуу жана комбинатта алтын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү үчүн болгон күч-аракетин жумшап, мүмкүнчүлүгүнө жараша акча каражаттарын капитапдык салымдарга бөлүп жатат.

**Осмонбек АРТЫКБАЕВ,**
*«Кыргызалтын» ААК башкармалыгынын төрагасы*

*«Кыргыз Туусу», №35, 13 май, 2011-жыл.*

**Тиркеме 3а**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

Жалал-Абад шаары Эркиндик көчөсү 11
Тел.: + 996 (0 3722) 5-00-01

г. Жалал-Абад ул. Эркиндик 11
факс: + 996 (0 3722) 2-51-56

№ Кл-4659/881. от «14» 10 2011 ж/г.

Тогуз – Торо районунун
Казарман айылынын
тургундары
Б. Ороковго,
Д.Мамбетжановго,
М. Мокеевге

Сиздердин 16 – сентябрь 2011 – жылдагы Кл – 4659/881 сандуу кайрылуу катыңыздар боюнча

Алтын өндүрүү жана чалгындоо иштерин жүргүзгөн ишканалардын тапкан пайдасынан 2% жергиликтүү бюджетке калтыруу боюнча депутат Исхак Пирматовдун сунушу учурда Жогорку Кеңештин депутатттык фракцияларда талкууланып, Жогорку Кеңештин бюджеттик комитетине жиберилген. Бюджеттик комитетте каралган соң, Жогорку Кеңештин сессиясында кароо сунушталууда.

Областтык мамлекеттик
администрация башчысынын
орун басары К. Жакыпов

Б. Эрматов
Тел: 25181

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫК ФРАКЦИЯСЫ

ДЕПУТАТСКАЯ ФРАКЦИЯ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

«30» 06 2011-ж.

№ 340-02/02

Тогуз-Торо району.
Казарман айылынын
тургундарына

Б.Ороковго,
Д.Мамбетжановго,
М.Мокеевге.

Урматтуу Бакы Ороков!

Сиздердин менин атыма жазган катыңызды (№ 340-02/02 13.06.2011-ж) күнт коюу менен окуп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Арапбаев Азамат Абдуллажановичтин кароосуна жөнөткөнүмдү билдиремин.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты А.Арапбаев сиздердин катыңызга көмөк көрсөтөт деген ишенимдемин.

Урматтоо менен,
«Ата-Журт» фракциясынын
Лидери — К.Ташиев.

Атк. Нурманкулова Ж.613644

062200

# Тиркеме 5

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТ ЖЕТЕКЧИСИНИН ОРУН БАСАРЫ**

**ЗАМЕСТИТЕЛЬ РУКОВОДИТЕЛЯ АППАРАТА ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720003, Бишкек ш., Абдумомунов көч., 207
г. Бишкек, ул. Абдумомунова, 207

2011-ж. «23» 05 №К1-172

**Жалал–Абад облусунун
Тогуз–Торо районунун,
Казарман айылынын
тургундары Б.Ороков ж.б.**

Сиздердин "Кыргыз туусу" гезитинин 2011–жылдын 15–апрелиндеги №28–санына жарык көргөн "Тогуз–Торону томсортпогула!" аттуу Кыргыз Республикасынын Премьер–министри А.Атамбаевдин атына жолдонгон кайрылууну карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты төмөнкүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 316–, 319– жана 322–беренелерине ылайык, "Макмалалтын" комбинатынын филиалы 2010–жылдын 1–январынан тартып сатылган алтын менен күмүштү кошо эсептегенде, товарды сатуудан, кызмат көрсөтүүлөрдөн жалпы суммасы 8,228 млн. сом салык түрүндө Тогуз–Торо районунун бюджетине которду.

2010–жылдын 1–январынан тартып Тогуз–Торо районунун бюджетине Салык кодексинин XII Бөлүмүнө ылайык, "Макмалалтын" комбинаты филиалынын мүлкүнө болгон салык түрүндөгү чегерүүнүн суммасы 857,5 мин сомду түздү.

Азыркы учурда "Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун алдында биринчи кезектегилерден болуп "Макмалалтын" комбинатынын иштөө моонөтүн узартуу боюнча иш–чараларды каржылоо маселеси турат. "Макмал" кенинде алтындын запасы түгөнүп баратат. № 10 жана № 11 штольнялардын төмөнкү горизонтторунда жана жаңы кен чыккан жерлерде геологиялык кен чалгындоо жана калыбына келтирүү иштерине, жаңы калдыктарды сактоочу жайдын курулушуна абдан көп өлчөмдөгү каражат талап кылынууда. Ушул аталган иштерди аткарууга акча каражатынын жетишсиздиги "Макмалалтын" комбинатынын филиалынын финансылык–чарбалык иштерине терс таасирин тийгизүүдө. 2010–жылдын жыйынтыгы боюнча "Макмалалтын" комбинатынын филиалы 240,5 кг. алтын өндүргөн, бул болжолдонгон көлөмдөн 56 пайызга аз. Планды аткара албагандын негизги себеби казылган

кенде алтындын аздыгы, бул жыйынтыгында филиалдын чарбалык ишине терс таасирин тийгизүүдө. 2010–жылы филиал 100,9 млн. сом чыгаша тартты, ал эми 2011–жылдын I кварталында чыгаша 1,5 млн. сомду түздү, иш жүзүндө алтынды өндүрүү божомолго карата 87,8 пайызды түздү.

"Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун "Макмалалтын" комбинатынын филиалынын финансылык начар абалына карабастан, акционердик коомдун өзүндө калган жалпы кирешенин эсебинен, Тогуз–Торо районунун социалдык–маданий жайларына демөөрчүлүк катарында жардам берилүүдө.

2005–10–жылдары "Баетов–Казарман" жолуна, "Алтын Чөйчөк" кондоминиумуна, Казарман кыштагындагы турак–жай чарбасына (ЖКХ), комбинаттын жашай турган үйлөрүнө, "Таза Суу" программасына, "Тогуз – Торо районун өнүктүрүү фонду чакан кредиттик агенттиги" коомдук фондуна баары болуп 20,1 млн. сом, б.а. жыл сайын 3,35 млн.сом бөлүнүп берилген.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, "Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун "Макмалалтын" комбинатынын филиалы Тогуз–Торо районунун эли үчүн мүмкүнчүлүгүнө жараша акча бөлүп берүүсүн уланта бермекчи.

**<u>Маалымат үчүн</u>:** Тогуз–Торо районун жергиликтүү салыктар жана Социалдык фонд үчүн чегерүүлөр 2005–жылы – 42,6 млн. сомду, 2006–жылы– 45,7 млн. сомду, 2007–жылы – 72,2 млн. сомду, 2008–жылы – 73,9 млн. сомду, 2009–жылы – 78,2 млн. сомду, 2010–жылы – 71, 4 млн. сомду түзгөн, тактап айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн 6 жылдын аралыгында баары болуп 384,2 млн. сом которулган.

Жаңы кен чыккан жерлерди жана № 10 жана № 11 штольнялардын төмөнкү горизонтторун өздөштүрүүгө жетишсиз каражат бөлүнгөндүктөн, жакынкы аралыкта филиалдын каржылык абалы жакшырбайт. "Кен–Тоо" долбоордук изилдөө борборунун Техникалык экономикалык негиздемелерине ылайык, геологиялык кошумча кен чалгындоо иштеринин 1–этабына 362 млн. сом талап кылынат. Мындан сырткары, калдыктарды сактоочу жайдын курулушуна 8,7 млн. АКШ доллары же 400 млн. сом керектелсе, анын ичинен 2011–жыл үчүн – 165 млн. сом талап кылынууда.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011–жылдын 21–апрелиндеги № 125–б буйругуна ылайык, Өлкөнүн түштүк регионун экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу максатында Жалал–Абад облусунун мамлекеттик администрациясынын (Жалал–Абад ОМА) экономикалык өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу бөлүмүнүн башчысы Б.Жантөрөевдин катышуусу менен ведомстволор аралык жумушчу топ

түзүлгөн жана тийиштүү программаны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү тапшырмасы берилген. Ушул жумушчу топко жана Жалал–Абад ОМАсына кайрылууда көтөрүлгөн маселелер боюнча конкреттүү иш–аракеттерди сунуштоо тапшырмасы берилди.

Андан сырткары, бийик тоолуу жана алыскы зоналарда иштеген жана жашаган адамдарды мамлекеттик колдоо системасын тартипке келтирүү жана өркүндөтүү максатында водомстволор аралык комиссия түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун долбоору даярдалып, тийиштүү бөлүмдөр менен макулдашылууда.

Жогоруда аталган комиссиялардын ишинин алкагында Сиздердин кайрылууда көтөрүлгөн маселелер да каралаарын билдиребиз.

**М. Мукамбетов**

Атк.: Абдылдаев Д.Б.
тел.: (0312) 62 50 66

**Тиркеме 6**

# КЫРГЫЗАЛТЫН

## АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ
## ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО
## JOINT STOCK COMPANY "KYRGYZALTYN"


www.kyrgyzaltyn.kg

720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдумомунов көчөсү, 195, тел: (996 312) 66 56 70, факс: (996 312) 66 57 00, эсеп счету 1091820100210152, Бишкек ш. ОАО "Юни Кредит Банк", БИК 109018, ИНН 02403199310039, ОКПО 20149141 02533012

720040, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Абдумомунова, 195, тел: (996 312) 66 56 70, факс: (996 312) 66 57 00, расчетный счет 1091820100210152, г. Бишкек ОАО "Юни Кредит Банк", БИК 109018, ИНН 02403199310039, ОКПО 20149141 02533012

195, Abdumomunov st., Bishkek, Kyrgyz Republic, 720040, tel: (996 312) 66 56 70, fax: (996 312) 66 57 00


№ 11-1/708 «02» 04 2012 г.

На №

**Премьер - министру**
**Кыргызской Республики**
**Бабанову О.Т.**

**Уважаемый Омурбек Токтогулович!**

По вопросу перечисления денежных средств в размере 2 процентов от чистой прибыли комбината «Макмалзолото» в бюджет Тогуз-Тороуского района, ОАО «Кыргызалтын» сообщает следующее.

В настоящее время, Жогорку Кенешем Кыргызской Республики в 3-х чтениях принят законопроект «О внесении дополнений в Закон Кыргызской Республики «о неналоговых платежах», инициированный депутатом Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Нарматовым И.А. Данный законопроект предусматривает отчисления горнодобывающими компаниями в местные бюджеты (по месту нахождения месторождений) в размере 2 процентов от выручки без учета косвенных налогов, полученной от реализации полезных ископаемых.

Однако, данный законопроект 23 ноября 2011 года возвращен Президентом Кыргызской Республики с возражениями. На сегодня Жогорку Кенеш Кыргызской Республики повторно не одобрил законопроект в ранее принятой редакции, т.е Жогорку Кенешем Кыргызской Республики вето Президента Кыргызской Республики не преодолено (законопроект не ставился на повторное голосование).

В 2012 году на комбинат «Макмалзолото» ложатся большие финансовые нагрузки. Так, в бюджете комбината «Макмалзолото» на 2012 год были заложены средства на финансирование капитальных вложений, на приобретение оборудования, геологоразведочные работы в сумме 413,0 млн. сомов, в том числе:

- 79,8 млн. сомов на приобретение основных средств (оборудования, транспорта, механизмов);
- 333,2 млн. сомов на строительно - ремонтные работы, реконструкцию зданий и сооружений, проектно-изыскательские работы, строительство новых хвостохранилищ из них:
- 254,2 млн. сомов на строительство нового хвостохранилища комбината «Макмалзолото»;
- 73,9 млн. сомов на геологоразведочные работы.

Кроме того, на освоение месторождения «Кызыл-Ой» Тогуз - Тороуского района в 2012 году потребуются инвестиции в сумме 36,5 млн. сомов

В связи с чем, дефицит бюджета по филиалу ОАО «Кыргызалтын» «Комбинат «Макмалзолото» заложен в размере 241 млн. сомов.

Принимая во внимание то, что:

а) на сегодняшний день отсутствует законодательная база, предусматривающая вышеуказанные платежи в местный бюджет со стороны горнорудных компаний;

б) в соответствии с налоговым законодательством Кыргызской Республики рассматриваемые отчисления в местные бюджеты не подлежат вычетам из совокупного годового дохода компаний;

в) дефицит бюджета по комбинату «Макмалзолото» составляет 241.0 млн. сомов (предельный срок ввода в эксплуатацию нового хвостохранилища - ноябрь 2012 года),

ОАО «Кыргызалтын» предлагает отчислять в Фонд социального развития Тогуз-Тороуского района денежные средства в размере 2.0 процентов от чистой прибыли комбината «Макмалзолото», начиная с апреля месяца т.г.

Для справки сообщаем, что общая сумма указанных платежей за период с апреля по декабрь 2012 года составит около 3,5 млн. сомов.

Кроме того, в целях ликвидации последствий чрезвычайной ситуации - затопления домов жителей села Казарман, вызванного прорывом канала в конце марта 2012 года открытым акционерным обществом «Кыргызалтын» 2 апреля 2012 года перечислено 2.0 млн. сомов в бюджет Тогуз-Тороуского района в качестве безвозмездной помощи.

С уважением,

**Председатель Правления**
**ОАО «Кыргызалтын»** Д.С.Жапаров

Исп: Аманов М.Г. т. 0312 66-66-70 (вн. 20-21)

## "САЛЫКТЫК ЭМЕС ТӨЛӨМДӨР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2012-жылдын 10-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене.** "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., № 5, 157-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

1. 2-статьяда:

1-бөлүктөгү "Жыйым, төлөм," деген сөздөрдөн кийин "чегерүү," деген сөз менен толуктталсын;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 6-бөлүк менен толуктталсын:

"Чегерүү - жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө жер казынасын пайдалануучу тарабынан милдеттүү түрдө берилүүчү төлөмдүн мамлекет белгилеген түрү".

2. Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы III¹-бөлүм менен толуктталсын:

"III¹-бөлүм

Чегерүүлөр

19²-статья. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр

Пайдалуу кендерди (курулуш материалдар катары, анын ичинде курулуш материалдарын чыгарууда чийки зат катары колдонулуучу пайдалуу кендерди кошпогондо) иштетүүнү (казып алууну) жүзөгө ашыруучу жана катталган жерине карабастан кен байлыгынын жайгашкан жери боюнча жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдү жүргүзүүчү жеке же юридикалык жак жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдүн төлөөчүсү болуп саналат.

Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр жергиликтүү бюджетке пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн кыйыр салыктарды эсепке албастан, 2 пайыз өлчөмүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт.

Кен байлыктардын жайгашкан жери боюнча жергиликтүү бюджетке чегерүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.".

**2-берене.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**3-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган учурдан тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин Төрагасы** А.ЖЭЭНБЕКОВ

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 81-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык кол коюлган*

***Бишкек ш., 2012-жылдын 20-июну, №89***

## Тиркеме 8

Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кеңешинин депутаты

Текебаев О.Ч.

Ушул жылдын 4-декабрындагы Кыргыз Телевидениесинен КТРдин журналисти Байма Сутенова менен «Кумтөр Алтын» кенинин Кыргыз элине тийгизген пайда-зыянын иликтеген Өкмөттүк Комиссиянын Төрагасы, КРнын Экономика Министри Темир Сариевдин жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы жакын арада чыгышы боюнча жеке маек куруп, кеңири маалыматтарды айтып бергенин угуп, биз, төмөнкүдөй сизге кайрылууну туура деп таптык.

Комиссиянын текшерүүсүнүн жүрүшүндө «Кумтөрдүн» өндүрүштүк алтын өндүрүү процессинде фабрикадан ууланган химиялык заттар аралашып чыккан таштандылардын таасиринен, тоодогу мөңгүлөрдүн эришинен жана жер алдындагы, үстүндөгү агып чыккан булактардын суусуна кошулган эритиндилер Кумтөр суусуна кошулуп, ал түз эле Нарын дарыясына куюлуп, кошулат. Ошонун негизинде, Экологиялык жабыр тарткан Ысык-Көл жана Нарын областтарынын калкына өндүргөн товардык продукциянын суммасынан ай сайын ар бирине 1%тен акча каражатын Компенсация катарында берилип турушу белгиленип жатат. Бул маселе абдан туура жана аны кечиктирбей чечилиши керек экендигин биз кубаттайбыз.

Жогорудай көтөрүлгөн Компенсация жөнүндөгү маселеде Нарын областы менен удаалаш-аймакташ жашаган Тогуз-Торо районунун эли сыртта калбаш керек. Биз, 1989-жылга чейин Нарын областынын составында болгонбуз. Айрым жаратылыш жана экономикалык себептерге байланыштуу, азыркы учурда Жалал-Абад областынын курамындабыз.

Нарын дарыясы биздин аймактын ортосу менен аралап өтөт. Дарыянын жээгинде чукул райондун борбору Казармандын, Тогуз-Торо жана Кара-Суу айыл өкмөтторүнүн калкы жайгашып, ушул дарыянын суусунан каналдар аркылуу сугат иштерин жүргүзүп, жер айдашат. Такташ айтканда райондун элинин 70-80%ти ушул дарыянын суусун жашоо-тиричилигине пайдаланып жашап жатышат. Андыктан Нарын областынын Кумтөрдүн кенди иштетүүдөн тарткан экологиялык зыяндарын, биздин райондун эли деле бирдей деңгээлде зыян тартып жатат. Андан Тогуз-Торо району бөлүп кароого болбойт. Анткени райондун аймагы Нарын өрөөнү менен бирдикте каралууга тийиш.

Алтын өндүргөн биздеги «Макмал Алтын» Комбинаты, эмгек акы алып иштеп жаткан жарандар үчүн жакшы болгону менен, районубуздун социалдык-экономикалык абалына тийиштүү деңгээлдеги көзгө көрүнөөрлүк пайдасы тие элек. Мисалга, Казарман

кыштак менен жалпы көрүнүшү айтып турат. Башкача айтканда алтын өндүргөн айылдын келбетесине окшобойт. Аны өз көзүңүз менен көргөн болсоңуз, башкача биз ойлогондой болбой жатканын билип, түшүнөт элеңиз.

«Макмал Алтын» комбинаты дагы канчалык убакытка чейин иштеши анчалык ишеничтүү эмес. Өндүргөн алтындын көлөмү жылдан жылга азайып бара жатат. Ошондуктан, биздин район, Кумторго Нарын областы аркылуу Компенсацияга кирүүгө толук негиз бар. Ушул маселеге сиздин колдооңуздан башка айла жок.

**Өмүрбек Чиркешович!**

Биздин ушул өтүнүч суроо-талабыбызды эске алып, Тогуз-Торо районунун Нарын облусунун калкына төлөнө турган компенсациялык төлөмгө кошуп киргизүү сунушубузду колдоп берүүңүздү көптөн-көп сурайбыз жана жооп күтөбүз.

Сизге узун-өмүр, чын-денсоолук каалап, терең урматтоо менен.

Ороков Бакы – КРнын эмгек сиңирген куруучусу, өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер

Мамбетжанов Дүйшөбай – КРнын өнөр жайынын пионери, өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер

Масиров Шакирет – пенсионер, эмгектин ардагери

Мокеев Мелис - пенсионер, эмгектин ардагери

Жусубалиев Окентай - пенсионер, эмгектин ардагери

Төробеков Сулайман - пенсионер, эмгектин ардагери

Тогуз-Торо району, Казарман айылы, Кадыркулов көчөсү 42

7 декабрь 2012ж

# Тиркеме 9

Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кенешинин депутаты

Карамушкина И.Ю.

Ушул жылдын 4-декабрындагы Кыргыз Телевидениесинен КТРдин журналисти Байма Сутенова менен «Кумтөр Алтын» кенинин Кыргыз элине тийгизген пайда-зыянын иликтеген Өкмөттүк Комиссиянын Төрагасы, КРнын Экономика Министри Темир Сариевдин жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы жакын арада чыгышы боюнча жеке маек куруп, кеңири маалыматтарды айтып бергенин угуп, биз, төмөнкүдөй сизге кайрылууну туура деп таптык.

Комиссиянын текшерүүсүнүн жүрүшүндө «Кумтөрдүн» өндүрүштүк алтын өндүрүү процессинде фабрикадан ууланган химиялык заттар аралашып чыккан таштандылардын таасиринен, тоодогу мөңгүлөрдүн эришинен жана жер алдындагы, үстүндөгү агып чыккан булактардын суусуна кошулган эритиндилер Кумтөр суусуна кошулуп, ал түз эле Нарын дарыясына куюлуп, кошулат. Ошонун негизинде, Экологиялык жабыр тарткан Ысык-Көл жана Нарын областтарынын калкына өндүргөн товардык продукциянын суммасынан ай сайын ар бирине 1%тен акча каражатын Компенсация катарында берилип турушу белгиленип жатат. Бул маселе абдан туура жана анын кечиктирбей чечилиши керек экендигин биз кубаттайбыз.

Жогорудай көтөрүлгөн Компенсация жөнүндөгү маселеде Нарын областы менен удаалаш-аймактап жашаган Тогуз-Торо районунун эли сыртта калбашы керек. Биз, 1989-жылга чейин Нарын областынын составында болгонбуз. Айрым жаратылыш жана экономикалык себептерге байланыштуу, азыркы учурда Жалал-Абад областынын курамындабыз.

Нарын дарыясы биздин аймактын ортосу менен аралап өтөт. Дарыянын жээгинде чукул райондун борбору Казармандын, Тогуз-Торо жана Кара-Суу айыл өкмөттөрүнүн калкы жайгашып, ушул дарыянын суусунан каналдар аркылуу сугат иштерин жүргүзүп, жер айдашат. Тактап айтканда райондун элинин 70-80%ти ушул дарыянын суусун жашоо-тиричилигине пайдаланып жашап жатышат. Андыктан Нарын областынын Кумтөрдүн кенди иштетүүдөн тарткан экологиялык зыяндарын, биздин райондун эли деле бирдей деңгээлде зыян тартып жатат. Андан Тогуз-Торо районун бөлүп кароого болбойт. Анткени райондун аймагы Нарын өрөөнү менен бирдикте каралууга тийиш.

Алтын өндүргөн биздеги «Макмал Алтын» Комбинаты, эмгек акы алып иштеп жаткан жарандар үчүн жакшы болгону менен, районубуздун социалдык-экономикалык абалына тийиштүү деңгээлдеги козго көрүнөөрлүк пайдасы тие элек. Мисалга, Казарман

кынтагынын жалпы көрүнүшү айтып турат. Башкача айтканда алтын өндүргөн айылдын кебетесине окшобойт. Аны өз көзүңүз менен көргөн болсоңуз, башкача биз ойлогондой болбой жатканын билип, түшүнөт элеңиз.

«Макмал Алтын» комбинаты дагы канчалык убакытка чейин иштеши анчалык ишеничтүү эмес. Өндүргөн алтындын көлөмү жылдан жылга азайып бара жатат. Ошондуктан, биздин район, Кумтөргө Нарын областы аркылуу Компенсацияга кирүүгө толук негиз бар. Ушул маселеге сиздин колдооңуздан башка айла жок.

**Ирина Юрьевна!**

Биздин ушул өтүнүч суроо-талабыбызды эске алып, Тогуз-Торо районунун Нарын облусунун калкына төлөнө турган компенсациялык төлөмгө кошуп киргизүү сунушубузду колдоп берүүңүздү көптөн-көп суранабыз жана жооп күтөбүз.

Сизге узун-өмур, чып-денсоолук каалап, терең урматтоо менен:

Ороков Бакы – КРнын эмген сиңирген куруучусу,
өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер
Мамбетжанов Дүйшөбай – КРнын өнөр жайынын ишмери,
өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер
Масиров Шакирет – пенсионер, эмгектин ардагери
Мокеев Мелис - пенсионер, эмгектин ардагери
Жусубалиев Окентай - пенсионер, эмгектин ардагери
Торобеков Сулайман - пенсионер, эмгектин ардагери.

Тогуз-Торо районy, Казарман айылы, Кадыркулов көчөсү 42.

7 декабрь 2012ж.

# Тиркеме 10

Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри
Ж.Ж.Сатыбалдиевке

*Урматтуу Жантөрө Жолдошович!*

Ушул жылдын 4-декабрындагы Кыргыз Телевидениесинен КТР дин журналисти Байма Сутенова менен « Кумтор Алтын» кенинин Кыргыз элине тийгизген пайда-зыянын иликтеген Өкмөттүк Комиссиянын Төрагасы, КР нын Экономика Министри Темир Сариевдин жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы жакын арада чыгышы боюнча жеке маек куруп,кенири маалыматтарды айтып бергенин угуп,биз, төмөнкүдөй сизге кайрылууну туура деп таптык.

Комиссиянын текшерүүсүнүн жүрүшүндө «Кумтордун» өндүрүштүк алтын өндүрүү процессинде фабрикадан ууланган химиялык заттар араланып чыккан таштандылардын таасиринен, тоодогу мөнгүлөрдүн эришинен жана жер алдындагы, үстүндөгү агып чыккан булактардын суусуна кошулган эритиндилер Кумтор суусуна кошулуп, ал түз эле Нарын дарыясына куюлуп, кошулат. Ошонун негизинде, Экологиялык жабыр тарткан Ысык-Көл жана Нарын областтарынын калкына өндүргөн товардык продукциянын суммасынан ай сайын ар бирине 1 % тен акча каражатын Компенсация катарында берилип турушу белгиленип жатат. Бул маселе абдан туура жана аны кечиктирбей чечилиши керек экендигин биз кубаттайбыз.

Жогорудагыдай көтөрүлгөн Компенсация жөнүндөгү маселеде Нарын областы менен удаалаш-аймакташ жашаган Тогуз-Торо районунун эли сыртта калбаш керек. Биз, 1989-жылга чейин Нарын областынын составында болгонбуз. Айрым жаратылыш жана экономикалык себептерге байланыштуу, азыркы учурда Жалал-Абад областынын курамындабыз.

Нарын дарыясы биздин аймактын ортосу менен аралап өтөт. Дарыянын жээгинде чукул райондун борбору Казармандын, Тогуз-Торо жана Кара-Суу айыл өкмөттөрүнүн калкы жайгашып, ушул дарыянын суусунан каналдар аркылуу сугат иштерин жүргүзүп, жер айдашат. Тактап айтканда райондун элинин 70-80 %ти ушул дарыянын суусун жашоо-тиричилигине пайдаланып жашап жатышат. Андыктан Нарын областынын Кумтордун кенди иштетүүдөн тарткан экологиялык зыяндарын, биздин райондун эли деле бирдей деңгээлде зыян тартып жатат. Андан Тогуз-Торо районун бөлүп кароого болбойт. Анткени райондун аймагы Нарын өрөөнү менен бирдикте каралууга тийиш.

Алтын өндүргөн биздеги «Макмал Алтын» Комбинаты,эмгек акы алып иштеп жаткан жарандар үчүн жакшы болгону менен, районубуздун социалдык-экономикалык абалына тийиштүү деңгээлдеги көзгө көрүнөөрлүк пайдасы тие элек. Мисалга, Казарман кыштагынын жалпы көрүнүшү айтып турат.Башкача айтканда алтын өндүргөн айылдын кебетесине окшобойт.Аны өз көзүңүз менен көргөн болсоңуз, башкача биз ойлогондой болбой жатканын билип, түшүнөт элеңиз.

«Макмал Алтын» комбинаты дагы канчалык убакытка чейин иштеши анчалык ишенимдүү эмес. Өндүргөн алтындын көлөмү жылдан жылга азайып бара жатат.˚Ошондуктан,биздин район, Кумторго Нарын областы аркылуу Компенсацияга кирүүгө толук негиз бар. Ушул маселеге сиздин колдооңуздан башка айла жок.

Жантөрө Жолдошевич!

Биздин ушул өтүнүч суроо-талабыбызды эске алып, Тогуз-Торо районунун Нарын облусунун калкына төлөнө турган компенсациялык төлөмгө кошуп киргизүү сунушубузду колдоп берүүңүздү көптөн-көп суранабыз жана жооп күтөбүз.

Сизге узун-өмүр, чын-ден соолук каалап, терең урматтоо менен:

[signature]

Ороков Бакы- КР нын эмгек сиңирген куруучусу, өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер

алымдын жетишинче тим жатпай болгон аракетимди жасап жогоруда айтылган каражаттык төөлөмдүн беришин жана курула турган автомобиль жана темир жол курулушу боюнча тынымсыз жасалган аракеттин натыйжасында, учурунда тынымсыз аракеттер жасалбаса, камкордук көрүлбөсө жогоруда аталган жолдордун салынышы өзүнөн өзү эле түндүк-түштүк автомобиль жолунун биз сунуштаган вариантта салынбайт болчу, бир кудай билет, бир кудай күбөө болот... Ошондуктан кийинки муундарга жеткиликтүү туюндурма болсун деген максат менен ушул жүрөктөгү көп жылдан берки чогулуп турган ойлорду жазып койдум.

*12-март, 2015-жыл.*

# КЫРГЫЗДЫН БАГЫН ЖОЛ АЧАТ

*Биз, Тогуз-Торо районунун жалпы тургундары, канчалаган жылдар бою «Жол азабы – көр азабын» тартып келдик, Кара-Көө, Сары-Кыр ашууларында далай адамдар көчкүнүн алдында калып, набыт болушту. Ушундай оор кыйынчылыкты башынан өткөрүп келе жаткан эл эми жакынкы жылдары азап-тозоктон арылат экен деп кубанып турабыз. Анткени, Президент Алмазбек Атамбаев милдетине киришкенде эле «Адамдын жашоосунда кан тамыр кандай керек болсо, жол дагы мамлекетке ошондой керек» – деп, алдына темир жолду жана түндүк менен түштүктү бириктирип, үзгүлтүксүз каттамды камсыз кылуучу автоунаа жолун куруу милдетин койгондугуна күбө болуудабыз.*

Районубуздун ардактуу эс алуудагы, республика курулушуна, өнөр жайына эмгек сиңирген атуулдары жана карылары өлкөдөгү жол байланышын эл аралык каттамдагы деңгээлге жеткирүү, темир жолду жана автоунаа жолун куруу оюна көмөктөш болуп, алардын өтө турган ыңгайлуу багыттарын аныктоо боюнча сунуштарыбызды айтуу үчүн өткөн жылы Президенттин аппарат жетекчиси Ж.Сатыбалдиевдин кабыл алуусунда болуп, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жетекчилери менен кеңешмеге катышып

келгенбиз. Ошондогу биздин сунуштар ушул жол курулуштарынын долбоорлорунда эске алынганына да ыраазыбыз.

Өткөн жылы Кытайдын жана Дүйнөлүк банктын темир жол куруу боюнча атайын адистери климаттын оор шарттарын, жергиликтүү калктын кеңештерин эске алуу менен иштеп чыккан, ылайыктуу деп аталган жол варианттары тууралуу билдирүүлөрүнөн кабардар болуп жаттык. Атап айтканда, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол курулушунун төрт вариантынын ичинен, адистердин терең талдоосунун жыйынтыгында, Торугарт – Ат-Башы – Ак-Талаа – Казарман – Сузак – Жалал-Абад аркылуу Кара-Сууга, Өзбекстанга етүү сунушу абдан туура болгон. Бул сунуштун дагы бир артыкчылыгы – жаратылыштын географиялык, климаттык оор кыйынчылыктарын терең талдап, айрым финансылык чыгымдарга дуушарлыгына карабай, курула турган темир жол трассасы, биринчи кезекте, калк жашаган аймактарды аралап өтүп, келечекте жолду тейлөөдө адам күчү, жумушчулар менен камсыз болушунда. Ушундай эле жол көмүр, түстүү металлдар, темир жана туз кендерине жакын аралыкта өткөндүктөн, республиканын экономикалык өнүгүшүнө да чоң таасирин тийгизээри эске алынган.

Ал эми Ош – Бишкек автоунаа каттамы ушул кезге чейин кыш мезгилинде, кар жааганда мезгил-мезгили менен токтоп калууда. Автоунаалардын жолдо ар кандай кырсыктарга учурап, жарандардын набыт болушу, өнөр жай жана азык-түлүк товарларынын калкка жеткирилиши үзгүлтүккө учурап жатканы жалпы элибиздин жашоосуна терс

таасирин тийгизүүдө. Оор абалдан чыгууда Президент А. Атамбаевдин эл үчүн дагы бир чоң камкордугу – Ош – Бишкек жолуна альтернативдүү жана түндүк-түштүктү бириктирген, алты вариантта изилденип, жайы-кышы үзгүлтүксүз каттам боло турган, салыштырмалуу кыска жол катары кабыл алынып жаткан Бишкек – Сокулук – Арал – Көкөмерен – Казарман – Сары-Кыр – Жалал-Абад – Ош (болжол менен 520 чакырым) жолун чукул арада курууну Транспорт жана коммуникациялар министрине тапшыргандыгы.

А.Атамбаевдин Нарын дарыясын бойлой Камбар-Ата ГЭСинен кийин, Казарман, Алабуга жана Нарын өрөөнүндө россиялыктар менен бирдикте сегиз гидростанциянын курулушун камтыган эң чоң долбоорду илгерилетип жаткандыгы белгилүү. Ошентип ГЭСтер менен удаа темир жол, автоунаа жолдору комплекстүү курулуп бүтсө, жалпы элдин, экономикабыздын өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзүлөрүн билген мамлекет жетекчисинин көрөгөчтүгүнө баа бериш керек.

Учурда Кара-Балтада курулуп бүтө жаздап калган нефтини кайра иштетүүчү заводу келечекте Кыргызстанды газ менен камсыз кылуу боюнча чоң долбоорду колго алганы турат. Энергетикалык көз карандысыздык үчүн түштүктөгү «Датка», түндүктөгү «Кемин» подстанцияларынын курулуштары бүткөрүлүүдө. Бул – А. Атамбаевдин жетекчилик ишмердигинин натыйжасы. Ушуга карабай айрым саясатчыларыбыз оппозициялык багыттагы гезит беттеринен анын жүргүзгөн иштерине карама-каршы ой-пикирлерин айтып жаткандарынан дагы кабардарбыз. Эми андай «чабал өрдөктөр» демократиялык коомдо боло берүүчү көрүнүш.

Жыйынтыктап айтканда, биз, Тогуз-Торо районунун жалпы эли, Президент Алмазбек Атамбаевдин кыргыз элинин ар тараптуу өнүгүп, өсүшү үчүн иштетип жаткан ири долбоорлорун жана жалпы саясатын жогору баалап, колдоорубузду билдиребиз.

*Терең урматтоо менен*, Тогуз-Торо районунун атуулдары: Б.ОРОКОВ – КР эмгек сиңирген куруучусу, персоналдык пенсионер, Д.МАМБЕТЖАНОВ – КР өнөр жайына эмгек сиңирген ишмер, персоналдык пенсионер, У.БОЗАЛАЕВА – КР эмгек сиңирген мугалими, персоналдык пенсионер, М.МОКЕЕВ – эмгек ардагери, пенсионер, Ш.МАСИРОВ – эмгек ардагери, пенсионер, О.ЖУСУБАЛИЕВ – эмгек ардагери, пенсионер, Б.БЕКТЕНОВ – «Макмалалтын» комбинатынын директорунун орун басары, С.ТӨРӨБЕКОВ – эмгек ардагери, пенсионер, К.ЖУСУБАКУНОВ – эмгек ардагери, пенсионер, С.ЖУНУСАЛИЕВ – эмгек ардагери, персоналдык пенсионер, К.САРТБАЕВ – эмгек ардагери, пенсионер

*«Кыргыз Туусу», 2013-жылдын, 12-марты, № 18.*

## ЖАЙЫ-КЫШЫ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КАТТАМ БОЛОТ

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**А.Ш. Атамбаевге**

***Урматтуу Алмазбек Шаршенович!***

Тогуз-Торо, Сузак районунун эли илгертен жайкысын жайлоодо мал багып, аралаш, карым-катнашта кыз алып, кыз берип дегендей жашап келишкен. Кыш мезгилинде, кеч күздө, жазга жуук ашуулардан, кар көчкүнүн кырсыктарынан далай адамдар өлүмгө дуушар болуп, сөөктөрүн убагында алып келип жерге коё албай далай азап-тозокту өткөрүшкөн.

Советтик доордо Көк-Арт ашуусу аркылуу өтүп, Жалал-Абад – Тогуз-Торо – Чамынды – Жумгал – Фрунзе болуп түндүк-түштүк жолу салына турган болгондо Улуу Ата Мекендик согуш чыгып кетип токтоп калган. Эми минтип азыркы мезгилдин талабына жооп берген тоннель менен автожол салына турган болуп жатканда биз сүйүнбөгөндө ким сүйүнөт эле.

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министри К.Султанов баш болгон Дүйнөлүк банктын эксперттери, «Кыргыз жол долбоорлоо» институтунун адистери жана министрликтин автоунаа жолун салууга байланышкан жетектөөчү кызматкерлери менен Ош-Бишкек жолуна альтернативдүү

болуп салына турган Жалал-Абад – Казарман – Балыкчы автоунаа жолунун курулушун тездетилген темпте баштоо максатында жолдун багыты боюнча Сузак районунун тараптан Көк-Арт ашуусунан өтүп, Казармандан Нарын дарыясын бойлой Көкө-Мерен суусун жээктеп, Аралга чейинки жолдун түшүшү тууралуу Сузак жана Тогуз-Торо районунун эли менен өз ара талкуулап, пикир алышып, 2-3-август күндөрү Казарманга чейин келип кетишти.

Президент А. Атамбаевдин бул жолдун курулушун быйылкы жылы баштайбыз деп жылдын башында айткан сөзү чындыкка айланып жатканы Сузак, Тогуз-Торо районунда жашаган элди аябай кубандырып жатат. Айрыкча Сузак районунун Көк-Арт округуна жакын жашаган айылдары өзгөчө кубанычта болушту. Трассада геодезиялык маршрутта иштеп жаткан адамдардан жолдун боюнда жашаган эл кызыгып «бул жерде эмне болот?» – деп сурагандарга, «ушул багыт боюнча автоунаа жолу салынып, ашуудан тоннель аркылуу өтөт, Казарман, андан ары Бишкек, тиягы Балыкчы, Ысык-Көлгө чейин каттап турасыңар» деп жолдо иштеген адистер айтышса таң калышып, ишенбей жатып ишеништи, дейт долбоорлоо институтунун директору Жампит Калилов.

«Ашууга жакын жашаган Көк-Кыя айылынын эли ушул убакытка чейин электр жарыгы жок, илгеркидей кара чырак менен жашап, тиричилигин өткөрүүдө. Жол салынып, биздин айылга электр жарыгы келип калса бейишке чыккандай болуп сүйүнөт элек»,– дешип кубанычтары толтура.

Урматтуу Алмазбек Шаршенович, ушул кат аркылуу Тогуз-Торо, Сузак райондорунун жалпы эли Сизге түштүк менен түндүктү бириктире турган, жайы-кышы

үзгүлтүксүз каттам болуп, кыргыз элинин кылымдар бою жашоо тиричилиги оңолуп, келечекте өлкөбүздүн социалдык-экономикалык багытка өнүгүүсү камсыз болооруна көзүбүз жетип, ишенип кубанычта болуп жатканыбызды билдиргибиз келди.

Урматтуу Алмазбек Шаршенович, дагы бир жолу Сизге чың ден соолук, узак өмүр каалап, кылымдан-кылымга кыргыз элинин жыргалчылыгы үчүн кызмат кыла турган чоң стратегиялык жолду курууда ишиңизге ийгилик каалайбыз.

Тогуз-Торо районунун элинин атынан: Б.ОРОКОВ, М.МОКЕЕВ, Т.САЛИМАНОВ, Б.ЭРАЛИЕВ, Д.МАМБЕТЖАНОВ, О.ЖУСУБАЛИЕВ, М.ЭПЕЕВ, А.КОДОЕВ, Ө.ТАГАЙБЕК уулу, О.ЧОПИЕВ, С.КӨЧӨРБАЕВ, Т.АКМАТОВ, К.КУРАНАЛИЕВ, Б.МУСАЕВ жана башкалар

*«Кыргыз Туусу», 16-август, 2013-жыл.*

## ТЕМИР ЖОЛУ АЛТЫН-ЧӨЙЧӨКТҮ АРАЛАП ӨТӨБҮ?

**Көптөн бери Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун курулушу жөнүндө маалымат каражаттары байма-бай чагылдырып келет. Ал эми биздин райондун эли бул кабарды сүймөнчүлүк менен кабыл алышып, өрөөнүбүз аркылуу темир жолдун өтүшүн зор үмүт менен карашууда. Бул иш боюнча өткөн июль айында кытайлык эксперттер тобу келип кетишсе, 1-2-августа Бүткүл дүйнөлүк банктын эксперттери келип 2 күн бою Үгүт-Казарман-Кара-Суу маршруттары боюнча темир жолдун курулушун долбоорлоо үчүн көрүп чыгышты. Мына ушул чет элдик эки эксперттерге райондун жаратылышы, географиялык абалы жөнүндө ийне-жибине чейин түшүндүрүп айтып жүргөн, темир жолдун Алтын-Чөйчөк өрөөнү аркылуу өтүшүнө ичкен ашын жерге коё, күйүп-бышкан районубуздун көрүнүктүү атуулу, Кыргыз элине эмгек сиңирген куруучу Бакы Ороковко кайрылып, районго келген чет элдик эксперттер жөнүндө маалымат берүүнү өтүндүк.**

– Өткөн жылдын аягында Президентибиз А.Атамбаев стратегиялык маанидеги эл аралык Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол жана жанаша алтернативалуу автожолун салуу керектиги күн тартибиндеги маселе

экенин айтып чыккандан баштап, жалпы эл менен катар мен да колдоп чыккамын. Бул үчүн мен түндүк-түштүктү байланыштыра турган темир жол жана автомобиль жолунун курулуш долбоору боюнча райондун жалпы элинин атынан Президент А.Атамбаевке кайрылып кат даярдадым. Ал катка КРнын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер -Д.Мамбетжанов, эмгек сиңирген врач С.Ибраимов жана башка эмгек ардагерлери кол коюп жөнөткөн элек.

**– Каттын максаты жана анын мазмууну жөнүндө кыскача айтып кетсеңиз?**

– 2001-жылдан бери Кытай эл республикасы менен Кыргызстан, Өзбекстан өлкөлөр арасында темир жол куруунун долбоорунун биринчи варианттарын карашкан. Алгачкы долбоордо Торугарттан-Арпага келип, андан Өзгөнгө түшүп, Кара-Суудагы темир жолго кошулмак. Бул долбоор элдин кызыкчылыгына жооп бербейт эле. Анткени ал жакта эл жашабайт. Экинчиден бул трасса өтө узак келип 48 тунел, 96 көпүрө салынып, суммасы 2 миллиард АКШ долларына жакын болмок. Бул эң чоң чыгым эле. Ал эми биздин сунуш Кара-Суу-Жалалабад-Казарман-Торугарт-Кытай багытында болучу. Бул бизге эле эмес бүткүл Кыргызстан үчүн керектүү долбоор болмок. Анткени келечекте курула турган Камбар-Ата, Кара-Булуң, Ала-Буга ГЭСтеринин курулушуна керек болгон жол байланышы чечилмек. Ошондой эле Жетим-Тоодогу темир, Сандыктагы алюминий, районубуздагы Миң-Теке көмүрү, «Тунук-Туз» кендеринин багы ачылмак. Андан да аймагыбыздагы жаратылышы кооз «Саймалуу-Таш» коругуна, Жылаңач -Бугу, Беш-Көл ж.б. жерлерде эл аралык туризм өнүгүп, Ысык-Көлдөгү курорттук зоонага барууга эң ыңгайлуу жол болмок.

**– Келечекке жакшы тилектүү сонун ой экен. Баке аке, Президентке жазылган каттын тагдыры жөнүндө сөз кылсаңыз?**

– Президентке жазылган катка удаа эле А.Атамбаевке, Ө.Бабановко, А.Жээнбековго кат жолдодук. Бул катта айрыкча 1965-66-жылдарда бүтпөй калган Үгүт-Казарман жолундагы 40 чакырым аралыктагы жол жөнүндө айтылып, эгер ал жол ачылып калса темир жол да, ага катарлаш автомобил жолун да курууга мүмкүн экенин, бул жол мурдагы долбоорго караганда эң кыска жол боло турганы, аз чыгым кетери айтылган. Аңгыча Президенттин өзүнө барган кат боюнча 24-январда чакыруу келип калды. Биз Д.Мамбетжанов, С.Ибраимов, мурдагы акимдин милдетин аткаруучу Б.Иманбердиев болуп Президент Атамбаевке кире турган кезде ал киши чет элдик делегацияны кабыл алып калып, бизди Президенттин аппарат жетекчиси Ж.Сатыбалдиев кабыл алды. А.Атамбаев колу бошобой жатканын, жаз алды менен өзү Тогуз-Торого барып темир жол жана автомобил жолунун курулушу боюнча долбоорду көрө турганын Ж.Сатыбалдиевден айтырып ийиптир. Ж.Сатыбалдиев биз көтөргөн маселеге тийиштүү Транспорт жана коммуникация министринин орун басары Ш.Абдылдаевди, министрликтин жол башкармалыгынын начальниги М. Алыпсатаров, Президенттик аппараттын кадрдык иши боюнча инспектору М.Сасыкуловду катыштырды. Анда Ж.Сатыбалдиев учурда аталган курулушту техникалык-экономикалык жактан негиздөө, айрыкча алгылыктуу варианттарды аныктоого байланыштуу иштерди жүргүзүү 2012-жылга пландалып жатканы жөнүндө айтып келип, ал эми темир жана автомобиль жолдорунун курулушунун долбоорулорунун бири катары биз сунуштаган вариантты

кароону КРнын транспорт жана коммуникация министрлигинине тапшырды.

Биз министрликтен жооп күтүп жаттык. Бирок февраль айынын акыркы күндөрүндө министрликтин жол башкармалыгынын начальниги М.Алыпсатаров биз сунуштаган долбоордон башка: Өзгөн-Жазы-Бычан-Арпа багытындагы долбоор сунушталып жатканын теледен угуп калдык. Андагы 6-7 тоо ашып, 10го жакын тунел тешип, как эткен карга, кук эткен кузгун жок, элди аралабаган, көптөгөн чыгымды талап кылган темир жолдун кимге кереги бар эле. Ушуга улай эле 22-марттагы «Кыргыз-Туусу» газетасына Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу инвестициялык долбоорду ишке ашыруу тобунун директору К.Мамаев Үгүт-Казарман жолуна каршы чыкса болобу. Ал Үгүттөгү бөгөт аска менен кызыл жана ак эки жарды шылтоо кылган оюу президенттин курула турган темир жолу да, автомобил жолу да айыл-кыштакты аралап өткөн, жайы-кышы үзгүлтүксүз каттам болгон сунушуна карама-каршы келген.

**– Бакы аке, Үгүт-Казарман темир жана автомобил жол курулушунун долбоорлору боюнча Премьер-Министр Ө.Бабанов Казармандагы жыйында эң жакшы сөз сүйлөптүр. Ал эми Министрликтеги Мамаев менен Алыпсатаровдун карама-каршы ой пикирлери жөнүндө эмне дейсиз?**

– Көп өтпөй эле Казарманга Премьер-Министр Ө.Бабанов менен К.Султанов келип калды. Ө.Бабанов Казарманды каптаган суу ташкынынан жапа чеккен үйлөрдү көрүп чыккан соң «Макмалалтын кен» комбинатына кетип бара тканда К.Султановко: – «Сизде сүйлөшө турган зарыл иштер бар эле» – деп ДЭУнун конторуна келдик. Анда Үгүт-Казарман-Жалал-Абад

темир жол багыты боюнча, Көк-Арт тоосун тешип тунел салуу жөнүндө кеңири сөз козгодук. Эл менен болгон жыйында мен Үгүт-Казарман жолунун ыңгайлуу экенин, Көк-Арт тоосуна тунел салуу жөнүндө айткан сөзүмдү эл кубаттап кол чабуулар менен кабыл алышты. Ал эми Премьер-Министр Ө.Бабанов да өз сөзүндө Үгүт-Казарман-Жалал-Абад багытындагы тоону тешип жайдыр-кыштыр үзгүлтүксүз жол каттамын камсыз кылабыз – деп катуу белгилеп айтты.

Чыны менен Совет доорунун учурунда 1940-жылдарда республиканын түндүк-түштүгүн бириктирген эң кыска жол катары Жалал-Абад-Казарман-Жумгал-Фрунзе жолун куруу боюнча жумуштар жүргүзүлүп жаткан кезде экинчи дүйнөлүк согуш чыгып кетип жолдун курулушу токтоп калган эле. Азыр да ошол учурда казылган жолдун нуктары ал кездеги өкмөттүн эл үчүн көрүлгөн камкордугун эске салат. Кудай буйруп учурдагы темир жол курулушунун долбоору ишке ашып калса тогузтороluктар гана эмес бүтүн Кыргыз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болмокчу.

Мына ушундан кийин Транспорт жана коммуникация министри К.Султановко бардым. Кабыл алуу бөлмөсүндө кезекте турган кишилер көп экен. Ошол жерден биздин долбоорду жактырбай койгон жол башкармалыгынын начальниги М.Алыпсатаровко жолугуп калдым. Мен ага Арпа-Жазы-Бычан-Өзгөн багыты боюнча долбоорду жактаганына наразы болгонумду билдирдим. Ал эми К.Султановко киргенде анын үстүндө К.Мамаев да бар экен. Мен анда Президент А.Атамбаевдин республиканын түндүк-түштүгүн бириктирген темир жана автомобиль жолдору айыл кыштакты аралаган, жайдыр-кыштар ыңгайлуу үзгүлтүксүз жол каттамы болушу жөнүндө айтканына Мамаевдин каршы экендигин жана Кытай чек арасынан бери нечен-

деген тоолорду тешүүгө жөндөмдүү кубаттуу техникалар Үгүт-Казарман жолундагы эки жарды сүздүргөнгө алы келбей калабы? – дегенде К.Султанов мындан ары Үгүт-Казарман багытындагы жол курулушунун долбоору боюнча терең изилдөө иштери жүрөөрүн айты.

**– Темир жолунун курулуш долбоору боюнча Акталалыктар да сиздин сунушту кубатташып Президентке, Жогорку Кеңешке, Өкмөткө кат жолдошкон экен?**

– Ооба, Президентке жолдогон кат басма сөзгө чыккан соң К. Жыргалбеков, Ө. Мамбеталиев сыяктуу Ак-Талаанын аттуу-баштууларына телефон чалып «темир жолдун курулушунун жаңы варианты боюнча долбоoруна оюңарды билдиргиле» дегем. «Жол элди, мамлекетти бириктириши керек» деген кайрылуу катты 22 кишинин колу менен Президентке, ЖКга, Өкмөткө жиберилгенин 4-майдагы «Кыргыз-Туусунан» окудум. Алар дагы Үгүт-Казарман-Жалал-Абад жол курушунун долбоорун кубатташкан экен. Ак-Талаалыктардын үн кошкон катын мага берип жатып К.Жыргалбеков төмөндөгү каалосун жазган эле:

**– «Бакы, Эл үчүн, Жер үчүн деп чуркап, канча белди аштың, элге кызмат кылып жүргөнүнө эл ыраазы болсун. Кудай буйруп ушул жолдун лентасын кырккaнга (кескенге) катыш. Узун өмүр, чын ден соолук каалап, сендей күйөрман К.Жыргалбеков 22-май 2012-жыл Бишкек»** – деп жазыптыр. Кудай буюрса темир жолдун лентасын кескенге катышканга не жетсин.

**– Сөзүңүзгө аралжы, Жакында эле Кытайдын темир жол куруу боюнча эксперттери, Бүткүл Дүйнөлүк Банктын эксперттер тобу районубузда болуп кайтышты. Алардын келген максаттары жөнүндө эмне айтаар элеңиз?**

– Министр К.Султанов менен жаздагы жолугушудан кийин жакшы байланышта болуп калдым. Анын сунушу боюнча темир жол куруу үчүн кытайлык эксперттери жана Бүткүл дүйнөлүк Банктын экспертери чакырылган. Ошол чакыруу боюнча 10-июлда Кытайлык атайын адистиктери бар эксперттик топ менен Кыргызстандын темир жол куруу агенттигинин директору К.Абдыкеримов жетектеген кыргыз адистери келишти. Алар менен кошо аким Т.Идирисов экөөбүз Торугарт-Үгүт-Казарман-Жалал-Абад-Кара-Суу трассасына терең байкоо жүргүзүп көрүп чыктык. Сары-Кыр тоосуна караганда Көк-Арт тоосунун кыртыштык составынын бекемдиги жана анын Жалал-Абад тарабынын рельефи жол курууга ыңгайлуу экенин өз көздөрү менен көрүп чыгышкан соң аларды биз Калмак-Кырчындан Жалалабадка узатып кайтык.

Ал эми 1-2-августа Бүткүл дүйнөлүк Банктын долбоорлук жумушчу тобунун жетекчиси **Кордула Растоги** жетектеген 5 эксперт мүчөлөрү, алар менен кошо Кыргыз транспорт жана коммуникация министрлигинен К.Мамаев жетектеген адистер вертолёт менен келишип, келечекте Алтын Чөйчөктү аралай турган темир жолунун Торугарт-Үгүт-Казарман-Жалал-Абад багыты боюнча трассаны кылдаттык менен байкоо жүргүзүп чыгышты. 2-күнү болсо автоунаа менен Сары-Кыр, Көк-Арт тоосуна барышып, андан соң Көк-Арт тоосунун белине чейин жөө чыгып келишти. Алар да келечекте Көк-Арт тоосунун тунели аркылуу темир жолдун салынышы ыңгайлуу экенине ынангандай болушту.

**– Бүткүл Дүйнөлүк банктын эксперттерин чакыруунун башкы себеби эмнеде эле?**

– Жогоруда айтылбадыбы, Кытай-Кыргыз-Өзбекстан темир жолу жөнүндө эл арасында айрым

түшүнбөстүктөр болуп жатканынан улам Дүйнөлүк банктын эксперттерин Министрлик тарабынан чакырылган. Кытай-Кыргыз-Өзбекстан темир жолун куруунун 1-долбоорундагы Торугарт-Өзгөн -Кара-Суу варианты боюнча, 2-Торугарт-Үгүт-Казарман-Кара-Суу долбooруна анализ жүргүзүү үчүн Дүйнөлүк Банктын эксперттеринин катышуусу зарыл эле. 1-долбоор жогоруда айтылгандай өтө узун аралыкта болуп, тунелдер, көп сандаган көпүрөлөр салынып, климаттык шарты оор, ар дайым көчкү көчүп, чай баскан, элди аралабаган трасса болмок. Ошондой эле жолду тейлөөчү кызматчыларга дагы тийиштүү шарт түзүүгө кыйынчылык туудурмак. Аларга мастерской, тамак-аш, үй-жай курууга көптөгөн чыгымдар кетмек.

Ал эми биз сунуштаган Торугарт-Үгүт-Казарман-Кара-Суу маршруту боюнча долбоор эң ыңгайлуу, кыска, жайдыр-кыштыр байланыш үзүлбөгөн жол каттамы болмокчу. Мына ушул маселелердин тууралыгын аныктоо иретинде Дүйнөлүк Банктын эксперттик тобун катыштырганы министрликтен туура иш жасаганы деп эсептейм.

**– Бакы аке, айрым атуулдар темир жолдун салынышына каршы ой-пикирин билдирип, «Кытай каптап кирет» деген сөздөр айтылып жатат, чынбы?**

– Алибетте, ар кандай көз караштa болгон атуулдар болбой койбойт. Айрым учурда маалымат каражаттары аркылуу «кытай басып кирет» дегендерди угуп калып жатабыз. Эгер Кытай-Кыргыз темир жолу салынса – «Кытайдын мыйзамсыз миграциясы каптап кирип, кендерибизди талап-тоношот, айрыкча кен-байлыкты темир жол курулушуна алмаштырат экен» деген кооптонууну айтышыптыр. Бирок Президентибиз А.Атамбаев кен-байлыктарды инвестициянын ор-

дуна берүү маселеси каралбай турганын билдирген. Демек бул тууралуу сөз кылбай койсок да болот.

Ал эми Кытай биздин кең байлыкка азырынча кызыга бербейт. Ал ушул темир жолду Кыргызстан аркылуу Борбордук Азияга, андан ары Жакынкы Чыгышка, Батышка, Европага жеткирүү менен экономиканын негизги көрсөткүчү боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыгууну максат кылып олтурат. Бекеринен алар Кыргызстан аркылуу өтүүчү темир жолду «Өмүр жолу» дешпесе керек. Ал эми Кыргызстандын учурда Ош-Бишкек жолунан башка магистралы жок. А, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу курулуп бүтсө Борбордук Азиянын жүрөгүнүн толтосунда турган Кыргызстан Евразиянын бир катар стратегиялык маанилүү региондору үчүн даңгыр жол болору, Европа-Азиянын транспорттук коридору катары Кыргызстанга уникалдуу шарт түзүлөрү талашсыз. Бул иш боюнча элге кеңири түшүндүрү керек.

**– Кытай-Кыргыз темир жолунун курулушу качан башталып, ал качан ишке ашарын билесизби?**

– 2 миллиард АКШ долларын чапчыган бул курулушту кытайлыктар башташмакчы.

Учурда биз сунуштаган долбоор быйыл Кытайлык жана Дүйнөлүк банктын эксперт тобу көрүп чыгышып, эми биз койгон шартыбызды эске алуу менен трассанын техника-экономикалык баасын аныктоо боюнча иш жүргүзүп жатышат. Анын жыйынтыгы ушул жылдын аягына чейин болот деген болжол бар. Эгер биз сунуштаган долбоор туура экени аныкталса ал Өкмөттө, Парламентте талкуланып колдоо тапса курулуш 2013-жылы башталып 3-4-жылдын аралыгында, эксперттердин болжолдуу айтуусу боюнча курулуп бүткөрүлмөкчү. Курулуштун жүрүшүндө республика-

нын аймагында 10 миңдеген жумушчу ишке тартылып, ал эми темир жол курулуп бүткөндө 2 миңге жакын адам эмгекке жайгашмакчы.

**– Нечен кылымдан бери алп тоолордун ортосунда камалып жаткан Алтын-Чөйчөк өрөөнүнө Кудай буйруп темир жол салынып калса сиздин эл-жер үчүн жүгүргөн мээнетиңиз кайтып К.Жыргалбеков айткандай жолдун лентасын кескенге катышсаңыз сиз үчүн да, эл үчүн да эң чоң кубаныч болоорунда шек жок.**

**Маек куруп бергениңизге чоң рахмат!**

**Маектешкен: Р. Бобукеев,**
Кыргызстан журналисттер кошунун мүчөсү.
8-август, 2012-жыл, Казарман.

## БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КЫРГЫЗДАРДЫН БИРИНЧИ КУРУЛТАЙЫ

Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти Аскар Акаевдин демилгеси менен биздин республиканын аймагынан сырткары башка чет өлкөлөрдүн жерин жердеп жашап аткан кыргыздардын биринчи Бүткүл дүйнөлүк Курултайы 1993-жылдын август айында Бишкекте өткөрүлгөн болуучу.

Курултайга коңшулаш боордош казак элинин Президенти Нурсултан Назарбаев, Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов, Тажикистандын Президенти Н.Набиев, Түркменистандын Президенти Сапармурат Ниязов, Түркиянын Президенти Сулейман Демирель, Азербайжандын Президенти Гейдар Алиев, Россиянын Президенти Николай Ельцин ж.б. Кытай, Европа, Азия өлкөлөрүнүн мамлекеттеринин атайын делегациялары катышкан. Курултайга чакырылган делегаттар жана өкүлдөрдүн атайын келиши кыргыздар үчүн атайын уюштурган алгачкы жолугушуу болучу. Манас музей ордосунда Таластан башталып, Бишкектеги атайын курулган Манас Ордосунда болушуп, филармониянын залында өтүүчү илимий конференцияга катышып, чет өлкөдөн келишкен өкүлдөр сөз сүйлөшүп, алар учурда болуп жаткан жашоосундагы кыйынчылыктар жөнүндөгү акыбалдарын ортого салып айтышты. Негизинен бизден сырткары жашаган кыргыздар-

дын айткандарына караганда аларды коргой турган, түбөлүктүү жашоолоруна кам көрүп жардам бере турган өз алдынча көз карандысыз кыргыз мамлекети бар экенине жетине албай сыймыктанышып, келечектеги жашоолоруна арка-бел болуп, артында колдоо көрсөтө турган, калыптанган калың журту бар түптүү өлкөсүнө ишенген ойлорун айтышып, кубанычтуу сезимдерин билдирип жатышты.

Кечиндеси келген коноктorго арналган Кыргыз Республикасынын искусство чеберлеринин атайын даярдалган программадагы концерти берилди. Кийинки күндөрү республиканын областтарынан улуттук жасалгасы каада-салттарына жараша көркөм тигилген боз үйлөрдөн, андагы даярдалган илгертен берки кыргыздын ар түрдүү тамак-аштарынан даам татышып, ыраазы болгон маанайда жүргөнү байкалып турду.

Ошондой эле Бишкектеги ипподромдо кыргыздын улуттук оюндарынын бардык түрү: эр эңиш, балбан күрөш, ат чабыш, кунан чабыш, жорго салдырмай, кыз куумай, улак тартыш ж.б. тамаша оюндары көрсөтүлгөн эле.

Сырттан келген конокторду улуттук жасалгаланган боз үйүбүздө анын ичиндеги пайдаланылган буюмдары, тамак-аштарынын бардык түрү менен даярдалып сый көрсөтүүгө республиканын ар бир районунан бирден боз үй тигилип кутүнүүгө комиссиянын тапшырмалары берилип, биздин райондон кудагый кызым Чолпондун кайын энеси Суусар кудагый боз үйүн бардык тийиштүү ички-тышкы жасалгасы, тамак-аш ж.б. буюмдары болуп, Бишкектин четиндеги эски аэропорттун аянтындагы Ысык-Көл мейманканасынын айланасындагы бактын арасына бардык областтан келген боз үйлөрдүн катарында тигилген болучу. Комис-

сиянын койгон шарттарында конокторго сый-урмат көрсөтүүнүн деңгээлдери боюнча кароо өткөрүлүп, жыйынтыгында биринчи орунду ээлеп, биздин боз үйгө жүк ташуучу ГАЗ-53 автомашинасы ыйгарылган. Курултайга Тогуз-Торо районунан келген делегаттар: аким Бакиев Курманбек, Социалисттик Эмгектин Баатыры Турдубаева Бурулбү, дарылоо борборунун башкы врачы Жакишев Аманкан, райкеңештин төрагасы Масиров Шакирет жана мен болуп катышканбыз.

## БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КЫРГЫЗДАРДЫН ЭКИНЧИ КУРУЛТАЙЫ

2003-жылдын августунда башталышы Ысык-Көлдөгү «Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясынын жанында көлдүн жээгинде жаңыдан атайын курулган жайда башталган. Курултайга өткөн 1993-жылдагы чакырылышына караганда чет жактан келген кыргыздардын өкүлчүлүгү менин байкашыма караганда азыраак болду окшойт. Себеби, салыштырмалуу сүйлөгөн адамдардын саны менен эсептегенде.

Курултайды жакшы каалоо-тилеги менен Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев ачты. Келечекте бизден сырткары чет өлкөлөрдө кыйналып жашап жаткан кыргыз боордош туугандарыбызга кандай жардам, кандай колдоо көрсөтүү багыттары боюнча кеңири программалык ой бөлүшкөн сөзү менен Чынгыз Айтматов узак сөз сүйлөдү. Чет өлкөдөн келишкен кыргыздардан көпчүлүгү жериндеги жашоо турмушунда кыйынчылыктар болуп жаткандыктары, ошондой эле биздин мамлекеттен кандай жардам, колдоо болушу тууралуу сунуш, ой-пикирлерин айтып сүйлөшүштү.

Экинчи күнү Президент А.Акаев, «Кыргыз деңиз» санаториясында Курултайдын катышуучуларына арналган атайын сыйлоо иретиндеги сый тамак берген кабыл алуусунда да дагы бир жолу жакшылык каалаган тилегин билдирген сөзүн сүйлөдү.

Үчүнчү күнү Курултайдын катышуучуларын Бишкек шаарындагы «Манас Ордо» комплексиндеги көргөзмөнү көрсөтүп, филармониядагы атайын уюштурулган илимий конференцияга катыштырып жана кечиндеси чоң улуттук программадагы концерт берилип, ошондой эле сырттан келген кыргыздарга жана чакырылган конокторго ар бир райондон келген өкүлчүлүктөр улуттук атайын жасалгаланган боз үйлөрдөн сый-урмат көрсөтүшүп, тамак берип коноктоп жатышты.

Курултайга Жалал-Абад облусунун делегаттарынын арасында мен, З.Жамашев, К.Төрөгелдиев, И.Кадыров ж.б. болуп онго жакын адам катышып, Курултайдын катышуучуларына атайын даярдалган эстелик белектерин алып айлыбызга кайткан болчубуз.

*Бишкек, август айы, 2003-жыл.*

## ЛОНДОНГО – НЕБЕРЕМ АЛЫМБЕККЕ БАРУУ

Атанын эң негизги милдети – балдарын дени сак, аман-эсен чоңойтуп, өз алдынча иштеп, эмгектенип жашоого, келечекте ал дагы өз балдарын тарбиялап өстүрүп, аталык милдетин аткарып уланып кете турган деңгээлге жеткирүү.

Бул чоң, орчундуу камкордукка аталык милдетти айкалыштырып, Азизбек өзүнүн кызматтык ишинде Америкага, Англияга, Араб өлкөлөрүнө жана Азиядагы мамлекеттерге барган өндүрүшкө байланышкан иш сапарында андагы эң белгилүү эл аралык адистерди даярдаган жогорку окуу жайларга кантип балдарды окутуп, тарбия алуусу боюнча сураштырып, изилдеп, кантип, кандайча ага өтүүнүн аракеттерин жасап жүрүп, ошондой көздөгөн максаты Англиядагы Лондон – Оксфорд-Брукс университети болуп калды. Лондондогу англиялык бизнесмендер менен болгон жолугушууларда сурамжылап, алардын берген кеңештери аркылуу Оксфорд университетинин бир жылдык даярдоо курсуна өтүп, андан кийин кирүү экзаменин тапшырып, өтө турган баага жеткен соң, окуу жайга кабыл алына турганы билинет. Ошентип, улуу кызы Аселди ушул жогорку окуу жайга өткөрүү үчүн даярдайт, ал үчүн биринчи талап англис тилин жакшы билүү керек эле. Бул жерден Аселдин англис тилин мектепте жакшы окуп үйрөнгөнүнүн жардамы менен универси-

теттин даярдоо курсуна өтүп окууга мүмкүнчүлүк алат дагы 2007-жылы университетке кабыл алынып, аны 2013-жылы «Права жана бизнес» адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, дипломун алып келип Бишкек шаарындагы банктардын биринде адистиги боюнча иштеп жатат.

Айсулуу дагы жогорудагыдай университеттин алдындагы даярдоо курсунан билим алып, 2006-жылы Оксфорд-Бруск окуу жайына өтүп, аны 2011-жылы «Финансы-кредит жана бизнес» адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, Бишкекке кайтып келип, шаардагы бизнес компанияда эмгектенип жатат.

Алымбек дагы даярдоо курсун бүтүп, университетке өтүп, 3-курсунда окуп жаткан мезгилинде, атайын, биринчиден, Алымбектин кандай окуп жатканынан кабар алып учурашканы, экинчиден Лондондогу жашаган элдин жашоо турмушу менен таанышуу жана ат күлүктөрүнүн эл аралык мелдештеги ат чабышына кызыгып, көрүп келүүнү абдан эңсеп жүргөм. Себеби Азиздин бир жолку баргандагы Лондондогу эл аралык ат чабыш скачкасына катышып көргөндөгү окуянын жүрүшүн айтып берип, мени аябай кызыктырып койгон эле. Ошол себептен Алымбектин окууда жүргөн учурунан пайдаланып, аны менен бирге менин скачканы (ат чабышты) көрүп келүүгө кызыкдар экенимден улам 2013-жылдын май айында Лондонго Алымбекке учурашканы барып келүүгө жиберген.

2013-жылдын 22-майында Алма-Атадан жергиликтүү убакыт боюнча эртең мененки саат 6да Боинг самолетунда учуп, 8 жарым саат убакыттан кийин Лондондогу Эл аралык Хитороу аэропортуна жергиликтүү убакыт боюнча түшкү саат 12.00дө келип түштүк. Ал жерден Алымбек тосуп алып, университет жайгашкан

шаардагы мейманканадан алып койгон номеринде жашай баштадым.

Биринчи күнү Алымбектин окуган университеттин окутуу корпустарын жана жашаган жатаканасы менен таанышып көрүп, студенттер үчүн аябагандай, биздин Бишкектеги Жогорку окуу жайлардын түзгөн шартына караганда эң жогорку деңгээлде экендигин көрүп таң калдым.

Майдын 23-26-күндөрү аралыгында Лондондогу өткөн кылымдагы Англиянын королдорунун хан сарайларын көрүп тааныштым. Бардык жасалгалары алтындан жасалган. Мамлекетти башкарып түзүүчүлөрүнүн эстеликтери үй-бүлөлөрү менен жогорку архитектуралык деңгээлде кооз тургузулган. Хан сарайда жашаган королдордун эс алуу бөлмөсү, кабыл алуу бөлмөсү, чет өлкөлүк меймандарды кабыл алып сыйлоо бөлмөсү, мамлекеттик кеңеш өтүүчү жайларынын, майрамдык иш-чараларды өткөрүүчү бөлмөлөрдөгү эмеректеринин көпчүлүк бөлүгү алтындан жасалгаланганы үчүн бүгүнкү күнгө чейин сакталып турганын көрдүм. Ал эми мамлекеттин өнүгүүсүнө кошкон салымдары үчүн ошол өткөн учурдагы согуштук генералдардын, адмиралдардын эстеликтери дагы абдан жогорку сапаттагы архитектуралык, алтын кошмосунан кооздолгон бюсттары менен тургузулган, бул алардын мекен үчүн жасаган эмгегин жогору баалагандык экени көрүнүп турат. Айрыкча Елизаветанын уктоочу бөлмөсүндөгү керебетинин чүмбөттөлүп жасалган жасалгасына чейин алтындан болуп аябагандай кооздолгону көргөн адамды таң калтырат. Хансарайдын ичиндеги кооздолуп алтындан жасалган эмерек жана башка буюмдары Англиянын ошол мезгилдеги дүйнөнүн үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, Индия, Пакистан, Австралия, Африка,

Канада өлкөлөрүнүн жана Цейлонго окшогон ж.б. майда аралдардагы элди көз каранды кылып, баш ийдирип, алардын байлыктарын алып байыгандын эсебинен жогорудагыдай хансарайлардын алтындан жасалгалоого жетишкенинен болуш керек деп ойлойсуң.

Дворец Бленжим – Черчиллдин урматына арналган Хансарайы эки этаждан турган өзүнчө чоң аянтты ээлеген корпустан турат экен. Анын ичинде Черчиллдин балалык кезинен тартып, каза болгон өмүрүнүн акырына чейинки мезгилди камтыган автобиографиялык көргөзмө материалдары менен чагылдырылган. Учурунда мамлекеттик иш-чаралардын бардыгы: парламент, мамлекеттик кеңеш, кабыл алуулардын бардыгы ушул хансарайда өтүп турган. Экинчи дүйнөлүк согуштагы Черчилль, Рузвельт, Сталин болуп дүйнөлүк масштабдагы маселелерди чечүүдөгү Черчиллдин ойногон ролу жөнүндөгү материалдар бар. Бул Хансарай – Дворец атайын Черчиллдин мамлекетти башкаруудагы зор эмгегин баалагандыгы үчүн берилгендиги көрүнүп турат.

Лондондогу азыркы парламенттин иштөө корпусун сыртынан көрдүк, аябай чоң аянтты ээлеп, шаардын борбордук бөлүгүнөн орун алган. Жанында кичирээк аянтчада Англиянын мамлекеттүүлүгүндө кошкон салымдары үчүн 4 адамдын эстелиги тулку бою менен тургузулган. Анын ичинде экөө – согуштук кийинген формада Англияга зор эмгек жасаганы бааланган адмирал, генерал экендиги көрүнүп турат. Үчүнчү тулку бою менен тургузулган эстелик Мондейл – түштүк Африканын боштондугу үчүн көп жыл күрөшүп, бир топ жыл түрмөдө отуруп чыккан мамлекеттик жетекчи катары аны дагы бүткүл денеси менен эстелигин койгон. Төртүнчү болуп Уинстон Черчиллдин эстелиги бүткүл

тулку бою боюнча агыш түстөгү граниттен, бийиктиги постаменттен жогорку эстеликтин өзүнүн бийиктиги 3 метрдей, бардык бийиктиги 6 метрге жакын. Шаардагы эң бийик, чоң көлөмдөгү Англиядагы тургузулган эстелик болуп эсептелинет экен. Себеби эстеликтин ушундай бийик массивдүү болуп коюлушу, демек, Черчиль Англияга эбегейсиз чоң эмгек жасагандыгы үчүн дешип баалашат деп түшүндүрдү ал жердеги аянтчадагы экскурсовод.

27-майга Ипподромдогу ат чабышка билет алынган, ага эртерээк барып таанышып, күлүктөрдүн чуркай турган трассасынын туурасы 10 метрге жакын, анча бийик эмес 20 смдей болгон көк чөп төшөгөндөй өскөн, эки жагы тосулган жол менен чуркайт экен. Ат чабыла турган жолдун узундук аралыктары ар кандай өлчөмдө, айлампа аркылуу аралык өлчөмү көрсөтүлүп, радио менен кулактандырылып айтып берип турат экен. Биз үч жолку ар кандай аралыкка чабылган күлүктөрдүн чуркап жарышып көрүп, анчалык деле таң калыштуу эмес экенин түшүндүм. Көбүнчө кыска 5,6,10 км аралыкка чабылганын көрдүм, биздикиндей 20-30 км ге узакка чаап, чабылганын көрсөм кызыктуу болмок беле, андай болгон жок. Биздин барган маалдагы ат чабыш кыска аралыктагы ат чабышка туш келиптирбиз. Мен өңсеген скачка күз айларында дүйнөнүн бардык жерлеринен келген күлүктөрдүн жарышы болот турбайбы, ага биз туш келбей, кыска, ылдам чуркоочу ат чабышты көрүптүрбүз. Бирок эл көп барат экен.

Ошентип, Алымбек мени Лондондо бир жума бою алып жүрүп, өткөн доордогу хансарайларга, парламенттин имарат- корпустарына, ж.б. шаардагы кооз жайларды көрсөтүп, тааныштырып бүткөн соң, неберемдин англис тилин жакшы өздөштүрүп билип алганы

мен барган жайлардагы экскурсоводддордун айтып бергенин кыргызча, орусча да которуп түшүндүргөнүнөн улам тарыхый маалыматтарды алып, Англиянын дүйнөдөгү катуу өнүгүп жетишкен эң бай өлкө болгонун түштүм.

Жалпы англичандардын сырткы көрүнүшү көпчүлүгү жөнөкөй кийинишип, жашаган үйлөрү асман тиреп мелжиген бийик көп кабаттуу квартиралардан турган үйлөр эмес, 4,6 этаждуу үйлөрдө жашаганын байкадым. Ал эми бийик – 20-30 кабаттагы заңгыраган бийик зоодой болгон турак жайлар, алар өзүнчө бөлөк аянтчада район болуп салынат окшойт. Мен көргөн жерлерде бөлөк-бөлөк болуп, өзүнчө аянтчада курулганын көрдүм.

Шаардагы тургундар күндүн ар убактарында баардык эле үй-бүлөлөр балдары менен чогуу кафе, ресторандарда тамактанышат экен. Аялдар колдоруна сумкага тамак-аш продуктыларын толтура салып көтөрүп келип, үйлөрүндө тамак даярдап иччүдөй көрүнбөйт. Байкашымда үйлөрүнөн чай, кофе окшогон жеңил тамактанышат окшойт. Жашаган үйлөрүндө тиричилик жактан тейлөө жогорку деңгээлде болсо керек. Элдин мүнөзү аристократ, өзүлөрүн дүйнөдөгү эң жогорку цивилизациядагы ак сөөк адам катары сезишет экен. Өз ара алар менен сүйлөшкөндө, Америка дүйнөдөгү аябай өнүккөн, алдыңкы эң бай өлкө деп айтсаң, Американец деген, алар ар кошкон эл, аларды биз улут катары эсептебейбиз дешип, өздөрүн жогору баалашат экен. Демек, менин баамымда, англичандардын жашоосу жогору, жетиштүү, кандайдыр проблемалары жок болгондой эркин жүрүшөт экен. Себеби иштеген, аткарган жумуштарына алган маяналары күнүмдүк жашоого жетиштүү экени сезилип турат. Анткени

алардын чогуу үй-бүлөлөрү менен көпчүлүгүндө коомдук жайлардан – дайыма ресторан, кафелерден тамактанып жүрүшкөнүнөн көрүнүп турат.

Саякат бир жуманын аралыгында аяктап, 28-май күнү Лондондун Хитороу аэропортунан Түркиянын Стамбул шаарына Боинг-700 учагы менен барып, андан – Бишкекке учуп, 29-май күнү эртең мененки саат 6.00 дө Бишкектин «Манас» аэропортуна келдик. Ошентип Лондонго баргандагы саякат соңуна чыкты.

Алымбек Оксфорд университетин 2014-жылы «Бизнес менеджмент» адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, Бишкек шаарындагы өнөр жай компаниялардын биринде эмгектенип жатат.

Азиздин Асел, Айсулуу, Алымбекти Оксфорд Брукс университетинен окутуп, билим алдырып, жогорку билимдүү, учурдун талабына ылайык адистикке ээ болушуп, өз алдынча жашоолоруна толук шарт түзүп, тарбия бергенин, балдары менен кошо мени дагы чет өлкөдөгү эс алуучу жай, Түркиядагы Бодрумда чогуу болгонумду жана Лондондо Оксфорд-Брукс университетинде окуп жаткан Алымбекке жибергендеги ат чабышты көрүп, Лондондогу Англиянын өнүгүүсүндөгү мамлекеттик ишмерлердин Хансарайларындагы эмгектерин чагылдырган автобиографиялык музейлерин көрүп, ошондой эле шаардагы жашаган элдин жалпы турмушу менен таанышып, алардын кулк-мүнөзүн, көз караштарын байкап, мен билген-көргөн Европадагы өнүккөн мамлекеттердин элдеринин жашоо турмуштарына салыштырып ой жүгүртүп, кандай айырмачылыктар бар экендигин өз көзүм менен көрүп билгеним айкын болду. Мына ушундай жогоруда айтылгандай балдарына аталык камкордук көрүп, аракет жасаганын жана менин дагы алардын арасында кошо болуп,

бардык жакшылыктарына катыштырып бирге алып жүргөн мамилесин жогору баалап, белгилеп ыраазы болгонумду билдирээр элем. Антпесем, окурман, мага калыстык кылып баа берип айтып койгон эмес деген дооматын коюшу мүмкүн. Андыктан бул чагылдырылып айтылган ойлор, болгон фактылар, аны мактангандык деп карооrо болбойт, бирок жасаган жакшы иштерди, эсте калаарлык мамилени айтып, туюнтуп коюш парз, аны ичте сактап билгизбей жүргөндөн эмне пайда.

*Бишкек, май айы, 2013-жыл.*

## ТҮРКИЯДА – БОДРУМДА ЭС АЛУУ

2009-жылдын август айында уулум Азизбек, Бу-кен экөөбүздү неберелерим Асель, Айсулуу, Алымбек менен бирге, кудам Асан, кудагыйым Жемиш болуп Түркиянын Кара деңизинин чыгыш жагындагы жарым аралындагы Бодрум Эл аралык эс алуу курортуна жиберди. Алма-Атадан самолет менен беш саат убакытта Бодрум аэропортуна түшүп, андан ары бир сааттан ашык убакытта деңиздин жээгине чукул жайгашкан 4 этаждан турган чакан салынган, жашоого бардык шарты бар курорттук эс алуу мейманкананын экинчи кабатынан баарыбыз эки-экиден ылайыкташып орун алдык.

Мезгил август айы, абдан ысык болуп турган чагы болчу. Мейманкананын короосунда тазаланган температурага ылайык бассейни бар. Деңиз биз жашаган жерден 30-40 метр аралыкта жакын болуп, ага дагы сууга түшүп эс аласың, бирок көлдүн толкунунан улам майда кум, топурак, балыр аралашкандай болуп, таза эместей сезилип, сууда жакшы сүзүп, эс ала албай ыңгайсыз болот экен. Себеби биздин Ысык-Көлдүн суусундай таптаза болбой, этиңе бирдемелер жабышкандай болуп жаман сезесиң. Ошол себептен мейманкананын короосунда көлдүн суусун тазалап атайын бассейн жасап койгон, ага күнү-түнү менен каалаган убакытта түшүп эс ала бересиң.

Тамактануу каалаган учурда, түрктөрдүн, европалыктардын элдерине ылайыкталган тамак-аштын бардык түрү даярдалат, өзүңө канча керек болсо, ошого жараша алып тамактана бересиң. Ал эми спирт ичимдиктерин норма менен алып ичип турууга болот экен. Тамактануунун баалары путевканын баасынын ичинде эсептелинген. Жатаканадагы шейшеп, аарчына турган сүлгүлөр күнүгө алмашылып турат. Ар бир адамга суткасына 2 литр өлчөмүндө минералдык суулар менен камсыз кылып, муздаткычка күнүгө алмаштырып турушат. Кыскасы, тейлөө ушунчалык жогорку деңгээлде, биздин Ысык-Көлдөгү санаторияларга салыштырганда аябагандай жакшы экен. Айрыкча, тамак-аш менен сапаттуу, каалаган өлчөмдө, каалаган убакытта тамактана бересиң, күнүгө шейшеп, сүлгүлөрдүн алмашылып турушу эле жетиштүү болуп турат.

Бодрум шаарынын айланасындагы жаратылыштын кооз жайларына, тарыхый эстеликтерине автобус, пароход менен экскурсиялык жүрүштөргө алып барып таныштырып турууну уюштурган. Кечкисин түрктөрдүн улуттук концерт ж.б. оюн кечелери шаардагы атайын имараттарында көрсөтүлүп турат экен.

Ал жерде Россиядан барган айрым эс алууда жүргөн бизге тааныш болуп калгандай Россиялык орустар менен жолугушуп сүйлөшүп калабыз. Алар дагы биздин Ысык-Көлдө болгондорун эстеп, суктанышып айтышып, бирок бул жерге караганда силерде жалпы тейлөө абдан начар (тамактануу, жатаканадагы тейлөө), болбосо көлдүн суусунун тазалыгы, абасынын салкын болуп адамга жагымдуу орточо температурада сакталып турушу эң маанилүү деп айтышат. Ал эми бул жер абдан ысык болуп, эс алуу силердегиге караганда начар болгонунун себеби ушунда, деп, кеп кылып калышат.

Кудалар болуп чогуу эс алып жүрүп, түрктөрдө биздин өлкөгө караганда туристтик тейлөө бир кыйла өйдө, жакшы жолго коюлганын көрдүк. Биз жайгашкан мейманканадан башка канчалаган эс ала турган туристтик жайларды көрдүк. Негизинен шаарда 70% жакын эл туристтерди тейлеп жашагандай сезилет. Демек, Түркияда туризмдин жакшы жолго коюлуп, мамлекеттин негизги бюджети эл аралык келип, кетип жаткан саякатчылардын эсебинен экени сезилип турат.

Кыскасын айтканда, Түркиядагы эс алуубуз жогорудагыдай жакшы тейлөөнүн аркасында 10 күндүн кандай өткөнүн байкабай калыптырбыз. Үй-бүлөлүк эс алуунун старостасы Аселя эле, ал «Камынгыла, эртең кетебиз» деп айтканда гана билип, кеткени калганыбызды туюнуп калдык.

Неберелерим Асель, Айсулуу, Алымбек, кудам Асан, кудагыйым Жемиш жана биз болуп чогуу Түркиядагы эс алуубуз эсте калгандай жакшы өтүп келгенибизге биз абдан ыраазы болуп, баарыбыз Бишкекке кайтып келгенде Азизбекке, Чолпонго рахматыбызды айтып, кубанычта болгонубузду билдирген элек.

*Бишкек, август айы, 2009-жыл.*

## Мазмуну

**Биринчи бөлүм**

**Жыйырма жыл артка кайрылып...**

Тогуз-Торонун орошон инсаны ........ 4

Мезгил талабы ........ 8

«Кумтөр оперейтинг» компаниясынын Тогуз-Торого тийгизген таасири ........ 10

Тогуз-Торого алтындан 2% каражат алуу ........ 19

Кумтөр кениндеги экологиялык зыяндын таасири жана Нарын аймагына компенсациялык төлөм ........ 25

Премьер-Министр Жантөрө Сатыбалдиевдин Тогуз-Торого иш сапары ........ 30

Алтын-Чөйчөктүн кутмандары ........ 35

Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолу ........ 37

Алпсатаров Мелисбек – КР Транспорт жана Коммуникация Министрлигинин жол башкармалыгынын башчысы ........ 45

Ө.Текебаевдин Тогуз-Тородо шайлоочулар менен жолугушуусу ........ 48

Премьер-министр Ө. Бабановдун Тогуз-Торго келиши ........ 51

Министр-Султанов-изилдөө чырлашуу ........ 52

Жол азабын Тогуз-Торолуктардай эч бир эл тарткан эмес ........ 63

Элибизге пайдасы тийчү жагын да карайлы ........ 67

Жол курууну эл талкууласа ........ 71

Кытай корпорациясы (СКВС) жана дүйнөлүк банктын эксперттери Кыргызстанда ........ 72

Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолу концессия жолу менен курулат ........ 82

Жол көйгөйүнөн чыккан шакабалар ........ 89

Карабай Жыргалбеков менен сүйлөшүү ........ 93

Ош-Фрунзе жолун салууда А.Сүйөркуловдун аракети жөнүндө Ж.Алыбаевдин айтканы ........ 95

Премьер-министр Апас Жумагулов: «Сары-Кыр бели 500 метрге төмөндөйт...» ........ 102

Биринчи бөлүктүн жыйынтыгы ........ 104

Экинчи бөлүм

## ТИРКЕМЕЛЕР

Тиркемелерге баш сөз ....................112
Тогуз-Торонун бюджетине эки пайыз которулууда ....................118
Президент А.Атамбаевдин түндүк-түштүк автомобиль жолунун ачылышына Тогуз-Торого келиши ....................151
Кыргыздын багын жол ачат....................162
Жайы-кышы үзгүлтүксүз каттам болот....................166
Темир жолу Алтын-Чөйчөктү аралап өтөбү?....................169
Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк биринчи Курултайы....................179
Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк экинчи Курултайы....................181
Лондонго – неберем Алымбекке баруу ....................183
Түркияда – Бодрумда эс алуу ....................191

*Көркөм-адабий басылма*

**ОРОКОВ БАКЫ**

**ЖҮРӨКТӨГҮ ОЙЛОР**

Бишкек, «Улуу Тоолор» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж.Кадыров*
Корректору *Э. Өскөналиев*
Мукабасын көркөмдөгөн *А.Үсөнов*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 19.10.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16.}$ Көлөмү 12,25 б.т.
Заказ № 310. Нускасы 500 даана.

---

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ю.Абдрахманов көчөсү,170А